М. Чокотегин

# Кыргыз боз үйү



Мырзабек ЧОКОТЕГИН

# КЫРГЫЗ БОЗ ҮЙҮ

Бишкек – 2019

УДК 391/395
ББК 63.5
Ч-75

*Биринчи басылышы 2013-жылы чыккан.*

**Чокотегин Мырзабек.**

Ч-75 **Кыргыз боз үйү.** 2-басылышы – Б.: Максат, 2019. – 128 б.

ISBN 978-9967-9173-2-3

Эмгек байыркы бабалардан мурас – боз үйдүн жаралышын, жасалышын, тигилишин жана пайдаланышын баяндайт. Тоо көчмөнүнүн жыйма боз үйүнүн этногенездик жана маданияттык негиздерин, ааламдагы боз үйлөр жана боз үй сымал турактар менен салыштырып, алардын этностук жана локалдык өзгөчөлүктөрүн ачыктайт.

Китеп окурмандардын кенири катмарына арналат.

**Ч 0505000000-19**

УДК 391/395
ББК 65.3

ISBN 978-9967- 9173-2-3

© Чокотегин М., 2019

*Чыгаан уста (жыгаччы),*
*устатым, атам Төкөбай уулу Чоконун*
*жаркын элесине арнаймын.*

## КИРИШҮҮ

Дүйнө элдерине «кыргыз эли» делгенде эле биринчи анын аска-зоолуу, бийик алп тоолору, ажайып кооз Ысык-Көлү, бирде ташкындап, бирде мелмилдеп аккан дарыя, суулары, токойлуу кокту-колоттору, тоо этектеринде, көл, өзөн-суу жээктеринде томогодой болуп топ-топ тигилген ак боз үйлөрүнүн көзгө тартылуусу менен Борбордук Азиянын кең аймагында көчмөн турмушту кечирген эң байыркылыгы, кайраттуулугу, жоокерчилиги, даанышмандыгы элестелет.

Мына ушундагы томогодой болуп тигилген боз үй – түпкү бабаларыбыздан, башкача айтканда б.з.ч. II миң жылдыктын башынан б.з. XX к.дын биринчи чейрегине чейин созулган көчмөн кезибиздеги бирден бир турак жайыбыз болуп келген. Ошондой эле ал, жашоо кийинки кезде туруктуу турак жайга өтүлсө да, анын маанилүүлүгү бүгүн да кемибегени ар бирибизге белгилүү.

Ушулардан улам, колубуздагы даназалуу турак жайыбыз – боз үйгө арналат. Албетте, ага:

-Тоо көчмөнү байыртадан эле тоолорду байырлап, анын табыяттынын, жаратылышынын сырдуу кубулуштарын байкагандыгы, билгендиги, алардын касиетин тиричилигинде жогорку билгичтикте пайдаланганы, анын

үзүрлөрүнүн биринен болгон сергек акылдан, чебер колдон жаралган, өз заманында жана азыр да эч нерсеге теңдешсиз, көнөөрбөс, жашоосуна ыңгайлуу келген мурас мүлкбз – боз үй негиз болду.

Демек, мындай баалуулуктардан тоо көчмөндөрүнүн табыяттын, жаратылыштын уюткулуу сырларына камтылган турак жайларынын, өзгөчө анын композициялык туу чокусуна эгедер – жыйма боз үйүнүн этнографиялык булагын ачуу, тaржымалын такташтыруу, тарыхый ордун белгилөө өңдүү изилдөөлөрдүн зарылдыгы жаралды. Жыйынтык – ушул эмгекти жазууга алып келди.

***Эмгектин жазылышында:*** дыйканчылык менен мал чарбачылыгынын тереңдеп өсүүсүнөн, алардын дыйканчылык менен кесиптенгендери дыйканчылыгына ыңгайлуу, суусу мол, талаа, түзөң жерлерди байырлап туруктуу, ал эми мал чарбачылыгы менен кесиптенүүчүлөр жайыттын ыңгайына карата малы менен кошо көчүп-кончу көчмөндүк жашоого өтүүлөрүнөн кеп болот. Ага карата шайкештелген туракты зарылдыгы белгиленет.

Эмгектин башында кыскача мүнөздөлгөн ушулардан соң, негизги темага өтүлүп, бирбеткей көчмөндүктөгү турак жайларга арналат. Алгачкы кеп, адаттагыдай эле алардын кыскачаланган тарыхчасынан башталат да, андан соңку баяндоолору илимдик изилдөөлөр менен коштолуп, төмөндөгүдөй ирettүүлүктө (топтомчолордо) жайгашылды.

*Тоо көчмөндөрүнүн турак жайларынын (алачыктардын: буума, сайма, жапма; боз үйлөрдүн: жолум үй, боз үй, өргөө) эволюциялык, тарыхый өнүгүүлөрүнө салынып такталган тизмеги келтирилди. Алардын ар бири өзөзүнчө мүнөздөлдү жана аларга графикалык ыкма менен жаратылган сүрөттөрү тартууланды.

*Боз үйдүн жасалышынын эң байыркы бабаларыбыздан калыптанылып, ал бүгүнкү бизге өзгөрүүсүз толук

жеткен ыкмалары төмөндөгүдөй 3 топко бөлүнүп жазылды: – боз үйдүн жасалышына керектелүүчү жердиктер (материалдар) жана алардын колдонууга алгачкы ирет даярдалышы; – боз үйдү жасоодо колдонулуучу жабдуулар жана аспаптар; – боз үйдүн жасалышындагы жумушчу операциялар, өзгөчө, жасоодогу эң негизги жумушчу операциясынан болгон матоонун, ийүүнүн ыкмалары иреттелип тизмектелди, топтомдорго бөлүндү.

Боз үйдүн жыгачынын жасалышына дарактардын жана тутуусуна, боо-чууларына, жасалгаларына, жабдууларына керектелүүчү жүндүн табыгый пайда болуу абалынан баштап, өсүп жетилүү мезгилдериндеги биологиялык мыйзам ченемдүүлүктөн кеп болот. Алардын кыйылып же кыркылып өлүү заттык түргө өтүүсүнө байланышкан физикалык, химиялык касиеттерине көңүл бурулуп, алардан көздөлгөн эмеректин толук жасалганга чейинки өндүрүштүк жолунун ар бир көз ирмеми баяндалып жазылды. Тагы, боз үй эмеректерин даярдоого ылганган жердиктер (чабакча жыгач, жүн ж.б.), керектелүүчү материалдар (жошо, тери ж.б.), колдонуучу эмгек куралдар (тарткы, үшкү ж.б) иш процесстери (матоо, кобулдоо ж.б.) өз-өз темачаларына ээрчитилип так жазылуусу менен баалуулугун арттырууга аракеттенилди. Алардын баяндалып жазылуусу бүгүнкү күндө да прогрессивдүүлүктө эсептелип, кеңири колдонулуп жүргөн бабалар ыкмасына таянылды. Ошентсе да, учурда айрымдардан ага каршы (жеңилине качырып, нукурасынан тайылып), өтө жөнөкөйлөнгөн технологияга (матабастан жатактатууга ж.б.) таянылып, ичке, түп-түз гана таякчалардан жасалышынан да бирин-экин сөз болду.

Бүгүнкү күнгө чейин боз үйдүн айрым даяр эмеректерин сыпаттоо, ошондой эле анын тигилиши, жасалгаланышы, пайдаланышы баяндалып жазылса да, жасалышын баяндаган эмгек жок. Андыктан бул эмгекте ага

көңүл бөлүү башкы маселеге коюлган.

Эмгектин андан ары уланышында:

*Жыйма боз үй качанкы жана кимдердики экендигине далилдер келтирилет.

*Талаа көчмөндөрүнүн басылмага илинген алардын дөңгөлөктүү арабага орнотулган байыркы боз үй сымал туракарынын даректери аталат, конструкцияларынан кыскача кеп болот.

*Кандай турактарга “боз үй” жана “боз үй сымал” терминин колдонууга аргументтелген ойлор айтылат.

*Боз үйдүн эмеректеринин ар бири кыскача мүнөздөлөт да, алардын топторго (тутумдарга) бөлүнүүсүнө сунуш айтылат.

*Боз үйдүн тигилишинде, жасалгаланышында жана пайдаланышында колдонулуучу эрежелер: каада-салттардан, үрп-адаттардан да маалымдалып, алар тигүүдөгү, пайдалануудагы, көчүп-конуудагы көрүнүштөрүнө карата топтомдолду.

*Алгачкы ирет боз үйдүн жасалышына, пайдаланышына байланыштуу, бирок убагында логикалык жактан иреттелбеген болсо да, турмуштук тажрыйбада эчак эле колдонулуп келген табыгий илимдердин көптөгөн мыйзамдары тизмектелет жана чечмеленет.

*Буга чейин аталып келген, улуттук архитектурабыздын башаты – айрым археологиялык казуулардан табылган там түрүндөгү журт калдыктары эмес, боз үй экендигине далилдер келтирилди.

*Боз үйдүн чыгармаларда, көркөм колдонмодо, көркөм өнөрдө ж.б.), ич арадагы, эл аралык байланыштардагы мамилелерде белгиленишинен чагылдырылды.

*Тоолуу аймактарда колдонулуучу жыйма, жүктөмө боз үйлөрдүн кийин талаа, түзөң жерлердеги коңшу тектеш элдердин айрымдарына таралышынын тарыхчаларына жана ага катар жасалышындагы, тигилишиндеги,

жасалгаланышындагы жана пайдаланышындагы бирдейликтери, айырмачылыктары, башкача айтканда этностук жана локалдык өзгөчөлүктөрү белгиленди. Алардан эселтеден берки карым-катнашка баам салуу максатында азыркы учурда да кеңири колдонуучу казак, монгол ж.б. жана мурунку майда уруулардан хазарлардын, жемшиддердин, карлуктардын ж.б. турак жайлары сыпатталды. Экспонаттыкка гана тагдырланып калган калмак, түркмөн, алтай ж.б-лардын боз үйлөрүнө; Афганистан, Иран, араб аймактарындагы көчмөн элдердин көчмө турактарына жалпылаштырылган сөз ташталды. Расмий басылмалардан алынган фото-сүрөттөрү тартууланды. Демек, аларды бир бирине тыкыр салыштыруу менен көптөгөн аспектилерде эселтеден берки жашоо-тиричиликти, байланыштарды баамдоо шартталды.

*Боз үйчүлүгүндө колдонулучу эмгек куралдарынын, иш процесстеринин, даярдалган эмеректеринин ар аймактар боюнча аталыштарындагы айрым айырмачылыктарга көңүл бөлүндү. Алардан казак, каракалпак, түркмен, калмак, алтай, монгол, хазар, карлук, жемшид тилдериндеги котормолору келтирилди.

Эмгектин максаты: Эмгек бабалар алдындагы парзыбыздын бирин аткарып, улуу мурасыбыз – боз үйдүн тарыхын билүү, өзгөчө жаралышын аңдоо, жасалышын баштан аяк ырааттуу баяндоо. Жасалышын баяндап жазууда учурдагы сейректелип да бара жаткан ата-бабалык ыкмаларын элестүү чагылдыруу. Эмгек, окуу жайларда теориялык курстарды жана семинарларды өткөрүүдө; окуу колдонмолорун, китептерин жазууда; илимий изилдөөчүлүктө; котормо ишинде; түшүндүрмө, терминологиялык, энциклопедиялык сөздүктөрдү түзүүдө (ага чейин киргендерине атандаштык, ал эми кирелектери кийинки чыгарылытарына толуктоо) жана аларды жалпысынан бөлөк тилдер менен салыштырууда кеңири кол-

донууга да жатат.

Эмгек, боз үйдү пайдалансак да, көпчүлүктө маани берилбей колдонуудан сейректелип жана жоюулуп да бара жаткан терминдерин архаизмдиктен сактап калуу максатында да мааниге ээ болмокчу. Андагы аталыштарды, кыймылдарды, түшүнүктөрдү, аткарылуучу милдеттерди ыраттуулукта кеңитип чечмелеп атоо, билүү жана тактоо киргизүүгө негиз кеңири түзүлмөкчү. Демек, алардан тилдик жатыкталуусу камсыздалып, сөздүн туруктуулугу сакталып, натыйжада айрым чөлкөмдөр боюнча түрдүүлөнүп айтылып (диалектенип) кетүүсүнө бөгөт болмокчу. Ошондой эле бир убактарда пайдаланган (түрк-монгол) жана учурда да пайдалануучу (кыргыз, казак, монгол) элдердин этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштарын изилдөөдө да чоң көмөгүн бермекчи. Дүйнөлүк маданият тарыхын топтомдоодо да зор мааниге ээ болмокчу.

Ошентип, китептеги баян мурасыбыздын өткөн да, бүгүнкү да турмушубузга тыкыс байланыштуулугунан, баалуулугунан адамзаттык кызыгуу барлыгынан жалпы окурмандарды, окуучуларды, студенттерди, изденүүчүлөрдү, өзгөчө республикабыздын “Ата Мекеним”, “Сүйүктүү өлкөм” деген ар бир инсанын жана бизге тилектеш, коомдук өнүгүүбүзгө көз салуучу, ой калчоочу, жүгүртүүчү дүйнө элдерин да кайдигер калтырбайт деген ойдомун.

***Автор***

## АЛГАЧКЫ ЖЫЙМА АЛАЧЫК ЖАНА АНЫН ӨНҮГҮҮЛӨРҮ

*(Тоо көчмөнүнүн турак жайынын (боз үйүнүн) пайда болушу)*

Адам коомунун өнүгүүсүндөгү анын тарыхый-маданий мезгилдеринин баштапкысынан болгон палеолит заманынын алгачкы бөлүгүнүн акыркысына туура келген мустьё маданияты делген археологиялык доор – б.з.ч. 100-40 миң жылдыкты камтыйт. Ал мезгилде аң-сезим өзүнүн эволюциялык жолун улап акырындап калыптанып, таштан болгон эмгек куралдары мурункусунан бир аздап да болсо жакшырат. Жашоо-тиричилигин өткөзүүгө башпаанектик – ыңгайлаштырып алган ар кандай ыктоо, коңул жана үңкүр өндөнгөн табыгый жайлардан ачыкка чыгылып, жарым-жартылайы колго курулмаланган калканычтарды пайдалануу башталат. Убакыт өтө алачыктарды, жарым жер кепелерди (дубалынын айрым тарабына айдөш, дөбөчө жерлерди колдонуу) тургузуу колго алынат. Демек, атайланып курулмаланып тургузула башталган эң алгачкы алачыктар жана жарым жер кепелер ушул мезгилге туура келет.

Ошентип, ошол мезгилдеги алачыкты – көчмө турак жайдын башаты деп белгилесек болот. Ал андан соң азыркы колдонулуп жүргөн боз үйгө чейин жеткен. (Албетте баары эле мал чарбачылыгы менен кесиптенген көчмөндүктө болбогону ырас. Демек, бир

бөлүгү отуруктaшып кол өнөрчүлүгү, дыйканчылыгы менен алектенишкен. Ага карата туруктуу турак жайлары болгон.)

Ошентип, боз үй адамзат жашоо-тиричилигинде бир нече миңдеген жылдар бою пайдаланып келинген да, ал бүгүнкү күндө кыска мөөнөткө ар кандай салтанаттарды (жыйын, юбилей ж.б.) өткөрө коюуда, зарыл шарттарда туруктуу турак жайларга жанаша тигип, мүмкүнчүлүктү кеңите коюуга (конок күтүүгө, маркумду узатууга ж.б.) сезондук иш-чараларды (чарба жумуштары, коммерциялык иштер, туризм, экспедиция ж.б.) жана жайлоолордо мал багууга байланышкан чарбачылык иштерде кеңири колдонулат.



1-сүрөт. Буума алачык

**Буума алачык** – алачыктардын эң алгачкысы болуп эсептелет. Ал бир нече узун, түз таякчалардын ылдыйкы учтары тегерекче тартыла жерге жайгаштырылып, экинчи жогорку учтары учкайыраак жеринен кайчылаштырып бириктирилип, жип менен буулуп, сыртынан жабууланган.

Буума алачык эң башы анча узун эмес үч таякчанын башын бириктирүүдөн башталып, анын саны мезгил өтө бир аздан көбөйтүлө, узундугу узарыла башталган. Ошентсе да бул турак жай тегиздикте жайгашылган тең капталдуу конус үлгүсүндө болуп, каптал бет негизине чукул жантайышынан ички аянтча тар жана чүмбөттөлө жабылуусунан үй ичине жарыктын түшүүсү болбойт. Ошондой эле атайылаган эшикче да жоктугунан кирип чыгууга оңтойсуз болгон. (1-сүрөт)

Алгачкы буума алачыктын – үч таякчадан курулушу Геродоттун эмгектеринде чагылган. Аны андан сонку окумуштуулардан да чагылтучулар арбын. Алардан атасак: турак жайлар боюнча ири адис, окумуштуу Н.Н.Харузин эмгегинде "Алачык акырындык менен кийинки жаралган жаңы турак жайлардын түйүлдүгү болуп эсептелет" деп көрсөткөн.

**Сайма алачык** – буума алачыктын жогорку бөлүгүнө алкакчаны колдонуу менен андан ары өнүгүүсүндөгү алачык. Анын алгачкысынын каптал жактары буума алачыктыкындай түз болот. Жогору жагы тегеректче сымал даярдалган бурчтуктарга же алкакчага байланат. Демек, алкакчаны колдонуудан ички пайдалуу аянтча кеңейет, үй ичине сырткы жарыктын кирүүсү камсыздалат. (2-сүрөт)



2-сүрөт. Алгачкы сайма алачык

Соңкусунда, ага эки чоң олуттуу өзгөрүү киргизилип, анын биринчисинде каптал таяктарынын тулкусу сырт бетине бир аз ийилмектелип, жаага типтеш үлгүгө келтирилет.

Анын ылдыйкы учтары жерге эркин жайгашылат же сайылат. Демек, таякчалардын ийилип бөйрөктөлүүсүнөн үйдүн көлөмү бир азга чоңоёт, кирип чыгуу да бир азга оңтойлонот.

Экинчисинде, жогорку жагындагы алкакча дыкатталып жасалып, ага айрым толуктоолор киргизилет. Тагы, бир кулачча эки ичкерек талды жаача кылып ийип, алардын учтары бир бирине кабатала кабышты-



3-сүрөт. Соңку сайма алачык

рылып көк менен тыкыс бекитилет. Анын тулкусу баштан аяк сызма же жоондугу сөөмөйдөй жип менен ачык оролот да, каптал таякчалардын экинчи учу оролгон жиптерге астынан (айрым учурларда үстүнөн да) аралатыла сайылат. Уукка типтеш таякчалары узартылат. Үстү адаттагыдай эле жабуулаат. Демек булардан таякчалардын жогорку учун алкакчага (түндүкчөгө) байлоо машакаты жоюулат да, аларды бийиктелгенине карабай жерден эле саюу камсыздалат. Мындан өзгөчө, биринчи кезекте таякчалары узартылуусунан аянт дагы кеңейет, кирип-чыгууга орун бөлүү мүмкүнчүлүгү дагы жакшырат. (3-сүрөт)

**Жапма алачык** – алачыктардын эң соңку түрүнөн болуп саналат. Ал негизинен алдындагы алачыктардан өлчөмүнүн туурасынан да, бийиктигинен да өсүшүнөн (жан таяктары узартылып, ал орто чениненбүктөмдөлүшүнөн жана алардын санынын да көбөйтүлүшүнөн) жабылануусу татаалданат. Бул жагдайда жабылуучу эмеректер алдын ала атайыланып бөлүк-бөлүктөнүп даярдалат (4-сүрөт).



4-сүрөт. Жапма алачык

Болжолдоолордо, алачыктардын жогорудагыдай буума, сайма, жапма аталып калышы, анын не-

гизги өзгөчөлүктөрүнө карай негизделген. Албетте, буума алачык – таякчаларынын жогору учтарынын буулушунан; сайма алачык – таягынын тулкусу иймектелбей да, иймектелип да жерге жайгашылышы же сайылышы жана жогорку учтары буулбай тегерек сымал бурчтуктарга, алкакка байланышы, кийинчерээк алкакты оролмолоп, ага аралатыла сайылышынан; жапма алачык – алдыңкыларынан өркүндөлүп олтуруп, көлөмүнүн өсүшүнөн жабуулануусунун бир нече бөлүктөрдөн куралып, татаалданышынан болсо керек дешке болот.

**Боз үй** – тоо көчмөндөрүнүн турак жайларынын андан ары өнүгүүсүндөгү турак жай болуп эсептелет. Мында үйдүн турпаты дубалы жана кумпасы (куполу) болуп эки бөлүктөнөт. Ага дубалдык милдетте айлана түрүндө кагылган же жайгашылган казыктардан же жайылып-жыйылып турма атайланган эмерек колдонулат. Аталган эмерек алгачкы учурларда тикесинен турган бир нече түз таякчаларды туурасынан иймекче келген таякчалар менен байлаптырып торчолонсо (5-сүрөт), кийинчерээк белинен бир аз жаача үлгүдө иймектелген бир кулачтан ашыгыраак карпы-тершиленген бир нече таякчаларды кайчылашкан жерлеринен байлоо менен торчолонуп даярдалат (6-сүрөт). Алардын эң жогорку баштарына башы түз же башы иймекче келген узунураак таякчаны улап байлап, анын экинчи учу адаттагыдай эле эң жогорку



5-сүрөт. Алгачкы боз үй



6-сүрөт. Алгачкы боз үйдүн соңкусу

бөлүгүндөгү алкактагы алдын ала атайлап даярдалган ачык оролмого аралатыла сайылып бекитилет.

Ошентип көптөгөн миң жылдар мурун эң жөнөкөй алачыктардан бир аз болсо да өркүндөтүлгөн алачыктарга өтүлүп отуруп боз үйгө жетилип, андан бүгүнкү күнгө чейин колдонуп келген жана мындан ары да чексиз убакытка колдоно берүүчү – кереге, уук, түндүк өңдүү терминдерге ээ эмеректер пайда болот. Демек, көчмөндөрдүн турак жайынын өнүгүүсүндө дубалдык милдеттеги курулманын үстүнө жапма алачыкты отургузуу менен азыркы боз үйдүн алгачкы түрүнүн пайда болуусу – алачыктардан боз үйлөргө өтүүнүн бурулуш мезгилинен болгон.

Биз жогоруда жашоого ыңгайлуулукту камсыздоо иретинде алачыктын эң жөнөкөй түрлөрүнөн улам андан бир аз болсо да татаалдашкан түрлөрүнө өтүп олтуруп, андан да өтүп кадимки боз үйдүн алгачкы түрүнө жетишкенибизди айтып өттүк. Андан соңку кадам ошол эле үйдүн ар бир эмеректеринин дагы тереңделе ыңгайланып жасалышынан, анын сапатын көтөрүүгө өтүлгөн. Тактап айтканда, анын андан аркы өнүгүүсүндө ички пайдалуу орунду кеңейтүү, кирипчыгууну ыңгайлоо, көчүп-конууда чечип жыюу (бүгүү), кайра тигүү, унаага жүктөө, түшүрүү жана ташуудагы ыңгайлуулуктарды жакшыртууну тереңдетүүгө байланышып, анын негизин түзүүчү жыгач эмеректеринен болгон кереге, уук, түндүк, эшиктин өзгөрүүсүнө кара-

та анын тутуулары (жабуулары), боо-чуулары, жасалгалары, жабдуулары өзүнөн-өзү өзгөрүүлүгө аргасыздалып турган.

Демек, боз үй тобундагы курулмалар (боз үй, өргөө) керегесинен, уугунан, түндүгүнөн, эшигинен өзгөрүлүп, тийиштүү тартипте аз да болсо бири биринен өзгөчөлөнгөн жаңы аталыштагы турак жайлардын жаралуусуна алып келген. Ал өзгөрүүлөр негизинен төмөндөгүлөрдөн турган:

– Керегелер боюнча: ал анын таякчаларынын жогорку бөлүгүн бир аз артка, калган тулкусун бир аз бөйрөкчө тарттыра ичин карай ийүү менен жасалышынан жайганда айлана тартып жайылышы жана дубалдык бөлүгү болуп тике туруусу камсыздалган. Кайчылашкан жерлерин көзөп, жип сымал тилинген чийки тери (көк) менен тыкат бириктирүү (көктөө), аны ар дайым байлаштыруу жана чечүү машакаттарын жок кылган.

– Ууктар боюнча: анын башынын ийилүүсүнөн пайда болгон жаачанын узундугун, тереңдигин шартка жараша ылайыкташтыруу менен бирге, тулку боюнун узундугун узартуудан үйдүн көркөмүн жакшыртуу, көлөмүн чоңойтуу камсыздалган.

– Түндүк боюнча: биринчиси, кичирегинен чоңурагына өтүүдөн, экинчиси алкакка тегерете көзчөлөрдүн жасалышы – ууктун жогорку учун алкактагы оролгон сызма же жипке аралата саюуга караганда оюлган оюкчага саюу алда канча ыңгайлуулукту камсыз кылат. Ага катар, алкактын ортолоруна чамгарактардын жасалышынан (бир бирине перпендикуляр түрүндө каршы-терши бөйрөктүү таякчалар) – боз үйдү тигүүдө, түндүктү ача баканга анын кайчылашкан жеринен илип, бийиктикке көтөрүүгө, керегинде кайра



7-сүрөт. Боз үй

жерге түшүрүүдө, ошондой эле анын сыртынан жабылган жабуунун томпок болуусунан жаан-чачындын шыр агып кетүүсү, ачып-жаап жылуулукту жана жарыкты тескөөдөгү шарттар түзүлгөн.

Ошентип, боз үй тоолуу жерде жашаган көчмөн эл бат тигип, бат чечип жүктөп жүрүп кетүүгө оңтойлоочу муктаждыктардан келип чыккан. Анын уук-керегелери ичке, жеңил жыгачтардан жасалып, кийиз менен жабууланган. Кийиз кышында суукту, жайында ысыкты өткөрүүгө тосколдугунун чоңдугу менен айырмаланат. (7-сүрөт)

Жогоруда аталган бардык өркүндөтүүлөрдөн аянтты чоңойтуу, бүгүү, тигүү гана жеңилдебестен табыйгаттын, жаратылыштын кубулуштарына да байымдуулугу камсыздалган.

Кыргыз-казак этнографиясы менен алектенүүчү Б.А.Куфтин боз үйдү жыйма турак жайлардын эң жогорку чеги катары баалап, аны “турак жайдын өнүгүүсүнүн жогорку үлгүсү болуп саналат” деп бекемдейт.

Боз үйлөрдүн ошондогу түзүмдөрү бүгүнкү күндөгүдөн олуттуу түрдө айырмаланбаган. Ошол эле эмеректерден жана ал эмеректер ошол эле аталыштарында болуп, бардык мезгилде бир гана милдетти аткарган. Ал эми декаративдик жасалгоолор ар дайым тынымсыз өнүктүрүлүп турган.

Боз үйдүн пайда болуусунда эң негизги эки шарт: дубалдык милдет аткаруучу эмерек (кереге) – айла-

на түргө келип жайылма-жыйылма, үстүнкү бөлүгү – кумпа үлгүсүндө болусу жана жабуусуна – кийизди пайдалануу болуп эсептелет. Мунун өзгөчө, биринчисиз жыйма боз үйдү элестетүү мүмкүн эмес.

Б.Х.Кармышева жайылма, жыйылма керегенин алгачкы пайда болуусуна турпаты жаа үлгүсүндө чукул ийилип, анын учтары жерге сайылган «карлук боз үйүн» атаса, турак жайлар боюнча ири окумуштуу С.И.Вайнштейн андайлар андан мурун эле хуннулардын турпаты чырпыктардан токулма алачыктарынын прототиби экендигин айткан жообу бар. Биерден тоо көчмөндөрүнүн турак жайына дубалдыкка жазылган, жыйылган эмеректин аба менен суудай зарылдыгын эсепке албагандыкты белгилеп койсок болот. Ал эми кийизге кайрылуубузда, анын изи б.з.ч. мезгилдерге таандык Түштүк Алтайдагы Пазырык дөңсөөлөрүндөгү археологиялык казуулардан табылган.

Дүйнөдө жыйма боз үйдүн кумпасынын көрүнүшү, эшигин коюу жана ички аянтты пайдалануу боюнча үч ири айырмачылыктар белгиленет. Биринчисинде, боз үйдүн сырткы үлгүсү айрым аймактар боюнча бирлеринде конус (калмак, монгол ж.б.), дагы бирлеринде жарым сфералык үлгүлөрдө (кыргыз, казак ж.б.) экендиги айтылат. Экинчисинде, боз үйдүн эшигинин коюлушу айрым элдерде жалаң чыгышка (Саян-Алтай элдеринде, Туванын батышында, Мургабда, Каракалпакта), а дагы бир элдерде жалаң түштүккө (Монголияда, өзбек-карлуктарда) каратып тигилери белгиленет. Үчүнчүсүндө, боз үйдүн ичиндеги аянтты пайдаланудагы айырма аталып, ал ар улуттар тургай бир эле улуттун ичинде бир нече түрлүү болорлугу айтылат. Мисалы, кыргыздарда эле, тагы Алай өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, Батыш Памирде эпчи жагы оң жагын-

да эмес, сол жагында, а эр жагы оң жагында орун алган.

Жогорудагылар боюнча жалпы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды билүү ошол үч белги боюнча эле чектелбестен, аны көптөгөн белгилер боюнча ар тараптуу изилдөө келечектин ишинен боло бермекчи.

**Жолум үй** – көчмөндөрдүн турак жайынын бир түрү. Ал аты айтып тургандай эле жол жүрүп бараткан-да эс алганга, түнөөгө, ошондой эле өтө чукул убакты-ларга, өзгөчө жоокерчиликте, соодагерчиликте, малды тез өзгөрмөлүү убактылуу шарттарда көздөөдө, алыска аңчылыкка, саятчылыкка чыккан убактарда пайдала-на коюучу турак жай. Анын турпаты: керегесиз эле са-налуу сандагы ууктарды түндүккө саюуудан, же чакан керегеге уланган ууктардын жогорку учтарын буудан, же чакан эки канат керегенин баштарын бир-бирине тирөөдөн турат. Үстү ыңгайга жараша жабууланат.

Жолум үй кийин кийинки алда-канча өркүндөтүлгөн жыйма үйлөр кеңири пайдаланып калган кезде деле жашоо деңгээлине карата кул-күңдөрдүн, кедей-кемба-галдардын негизги турак жайынан болгон.

Жолум үйдүн такталган конструкциясы болбо-гондуктан ар кандай конструкцияда жолуктурабыз. Жолум же жолум үй кыргыздарда керегесиз кичи-некей боз үй, үч канат керегеден, ага карата ууктан, түндүктөн да, түндүксүз да келген жеңил боз үй деп айтылса, батыш казактарда эки канат керегеге бир аз уук уланып, ал ууктардын жогорку бөлүгү көзөлөт да, ага боо өткөрүлүп аны менен ошол аймактын ички бе-тинен чарчыланып коюлган бурчтукка байланган дел-се, ал эми казак академиги А.Х.Маргулан үч кереге, анча узун эмес таяк (уук) жана чакан шаңырактан (түндүктөн) турарын белгилеген.

Жолум үйдүн жалпы турпаты бирдей эле же бир биринен бир аз гана башкачараак болсо да, бир милдетте болуп, ар элдерде ар кандай аталыштарда аталып келет. Мисалы: кыргыздардын кесек уруусунда *кепе*, адигене уруусунда *ак тигер*, дөөлөс уруусунда *тигерт-мек* деп аталат). Ал эми андайлар казактарда *аблай-ша* деп аталат. П.Е.Маковецкий анын пайда болушун жана аталышын XVIII кылымдагы айтылуу Аблай хандын ысымына байланыштырат.

Жогорудагыдай кошул-ташылдарга каратабы, айтор айрымдар жолум үйдү боз үйгө чейинки да, кийинки да турак жай катары санагандар да бар. Чындыгында ал биринчиден, нагыз боз үй пайда боло электе эле келечектеги боз үй эмеректеринин айрым бөлүктөрүнөн турушунан; экинчиден, ар нерсе жөнөкөйдөн татаалына, ошондой эле кичинесинен чоңуна өсүүгө таянылуусу мыйзам ченемдүүлүк болгондуктан, аны боз үйгө чейинки турак дешке болот.

Айрымдар аны пайдалануудагы боз үйлөрдүн эскиргенинин айрым бир эмеректеринен куралта койгонго карата боз үйдөн соңку турак жайга эсептешет. Демек, мындагы эки көрүнүш тең барлыгынан жолум үйдү боз үйгө чейинки да, боз үйдөн кийинки да турак десек да болот.

Жогорудагылардай бирдиктелбестиктерден бир эле конструкциядагы турактын ар кандай булактарда ар кандай аталышы жана топчолорго (алачыкка да, боз үйгө да) энчилениши чаташууларга алып келиши толук ыктымал. Демек, биз жана биз сыяктуу эле мындай турактарды колдонуучу көчмөн элдер өз-өз тарыхый өзгөчөлүктөрүнө карата тартиптелишти колго алуулары зарыл.

**Өргөө** – актыгы, коздугу жана чоңдугу менен өзгөчө айырмаланган боз үй. Ал *ак өргөө* деп да аталып, бүткүл мүмкүнчүлүктө кооздолуп, эң кичинеси 6, чоңу 12 канатка чейин жеткен. Бөлөк боз үйлөрдөн обочо же бийигирээк жерге тигилип, ага уруу башчылар, кол башчылар жайгашып, маанилүү сүйлөшүүлөр, чоң сыйлуу меймандарды күтүү, ар кандай шаан-шөкөттөр өткөрүлгөн. Башкача айтканда, хандын хан сарайы, резиденциясы, кол башчынын штабы катарында милдет аткарган. Өргөөдө чыгдан тартылбаган, адаттагыдай эле эр жагына эркектин, эпчи жагына аялдын кийим-кечектери, буюмдары жайгашылган. Бара-бара эскиргени катардагы үй катарында пайдаланууга өткөн. Өргөөнү колунда бар ылдыйраак баскычтагы мансаптуулар жаңы үйлөнгөн балдарына, кадырлуу коноктору үчүн да көтөргөн.

Бозүйдүн, өргөөнүн эң кийинки өркүндөштүрүүлөрү – көлөмдөрүн андан да чоңойтуу, комплекстүү максаттуулукту камсыздоо иретинде эки же андан да көп боз үйлөрдү жанаштырып кошуп тигүү менен биринен бирине, ошондой эле четки бир нече үйлөрдөн борбордук үйгө кирүүнү шарттоолордон турат. Мындай үйлөр эң байыркы тоо көчмөндөрүнүн архитектурасын чагылдырган илимий эмгектерде, Манас эпосу баш болгон кыргыз эпосторунда белгиленгендей хандык ордолорду түзүүдө колдонулуп келген.

## ЖЫЙМА БОЗ ҮЙ – ТОО КӨЧМӨНҮНҮН ТУРАК ЖАЙЛАРЫНЫН ЖОГОРКУ ҮЛГҮСҮ

***Боз үй кандай турак жай?*** Б.з.ч. 2-миң жылдыктан башынан баштап Борбордук Азиянын, Түштүк Сибирдин элдеринин бир бөлүгү кол өнөрчүлүк менен

дыйканчылыктан мал чарбачылыгына өтүшкөндөрү белгилүү. Алардын жашоо-тиричилиги кесиптерине карата көчмөндүккө негизделип, бир бөлүгүнүн көчүп-конуусу көз мелжиген түздүктөрдө, адырларда, майда бөксө тоочолордо, а дагы бир бөлүгүнүкү асман тиреген аскалуу, ак мөңгүлүү, тоо-таштуу аймактарга туура келген. Карт тарых муну көчүп-конуучу аймактарына карата *талаа көчмөндөрү* жана *тоо көчмөндөрү* деп бөлгөн. Ошондой эле мындай шарттагы жашоо-тиричиликте эң негизги зарылчылыктан болгон көчмө турагы да бир-биринен олуттуу айырмаланган. Тагыраак айтканда, түздүктөр, адырлар, майда бөксө тоолор боюнча көчүп-конуучуларда (хуннулар, дунху, сяньби ж.б.) аттарга, өгүздөргө, төөлөргө чегилүүчү дөңгөлөктүү арабанын үстүнө курулмаланган, ал эми бийик тоолуу аймактарда көчүп-конуучуларда (кыргыз уруулары) ар бир эмеректерине чейин ажыратылып унаага жүктөмө жана мерчемделген жерине жеткенде кайра курай салма турак жай күтүлгөн. Булар илимий эмгектерде *сүйрөтүлмө* жана *жүктөлмө* деп белгиленген.

Арабага орнотулуп сүйрөтүлүп жүрүүчү турак жайлардын каркастары: дубалдары – үч-төрт же андан да көп бурчтуу, айрым учурларда айлана түрүндө да болуп тикесинен орнотулган шыргыйлардан, тактайчалардан, же чыбыктардан токулган токулмадан; үстү (*кумпасы*) таякчалардан, жогору жагына алкакча колдонулуп, жалпысынан кесилген пирамида, же конус өңдүү үлгүдөгү курулма болгон. Ал эми жүктөлмө турак жайлардын дубалы: бир аз ийметелген, каршытерпиленген эки катар таякчалардан параллелограмм сыяктанып жыйюуга, жаюуга ылайыкташтырылып торчолонгон токулмадан (*керөгө*); үстү: башынан бир аз иймек, калган бөлүгү түз келген таякчалардан (*уук*);

жогору жагына алкакча (*түндүк*) колдонулуп, жалпысынан жарым сферага үлгүлөнтүлгөн курулма болгон. Ал турак жай – *боз үй* деп аталган.

Жогорудагы турактар көбүнчө кийиз менен жабууланган. Андыктан, ал замандагы турак жайларды чагылдырып жазуучу саякатчылар, тарыхчылар (кытай, перс, араб, грек ж.б.) көчмөндөрдүн ал турагын «кийиз менен жабылган үйлөрдө жашашкан» деп гана жазышып, анын каркастык конструкцияларына маани беришкен эмес. Мындай чагылуулар соңку кылымдарда гана өз-өз нугуна, башкача айтканда алачыктарга, чатырларга жана боз үйлөргө ажыратуу башталган. Демек, көп мезгилдерге чейин дубалы цилиндр, кумпасы пирамида, конус түрүндө болуп, сырткы үлгүсү боз үйгө типтештигинен жана анын кийиз менен жабылышынан алар "боз үй" деп жазылууга жол берилип келген.

***Боз үй сымал турак жайлар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар.*** Боз үй сымал турак жайлар жөнүндөгү алгачкы маалыматтарга коомубуздун байыркы мезгилдерине таандыктардан: археологиялык казуулардан табылган оюнчук түрүндөгү табылгаларга; көрүстөндөргө, аскаларга тартылган боз үй сымал турактардын сүрөтчөлөрүнө, ошондой эле айрым тарыхый жазма булактарга таянылат. Аларга Борбордук Азиянын чыгышындагы, Түштүк Сибирдеги чөлкөмдөр боюнча тарыхка "Бояр жазмасы", "Шишкин жазмасы" делген ат менен кирген петроглифтерди, Евразия талаа көчмөндөрү боюнча б.з.ч. 1- б.з. 2-кылымына туура келүүчү Керчтеги Анфестерия көрүстөнүнүн дубалындагы кесилген пирамидалардын биринин үстүнө бирин жайгаштырып, (ичинен тирөөчтөр менен тирелген деп да болжолдонгон) жалпысынан төрт бурчтукча болсо да,

боз үй сымалданган туректын сүрөтүн, археологиялык казуулардан табылган б.з.ч. 2-кылымда Керчтеги арабачанын үстүнө орнотулган оюнчук туракты, ар кыл авторлордун жазгандарына жана археологиялык казуулардан табылган буюм-тайымдарга түшүрүлгөн боз үй сымал сүрөтчөлөрдөн: дубалдары айлана тартылып кагылган казыктардан, тактайлардан (сагайлардын), жаа үлгүсүндө ийилген жана токулган чырпыктардан (айрымдары ылай менен шыбалган) ж.б.; төбөсү шыптардан конус, жарым сфера болуп тургузулган турактарды ж.б. атасак болот.

Жыйынтыкта, чаташкан тунгуйуктан жыйма касетке ээ эмес, болгону дубалы айлана, төбөсү жантык бет ар кыл турактарды "боз үй сымал" делген топко бөлүнүүсү максатка ылайык. Мындан көчмөндөрдүн турак жайы – боз үй өз тарыхый ордун таап, баасын таасын, так алмакчы. Ошондой эле ал бүгүнкү күндө бийик деңгээлге көтөрүлүүсүн баштаган тоо көчмөндөрүнүн маданиятын тереңден изилдөөгө баалуу көмөгүн бермекчи. Кезекти боз үйдүн кандай турак жай экендигин тастыктаган соң, негизги суроообузга, башкача айтканда анын качанкы жана кимдин турак жайлыгына буруп, ага илимий булактардан шилтеме келтирүүдөн баштасак.

***Боз үй качанкы турак жай?*** Окумуштуулар эмгектеринде: А.М.Хасанов «...боз үй байыртадан эле байыркы көчмөндөргө белгилүү болгон» десе, Н.М. Щепетильников «боз үйдүн пайда болушу кылымдардын тереңинде экендигинен аны аныктоо мүмкүн эмес» деп көрсөтүшөт. Казак акыны О.Сулейменов тил изилдөөлөрүнө арнаган китебинде шумер доорунда жазылып калган боз үй түрүндөгү белгини келтиргенин жазып, "көрүнүп тургандай, ал белги кадимки түндүк,

эшик-каалга, үзүк-туурдук, боолору бар боз үйдүн келбетин берет" делген саптарды келтирген.

Боз үйдүн калыптануусу албетте көпкө созулган. Окумуштуулардан анын алгачкы калыптануусунан бери олуттуу өзгөрүүсүз узактан бери келе жатышын белгилешкендери четтен. Булар тууралуу окумуштуу С.И.Вайнштейн өз эмгегинде аларды жалпылап « ... боз үйдүн турпаты эки жарым миң жылдан ашык мезгилден бери өзгөрүүсүз келе жатат» деп көрсөткөн. Мунун айныксыздыгын өзүбүздүн Манас эпосунан да көрүүгө болот. Байыркы заманда эле жыгачтары азыркы кереге, уук, түндүк, босого-таяктардан жана жабуулары туурдук, үзүк, түндүк, эшик жабуулардан турса, бүгүнкү күндө да ошол эле эмеректерден турарын туюу кыйынга деле турбайт. Бул мындан ары да кандай маданий-техникалык өнүгүү болсо да күнү бүгүнкүсүндөй болорлугунан кабар берет. Демек, устат бабаларыбыз ошондогу курулмалардын татаалдыгына карабастан аны көөнөрбөс кылып жаратканын белгилеп койсок болот (*Ал кездегилерден эмеректердин даярдалышында бир аз өзгөрүүлөр болгондур, ал эми декаративдик өркүндөтүүлөр бүгүнкү күндө да бар*).

Ошентип, боз үйдүн эң байыркылыгына жогорудагылардай жазма тарыхый булактр менен бирге археологиялык казуулардан аныкталган маалыматтардан, аскаларга тартылган сүрөттөрдөн көп эле далилдерди келтирсек болот. Андыктан анын эң байыркылыгына эч күмөн жоктугуна ар тараптуу да, так да илимий далилдердин жетиштүүлүгү баса белгиленмекчи.

***Боз үй кимдердин турак жайы?*** Боз үйдүн жаралышынан соң, экинчи суроobuзга – анын кимдердики экендигине өтүп, көз алдыга Борбордук Азия, Түштүк Сибирь аймагын байыртадан байырлап келген уруу-

лардын жашаган аймактарын тартуу менен баштасак. Сөзүбүздүн өзөгүнө ошондогу албан аймактуу да, айбатуу да ири урууларддан болгон хунну урууларын, андан соң кийин-кийин эле калыптанышса да, бүгүнкү күндө боз үйдү кеңири пайдалануучулардан болгон монголдорду тартсак эле жетиштүү болчудай.

Хуннулар б.з.ч. 1-миң жылдыкта, тагын айтканда VI-V кылымдарда байыркы кытайдын Хуанхе дарыясынын боюнда жайгашкан мамлекеттердин түндүк-батыш кошуналары болгон. Анын чыгышында азыркы монгол тилинде сүйлөгөн калктардын байыркы ата-тегинен болгон дунху уруулары, батышынан юечжилер (тохарлар), түндүк-батышынан кыргыз уруулары, түштүк-батышынан б.з.ч. III – б.з. V кылымдарына чейин өзгөчө тарыхый роль ойногон көчмөн элдердин бири – усундар жайгашкан. Мында кыргыз уруулары жердеген жерлерден бөлөгү дээрлик түздүктөрдө жана анча-мынча дөңсөлүү келген жерлерде болгон. Ал эми Борбордук Азиянын батыш тарабы, башкача айтканда азыркы Казак Республикасынын аймагы (Сары-Арка, Сары-Өзөк, Бетпак-Талаа ж.б.), Өзбек жана Түркмөн Республикаларынын аймагы (Туран ойдуңу, Кызыл Кум, Кара Кум ж.б.) талаа, жарым чөл, чөл ээлеп, айрым бир жерлери гана дөңсөлүү келген жерлерге туура келген. Мындай шартта жогоруда айтылгандай ажыратылып жүктөмө турак жайды күтүүгө караганда, жерге кыймылдагыс болуп орнотулган же арабачанын үстүнө бекитилип курулуп, сүйрөтүлүп жүрүүчү турак алда канча ыңгайлуу болгон. Ал эми аймагы дээрлик Гоби чөлүнө туура келген монголдор да ушул эле шартта экенин айтпасак деле белгилүү. Демек, биз мындан кайсы аймактардын жана андагы жашаган кимдердин сүйрөтмө турак жай күткөн – талаа көчмөнү, ошондой

эле жыйма турак жай күткөн – тоо көчмөнү экендигин аңдап, бул далилдерди табияттан тартууланган табыгый далил катары өзгөчөлөп баалаcак болот.

Далилдерибиздин уландысын тарыхый жазма булактарга берсек. С.И.Вайнштейн римдик белгилүү жазуучу, тарыхчы П.К.Тациттин жолун улоочу, антикалык коомдун эң акыркы ири тарыхчыларынан болгон, Түштүк-Чыгыш жана Борбордук Европадагы уруулар боюнча баалуу эмгектери менен өзгөчө айырмаланган римдик Аммиан Марцеллинден сакталып калган «... гунндар такай көчүп-конуп чүмкөмө үйлөрдө жашап, ал тургай алачыктарды да билишпейт» (тарых XXXI, 2,10) деген анын саптарына таянып, «Борбордук Азиядагы хуннулар, Европадагы гунндар боз үйдү билишкен эмес» деп көрсөтөт.

Монголияда Чынгыз хандын жоортулунан баштап, алардын тоолуу аймактарга кабылышынан жана армиясынын басымдуу бөлүгүн кыргыз уруулары баш болгон түрк урууларынан түзүлүүсүнөн, тагын айтканда XIII кылымдын биринчи чейрегинен тарта боз үй колдонула башталган. Бул тууралуу жогорудагы эле окумуштуу «Монголдор XIII к.дын 30-жылдарынан баштап жыйма боз үйдү биле башташкан» деп жазат. Ушундай жыйынтыкты белгилүү окумуштуу Л.Р.Кызласов да белгилейт.

Архитектуранын дүйнөлүк тарыхын баяндаган 12 томдукта «XIII к.дагы монголдордун турагын эки түргө: арабага орнотулуп сүйрөтүлмөгө жана жыйылма (бүгүлмө), тигилмеге бөлүүгө болот» деп жазылган.

Боз үйдү ушундай эле жол менен кийинчерээк болсо да, тагын айтканда карт тарыхта «Улуу Түрк Каганаты» делген б.з. V кылымындагы ашина уруусунун урпактарынан болгон түрк урууларынын айрымдарына

да таралган. Бирок алардын өз акыл эмгегинен жаралып, канына сиңилбегенинен тез эле пайдалануударынан айрымдары жокко эселикке чейин сейректетишкен же биротоло эле калтырышкан. Ошентип жогорудагы тарых маалыматтарынан улам, боз үй тоо аймагынын жашоочуларынын көчмөндүккө тагдырланышынан берки турак жайлыгын белгилесек болот.

Ушулардан соңку кезекте, жогорудагы бийик тоолуу аймактын чыныгы көчмөндөрү кимдер? – деген суроо туулушу турулуу дечи. Демек, буга тарых дарегине ишенимдүү таянып Борбордук Азиянын, Түштүк Сибирдин бийик тоолуу Энесай, Саян-Алтай, Ала-Тоо аймактарынын ааламда көчмөндүүлүк пайда боло электен да мурунку калкы болгон – кыргыз урууларын атоого болот. Алар көчмөндүктүн чыныгы үлгүсүн жон териси менен тартып, ушул аймактарда дыйканчылык менен кол өнөрчүлүктөн мал чарбачылыгы бөлүнө баштаган коло доорунан, башкача айтканда б.з.ч. 2-миң жылдыгынын башынан б.з. XX кылымынын 30-жылдарына жете жылдын бардык мезгилдериндеги жашоо-тиричилигинде такай колдонуп келген бирден бир турак жайы экендиги талашсыз. Бул монументалдык далилге бүгүнкү күндө да дүйнө элинен кыргыз жерин, элин боз үйдүн түп мекени катары карап, аларда мезгил-мезгилинде эл аралык симпозиумдардын өткөрүлүшү бекеринен эместигин кошумчалоого болот. Ошентсе да, дүйнөлүк алкактагы окумуштуулардан кыргыз аты менен белгиленген илимий маалыматтарга да орун берсек:

Белгилүү этнограф С.М.Абрамзон: "Тоолуу аймакта мал чарбачылыгы менен алектенген кыргыз көчмөндөрү бүгүп унаага жүктөп кеткенге, мерчемделген жерине жеткенде тиге салууга ыңгайлашкан турак жайды жаратышкан" деп эчак эле белгилеген.

Бул сыяктуу далилдерди уландысын байыркы коло доорунун археологиялык эстеликтерин казууда 60 жылдан ашуун эмгектенген, дүйнөлүк деңгээлдеги көптөгөн илимий эмгектерди жараткан россиялык академик Е.Е.Кузьминанын эмгектеринен да кездештирүүгө болот. Ал "Кыргыздын боз үйүнүн түбү биздин доорго чейин 4000 жыл мурункуга таандык" деп белгилейт.

Ошентип, жогорудагы келтирилген ар тараптуу көптөгөн илимий далилдерге таянып, боз үй бери жагы 4 миң жылга жакын өмүрү бар, бийик тоолуу аймактардагы байыркы көчмөн кыргыз урууларынын көөнөрбөс турак жайы дешке толук акылуубуз. Ошондой эле жыйма боз үйдүн тарых илиминдеги "түрк-монгол элдеринин" делген жалпыланган аталышынан жогорудагы аргументтелген тыянактардын негизинде "тоо көчмөндөрүнүн", анын ичинен "кыргыз уруула-рынын турак жайы" деп белгилениши абзел.

Боз үй алгачкы мезгилдерде калмак жана кыр-гыз делген эки гана түргө бөлүнгөн (ал убакта ка-зак, кыргыз бир эле кыргыз атта аталчу). Бул боз үйлөрдүн айырмалары: сырткы көрүнүшүндө калмак боз үйүнүн жогорку бөлүгү конус, ал эми кыргыз боз үйүнүкү шар үлгүсүндө болгон. Калган конструкция-лык түзүлүштөрүндө, эмеректеринин аталыштарында жакындыктар да арбын кездешкен. Мисалы, дубалдык милдеттеги торчолонгон эмерек кыргыздарда *кереге*, калмактарда *терме* деп аталган ж.б.

Жогорудагылар тууралуу Н.Н.Харузин фундаменталдык эмгегинде "дубалы тордолгон калмак үлгүсүндөгү боз үй монгол элдеринде, дубалы тордолгон кыргыз үлгүсүндөгү боз үй түрк элдеринде кеңири пайдаланылып, алар монгол жана түрк боз үйү» деп

аталып келген. Бул маселе “ала куштуу атынан атоодой” мурунку калмак жана кыргыз боз үйлөрү деген тарыхый аталышына кайтуусу абзел. Демек “боз үй” деген жалпы аталыштан – жыйма боз үйдү жана боз үй сымал (боз үйдүн айрым бир эмеректерине гана эгедер болушса да боз үй деп атап алышкан, маталбастан плотниктик ыкмада түз таякчалардан курулмаланган ж.б.) турактарды бөлүп кароо мезгилдин иши.

Бул көрүнүшкө түркологдордун эмгегинен да тартсак: “Б.з. V кылымда ташка чегилген «Орхон-Енисей» жазмаларына карата көптөгөн изилдөөлөрдөн кийин түркологдор В.Томсен, В.Радлов ж.б. 1893-жылы эле ачылыш жасап, окуп тактап берсе да, бүгүнкү күнгө чейин XVIII кылымда щвед офицери Ф.И.Страленберг айтып кеткен «рун жазуусу» деген терминди (скандинавия элдеринин тилинде «рун» белгисиз, табышмактуу деген маанидеги сөз) колдонуп жүргөнүбүз туура болбойт. Ошондуктан мындан ары «кыргыз-түрк жазуусу» деп жаңы тарыхый аталышта атап, аны практикада жана илимде колдоно баштаганыбыз туура болот» дешкен жыйынтык пикири өтө төп келет.

Демек, Орхон-Енисей жазмаларынан кыргыз жазмаларына өтүү сыяктуу бул тагдыр боз үйгө да тийиштелмекчи. Мындан мурас да ар кимдерге чачкындалбай, өз ээсинин энчисине таандык болмокчу.

***Түрк көчмөндөрүнүн турак жайына элчилердин, саякатчылардын эскермелери.*** Боз үй бүгүнкү күндө да дүйнөлүк коомчулукта барк-баасында. Ал туралуу эскерүүлөр арбын. Алардын айрымдарын тартууласак:

– Н.М.Пржевальский: “Боз үй алмаштырылгыс турак жай. Аны бат ажыратып, кайра бөлөк жерге тургузуп коюуга болот. Анда сырттагы ысыктан, суук-

тан, шамалдан, нөшөрлөгөн жаан-чачындан жетиштүү коргонууга болот" деп бир эсе таңдануу, бир эсе сыймыктануу менен жазат (XIX к.дын ортосу). Мындай пикирлерди, анын замандаштары П.П.Семенов-Тянь-Шанский, Ч.Валиханов ж.б. да жазышкан. Муну андан да арылата алганда Борбордук Азиянын орто кылымдагы талаа көчмөндөрүнө тушугуп, алардын арабага орнотулган боз үйдүн түрүнө тетеленген турак жайлары эскермелеринде:

– Бухаралык окумуштуу Фаз-даллах ибн Рузбихан: "Мен дөңгөлөктүн үстүнө коюлган, ичи кенен жана баш айландырган ар кандай коолдуктарга толтурулган, терезелери кийиз көшөгөчө менен жабылма эбегейсиз чоң чатырларды көрдүм. Мага алар аба мейкиндигинде калкып бара жаткандай сезилди" (XVI к.дын башында);

– XIII кылымдын ортолорунда Франциянын королу Людовик IX тарабынан Европадан Азия жергесине атайын жиберилген дипломатиялык миссиянын жетекчиси, фламанд саякатчысы, кечил Виллем Рубрук: "Алар дөңгөлөктүү сүйрөтүлмөнүн үстүнө дубалы чырпыктардан токулган, жогору жагында моюнча түрүндө тешик чыгарылган үйлөрдө укташкан", ошондой эле турак жайды отургузууга өгүздөргө чегилген араба жөнүндө "арабанын (сүйрөтүлмөнүн) эни менен он бир өгүз катар-катар тизилгенин, алардын алдына дагы ошончолук өгүз чегилгенин, арабанын кире беришине өгүздөрдү тескөөчү арабакеч олтургузулганын, алардын артынан бирдей кадам менен кийинки араба келе жатканын" (1911, с.69);

– Борбордук Азияга XIII кылымдын экинчи жарымында саякаттаган италиялык саякатчы, жазуучу Марко Поло: "Алардын кара кийиз менен жабылган

турагына эртеден кечке жааган жаан да өткөн жок". (1873, с. 80);

– Ибин-Фадлан: Эмба дарыясынан өтүп жатканымда: "Мен эртеден кечке түрктөрдүн кийиз менен жабылган боз үйүндө болгомун" (X к.) деп, аны тарыхый окуя катары эскерген.

Бирок, жогорудагыдай эскерүүлөрдүн ушунчалык арбындыгына карабастан, алардын биреөсүндө да конструкциялык түзүлүштөргө эч бир баян берилген эмес.

## БОЗ ҮЙ – КЫРГЫЗ АРХИТЕКТУРАСЫНЫН БАШАТЫ

Дүйнөлүк архитектуранын көч башында б.з.ч. 4-миңинчи жылдыкта Египет мамлекетинде б.з.ч. XXVIII кылымда маркумдарга сыйынуу максатында Саккардагы тепкичтүү үлгүдө курулган Жосер пирамидасы, андан бир аз кийинчерээк ошол эле кылымда Гизедеги классикалык үлгүдө курулган Хеопс, Хефрен, Микерин пирамидалары жана ага удаалай курулган кийинки храмдар турат. Египеттен соңку орундар Греция, Италия өлкөлөрүнө тийиштүү болгон. Греция өз архитектурасын архаикалык, классикалык жана эллиндик деген мезгилдерге бөлүп, анын башы б.з.ч. VIII–VII кылымдарда башталып, туташ системада курулган храм, театрлардан башталат. Италиядагы архитектуралык курулмаларга VI–V кылымдарда Римде курулган храм, дворец, чиркөө, собор, монументтер, амфитеатр, триумфалык аркалар эсептелет.

Албетте, жогорку жагдайлардан жер жүзүнүн ар бир аймактарында жана анын элдеринде мезгилдери да, түрлөрү да бир бирине төп келбеген өз-өз архитекту-

ралык курулмалары болгондугун көрүүгө болот. Ушул тыянактан кыргыз элинин эң алгачкы архитектурасы кайсы мезгилге жана кандай курулмалардан турары ойго келбей койбойт. Аны кыргыздын байыркы тарыхынан издөөгө туура келет.

Ырас, жакынкы жылдарда, кытай тарыхчысы Сыма Цяндын «Шиц-зы» деген тарыхый эмгегинде б.з.ч. 201-жылы гунндар өз чөйрөсүндөгү бир топ мамлекеттерди, анын ичинде кыргызды чапкандыгы белгиленгенге карата, биз мамлекеттүүлүгүбүздүн 2200-жылдыгын белгиледик. Демек, б.з.ч. 201-жылы мамлекетибиз тарых тайпасында аты так аталган фигуранттардын бири болсо, ага чейин эле мамлекеттүүлүгү бар экен да. Мындан мамлекеттүүлүк болгонго чейин да, башкача айтканда мамлекетсиздик мезгилде да эл болгону турулуу иш дечи. Андыктан түпкү пайда болуубуз бир кылымбы, он кылымбы андан да аралыгы (б.з.ч. 201-жылдан) айдан ачык да. Бизге азырынча илимий даректерден белгилүүсү: кыргыз мезгилдин б.з.ч. III-I кылымдарында түндүк-батыш Монголиянын Кыргыз-Нор көлүнүн аймагында жашаган, б.з. алгачкы кылымында гунндардын кысымынан түндүккө – Энесайга журт которуп, андагы динлиндердин бир бөлүгүн сүрүп, бир бөлүгүн өзүнө сиңирет. Бул жазмыштын натыйжасында энесайлык кыргыз эли калыптанып, тарыхта «энесай кыргыздары» деп белгиленет. Бул элден азыркы бир катар элдердин калыптанышына өзөккү этнос катары роль ойногон. Манжуриялык фу-йу кыргыздары, лоптуктар, тувалыктар, хоорай же хакас ж. б. калыптанган.

Карт тарых даректерине таянсак, эң байыркы бабаларыбыздын негизги бөлүгү (коло доорунда) көчмөндүктө болуп, жылдын бардык мезгилдеринде көчүп-конуп

жүргөндүгү айтылат. Бул белгилөө б.з.ч. 2-миң жылдыкта эле боз үй кеңири колдонулганынан кабар берет. Мунун аныктыгын ушул эмгегибиздин баш жагында да далилдүү маалыматтарга таянып көрсөтүшкөн академиктердин эмгектеринен да эске салсак болот.

Ошентип жогорудагы даректерден боз үйдүн эң алгачкы жаралышы б.з.ч. 2 миң жылга жакын жана б.з. дагы 2 миң жылдык өмүрү болуп, жалпы узактыгы 4 миң жылга жете барарын көрдүк. Бирок ошондой болсо да, бүгүнкү күндө архитектурабыздын башаты – б.з.ч. 1-миң жылдыктын башына таандык Чаткал өрөөнүндөгү Чаткал суусуна куюучу Чандалаш суусунун оң жээгинен 1,5 *км* аралыктагы Чандалаш дөбөсүндө, ошондой эле б.з.ч. V–I кылымдарга таандык Өзгөн шаарына жакын Шоро-Башат, Кара-Дарыя жана аларга аймакташ айрым жерлерден да табылган журт калдыктары эсептелип жүрөт.

Мына ушундай бурмалоонун, басынтуунун таасиринде эң байыркы бабаларыбыздан берки турак жайыбыз – боз үй архитектурабыздын башаты экендигине маани берилбей келген. Жогоруда кепке алган Египет, Италия, Греция мамлекеттеринин тарыхый даңазага алган пирамида, храм өңдүү курулмаларына чейин да жөнөкөйлөнгөн архитектуралык курулмалары болгону эске алынган эмес.

Кыргыз жергесинде узак убакыт эмгектенген архитектор В.Е.Нусов «Байыркы мезгилден азыркыга чейинки кыргыз архитектурасы» (Ф.,1990), өмүр бою кыргыз этнографиясы менен алектенген илимпоз М.С.Абрамзон эмгектерин жыйынтыктап «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары» (Л.,1971) деген китептерин жазышкан. Бирок, бул эмгектерде да жогорудагы масele-

лер козголбогон. Ал эми кыргыз этнографтарынан да ал маселеге кайрылуу болгон эмес. Эгер алардан ага кайрылуу болсо, эскичиликти жактаган, улутчул деп күнөөлөнүшү толук мүмкүн эле. Ансыз деле жогорудагы окумуштуулардан М.С. Абрамзон бөлөк улуттан болсо да ар кандай сындарга дуушарланган.

Ошентип, кыргыз архитектурасынын башаты – буга чейин аталып келген, кийинки кездерде эле айрым археологиялык казуулардан табылган кепелердин дубалдарына таянылган курулма эмес, андан да байыркы жана миң эселеген татаал эмгекти да, акылды да талап кылган, Андрон мезгилиндеги турактар менен бир катар бир бирине таасирленишкен татаал архитектуралык курулма – боз үй экендиги белгиленет.

*Желими жок, мыгы жок, чебер уста жасаган.*
*Ал кандай жай – төрт мезгил, ата-бабаң жашаган*

(Боз үй, Б.Асаналиев)

## БОЗ ҮЙДҮН ЖАСАЛЫШЫНЫН САЛТТУУ ЫКМАЛАРЫ

Боз үйдүн жасалышы кол өнөрчүлүктүн көптөгөн түрлөрүнө таянылган. Андыктан аны баяндап жазууда алдын ала бир өңчөйлөнгөн топторго бөлүүбүз мааниге ээ болмокчу. Алардын төмөндөгүдөй үч топко бөлүнүүсү ирееттүүлүктү да, түшүнүктүүлүктү да камсыздамакчы.

а) Боз үйдүн жасалышына керектелүүчү материалдар.

б) Боз үйдү жасоодо колдонулуучу жабдуулар жана аспаптар.

в) Боз үйдүн жасалышындагы жумушчу операциялар.

**а) Боз үйдүн жасалышына керектелүүчү материалдар**

**Жыгач** – боз үй жасоочулукта анын негизги турпатын, тагын айтканда керегеси, уугу, чамгарагы, түндүгү жасалчу негизги жердик. Алардан тал, кайың колдонулат. Алар табигый токой тилкелеринен кыркылып даярдалган. Кийинки убактарда буга кошумча атайылап колго тал өстүрүү колго алынган. Бул эки дарак тең тез өсүп, иштетүүгө жеңил, бышык да келет. Тал кайыңга караганда тезирээк өсөт, кеңири да тараган, кабыгы оңой аачылат, жонууга, көзөөгө жумшак, салмагы жеңилирээк келип, бир гана бышыктыгынан бир азга артта калат. Кайың жыгачы жаан-чачынга көбүрөөк кабылса, бурала ийрилип кетүү коркунучуна жакын.

Талдар өз ичинде өскөн жеринин шартынан, суу менен камсыздалышынан айырмаланышат. Дың, катуу, ал тургай таштак жерде өскөн талга караганда, ошол эле талдын түрү жумшак, семиз, сазча жерде өскөнүкү өзөктүү келет да, бышыктыгы анча болбойт. Албетте мындай тал менен иштөөдө кыйынчылык көбүрөөк болот.

Боз үйгө тал, кайыңдан бөлөк жыгачтардын чабакчаларынан деле пайдаланса болот. Бирок, алардын бирине өтө жай өсүүсүнөн жана аздыгынан ысырапкорчулук болсо, бири өтө оор болот, дагы бири өтө катуу, дагы бири морт, дагы бири тултук баш, бутактуу дегендей өз-өз кемчиликтери бар. Мисалы: жергиликтүү жаш карагай балатысынан да даярдаса болот, бирок бул

абдан чоң ысырапкорчулукка алып келери белгилүү. Ал балатынын боз үй жыгачына жарактуулукка чейин кеминде 15-20 жылдай өсүү убактысы керек жана андан тышкары ал бөлөк жыгачтардан артыкчылык деле касиетке ээ эмес. Тескерисинче ал, жаңы, жаш, ным кезинде жонууга, матоого ийкемдүү болгону менен кургап, каткандан кийин жонуу, көзөө иштерине абдан катуу келет. Өтө оор да болот. Катуураак урунуп-беринүүгө морт.

Даракты кыркуу (кыюу) бышыкчылык мезгилинде, башкача айтканда кеч күздө жалбырагы саргайып түшө баштагандан, жер жылып жазгы тиричилиги жандана элек мезгилде жүргүзүлөт. Бул анын биологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланышылган. Тагын айтсак: дарактардын камбийи менен өзөгүнүн ортосунда суу жана андагы эриген туздарды өткөрүүчү татаал ткандар болот да, ал анын негизги массасын түзөт. Ал жыл өткөн сайын картайып “өлө” баштайт, башкача айтканда андагы трахеиддер, түтүкчөлөр бүтөлөт да сууну өткөрбөй калат. Суунун өтпөй калышы менен крахмал, май азайып, чайыр, ийлегич заттар көбөйөт. Натыйжада жыгач кочкул тартып, бекем болуп микроорганизмдерге туруктуу боло баштайт. Жыгачтын бул бөлүгү ядро, сырткы ачык түстүү бөлүгү *кыртыш* деп аталат. Демек мындай нык, бекем бөлүктөн жыгач пайда болуп, анын чарбачылыкта пайдалануусуна шарт түзүлөт. Ал эми дарак бүрдөп турган учурунда, жогоруда эскерилген “өлүү” катмарына кошумчалануучу жаңы катмардын пайда боло башташынан, жазгысына чейинки жана андан кийинкиси болуп эки бөлүккө бөлүнөт. Ал жыгачты иштетүүдө экиге ажырап, көздөгөн буюмдун даярдалышында мүмкүнчүлүктүн өтө начар болорлугун жаратат.

Дарак кыркылгандан кийин буталып, бычак менен кабыгы жеңилдетилип аачылат да, салкын жерде кургатылат. Өтө узакка сактоого туура келип калса жаан-чачындан, нымдан, күндөн оолак жайларда сактоо керек.

Бабалар боз үйдүн жыгачын жасоого жана жасалуудан кийин пайдаланууда бышыктыгын эң жөнөкөй механикалык ыкма менен сынашты билишкен. Анда бир *м*че кесиндисин алып туурасынан турган массалуу устунга согууда начары таарыгандай туурасынан сынса, бышыктары ага моюн бербейт, берсе да узатасынан тарамдала жарылат.

Боз үйгө кеңири колдонулуучу 2 дарактын биологиялык сыпаттамасына кайрылсак:

*Тал* – тал тукумундагы дарак же бадал. Дүйнөдө 300, Кыргызстанда 18 түрү бар. Кеңири белгилүүлөрү – эчки тал, кара тал, турпан тал, сары тал жана башкалар.

*Кайың* – бир үйлүү дарак же бадалдар. Эки бакма түрү бар: Сөөлчөлүү кайың – кабыгы ак, бутактары ылдый карай ийилип түшүп турат. Ошондуктан ыйлаак деп да аталат. Түкчөлүү кайың – бутактары жогору карай же туш тарабына чачырап өсөт. Кайыңдын дүйнөдө 200дөн ашык, Кыргыз жергесинде жапайы 6, бакма жогорудагы 2 түрү кездешет.

**Чий** – тоо этектериндеги түздөрдө, шор топурактуу талааларда көптөгөн санда түп-түп болуп өсүүчү өсүмдүк. Дан өсүмдүктөрү тукумундагы урууга кирет. Көп жылдык чөп. Жаш кезинде малга жакшы тоют. Сабагы жылмакай, түз, жалбырагы ичке, узун. Бийиктиги 2-2,5 *м*дей келет. Жер жүзүндөгү 20дай түрүнөн бизде 4 түрү бар.

Чий согууга арналган чий кеч күздө сеңгөгү катып, толук жетилген маалда дүңгөсүнөн (сеңгөктүн тамырга

биригүүчү жери) белге салып тартылып суурулуп (жулунуп) алынат. Ал кездеги абалында *тартылган чий* деп аталат. Чийди тартууда баарын эле жула бербей бою узун, өтө ичке, өтө жоон эмес бир кылкаларынан тандап алган оң. Өтө жоону, өтө ичкеси сынмараак да келет жана согулганда көрксүз болуп калат. Тартылган чийди үйгө алып келгенде тикесинен койбой тегиз жерге таштальшы оң. Антпесе ным кезинде жумшактыгынан иймек болуп калыптанып кургап калышы ыктымал.

Кургатылгандан соң сырткы кабыктары тазаланат. Андан соң *акталган чий* деп аталат.

**Жүн** – теринин сыртына өсүп чыккан талча түктөр. Терилердин ичинен койдон кыркылып алынган кылчык жүн боз үйдүн кийизин жасоодогу бирден бир сырьё. Ал өзөкчө, кабырчык, кабыктан турат. Кабырчык катмары сырткы чөйрөнүн таасирине жакшы туруштук берет. Жылуулукту жай өткөрүп, ным тартпайт.

**Көк** – жүнү алынган, челденген чылгый териден жип сымал тилинип даярдалган талча. Анын узундугу бир метрге чейин, эни керегенин көзүнүн өлчөмүнө карата 3 *мм*ге чейинки өлчөмдө болот. Көктүн өлчөмдөшүрөөк тилинбеши: жоонурагы көзчөгө өткөрүүгө кыйынырак болот. Өтө жоонун күч менен өткөрүүдө керегелик жыгач жарылып кетиши ыктымал, тескерисинче ичкеси керегенин байымдуулугун төмөндөтөт. Эң уч жагынын 5–6 *см* жери жыгачтын көзөнөгүнө өткөзгөнгө ыңгайлуу болсун үчүн ичкерээк (ийне сымал) тартгырылып барып катырылат. Жогоруда көрсөтүлгөн узундуктагы көк он чакты топчулукка жетет. Бир аткаруучу бир убакта эле 5–6 даана көк менен иштесе ыңгайлуураак да, өндүрүмдүүрөөк да боло алат. Айрым учурларда көк бир топ убакыт өткөнүнө байланыштуу

кургап ката баштап, иштөөгө ыңгайсыз боло башташы да ыктымал. Андан четтөө үчүн аларды мезгил-мезгили менен сууга нымдап туру керек. Көк 1–1,5 жаштан өйдөкү бодонун, төөнүн терилеринен даярдалат. Мында төөнүн териси көктөлгөндөн кийин кургаганында жыйрылып тартылып калуу касиетине ээлиги менен айырмаланат.

Терини көккө даярдоодо, анын жүнүн жыдытуу үчүн шар аккан сууга 4–5 күн чөгөрө байланып же бастырылып коюлат. Мындайда терини жүнүнөн ажыратуу өтө оңойлонуп калат. Дагы бир ыкмасы, акиташтын күчү азыраак эритмесине кармоо менен да жүнүнөн тазаласа болот. Чоң өлчөмдөгү терилер менен иштөөдө ыңгайлуулукту камсыздоо максатында 3–4 бөлүккө бөлүп койсо да ашыктык болбойт. Чоң бодонун териси 2–3 орто өлчөмдөгү боз үйлөргө жетет.

**Кык** – малдардан чыгуучу биологиялык калдыктар. Андан боз үйдүн жыгачын жасоодо кор кылууга колдонулат. Аны даярдоо анча-мынча жайыкча келген жерге жүргүзүлөт. Ал жерге 1–2 кап койдун же уйдун кургак кыгы узатасынан бир *м*че, туурасы 30–40 *см*че жал кылынып төгүлүп, ал чок менен үстүнөн тутантылып коюлат. Кыктардын өтө майдасы эмес, 1–2 *мм* өлчөмүндөгү күкүмчөлөрүнөн болгону дурус. Тутанган кык 3–4 саат ичинде түбүнө чейин чоктонуп корлонот да, ал андан кийин *кор* деп аталат. Иш жүрүшүндө кордун күчү, көлөмү муктаждыктан азыраак болсо кургагыраак, көбүрөөк болсо нымыраак кык менен аралаштырылып турулат. Кордо жыгач таякчаларга, шыргыйларга 25–30 пайыз нымдуулук кезинде 70–90 пайызга чейин ысыктык өткөрүлөт. Ал жыгачтын ийилүүгө ийкемдүү учурун пайда кылат. Корго устанын иш өндүрүмдүүлүгүнө карата бир эле убакта 4–6

таякчаларды теңинен бир аз ашырыла сайылып, алар кезеги менен алынып маталат. Алардын экинчи жарымы да кезегинде жогорудагыдай эле корго сайылып, андан соң маталып биротоло бүткөрүлүп тегиз жерге ирети менен жыйыла берет. Маталган жыгачтар белгилүү санга жеткенде алып жүрүүгө ылайыкталып эки, үч жеринен бооланат. Мисалы, керегелик жыгачтарды бир канатка толгондо, уукту 25–30дан таңгактап коюу эсепке да, иштин жүрүшүнө да ыңгайлуу.

Тутанган корду өчүрбөстөн бир нече күнгө чейин пайдаланса болот. Бир үйдү бүткөрүүгө 10–15 кап кык керектелет.

**Жошо** – кызгылт, саргыч кызыл, күңүрт кызыл, күрөң кызыл түстөрдөгү табигый минерал зат. Анда темирдин (генатит), коргошундун (сурак), кээде сымаптын (нинаварь) жаратылыштагы кычкылдарынан пайда болгон күкүм түрүндөгү минералдык заттар жана чопо бар. Жошонун сапаттуусу болуп, кызгылт өңдүү күкүм түрүндөгүсү саналат. Жошо негизинен республикабыздын бардык аймактарында кездешет. Бабаларыбыз аны боз үйдүн жыгач эмеректерин жошолоого (боёого) колдонуп келген. Бир боз үйгө орточо 4–5 *кг*га чейин жошо керектелет.

**б) Боз үйдү жасоого колдонулуучу жабдуулар жана аспаптар:**

Боз үйдүн жыгачын жасоодо негизги жабдуу – тез шкору менен жана бир аз сандагы бир нече жөнөкөй аспаптар колдонулат. Алар:

а) жабдуу (станок): тез, шкор;

б) аспаптар: анын ичинен

жонуучу: тарткы, кобул салуучу тарткы;

көсөөчү: үшкү, бургу, чулгур;
жылмалоочу: түрпү;
кесүүчү: араа, керки, балта, бычак (маки);
курчутуучу: кайрак, чарык, өгөө, бүлөө;
ысытуучу: көрүк;
ченөөчү: метр, рулетка;
көмөкчү: аттиш, балка, көзөөч, аркан ж. б.

Бул аталган аспаптардан тарткы, үшкү, бычак, керки жана түндүк жасоого бургу, чулгур, биразыраак узундуктагы аркандын курамында деле каалагандай чоңдуктагы боз үйдү тургузуп коюуга болот. Бирок буга карабастан айрым ыңгайлуулуктарды кеңитүү максатында аспаптардан кошумча пайдалануу зарылчылыгы болот. Жагдайдан жогоруда аталгандардан боз үйдүн өзүнө гана энчилүү айрым негизги жабдуу менен аспаптарга кыскача мүнөздөмө берсек.

**Тез** – кереге-ууктардын, чамгарактардын таякчаларын тартууда (алакандап жонуу), матоодо (ийүү), түндүктүн алкактарын ийүүдө эң негизги бирден бир жабдуу. Аны даярдоодо узундугу 4 *м*дей, жоондугу 20–25 *см*дей жумуру карагай тандалып алынат. Анын жогорку башынан бир *м*ден ашыгыраак жеринен узуну 15–18, тереңдиги 12–15 *см*че оюк оюлат да, ал оюкчанын адам иштөөчү жагынан (аягынан жогору караганда оң жак өйүзүнөн) ылдыйкы четине оюкча жасалып, ал жерге диаметри 5 *см*дей, бийиктиги 20 *см*дей жумуру (цилиндр түрүндө) келген темир орнотулат. Ал темирдин милдети тездин ошол жак четинин желип жалпайыңкы тартып кетүүдөн сактайт жана иштелүүчү жыгачты бек, тыкыс кысууда ыңгайлуулукту түзөт. Тездин башы (оюкчасы устанын белине туура келүүчү бийиктикке болжолдонуп) жерден 130–140 *см*че бийиктикте кармалып турууга эки калтекчени кайчылаш-

тыра байлап, бутча кылып, ага мингизилип орнотулат. Калтекчилердин чаты ачылып кетпес үчүн ылдыйраак учтарынан бир бирине зым менен тарттырылат. Тез жеңилирээк болуп оордук керектелсе, тездин баш жагына салмоор таш салынат. Тездин аяк жаккы учун бекемдөө максатында тикесинен көзөлүп, ал көзөнөгү аркылуу бышык темир казык жерге кагылат.

Бабалар тез ордуна шашылыш учурларда таштын оюугун, токойдогу дүмүрдүн же болбосо дарактын туурасынан өскөн бутагын да ыңгайлап пайдаланышкан. Бирок алар түндүк ийүүгө ыңгайсыз келген.

Тартуу, коппоо, матоо иштеринде тез менен бирге колдонулуучу *шкор* деп аталган, жоондугу 10, узуну 120–130 *см* келген, баш жагынан эки-үч карыш жеринин бир бети жалпакчаланып чабылган калтек (шыргый) колдонулат. Аны менен рычаг иретинде милдет аткарылып кысуу, кыпчуу иштери аткарылат. Ага көп күч келтирилет, андыктан аны бутаксыз, бышык жыгачтан (кайың же кара жыгачтан) жасоо максатка ылайык. Ал түндүк жактын айрым жерлеринде *баскыч*, Алайда *жан жыгач*, Өзгөн аймагында *тездин тили* деп аталат. Шкордун мындай аталыштарынын баары тең кызмат кылуудагы милдеттик сыпатына төп келерлигин белгилесек да болот. Чындыгында аны менен маталуучу жыгач кысылып басылат; жанбашка салынып түртүлөт; тездин оюугу оозду элестетсе, анда ары-бери соймондогонунан "тилди" элестетет.

**Тарткы** – боз үйдүн жыгачын жасоодогу эң негизги курал. Аны менен жонуу, коппоо иштери аткарылып, боз үйдүн дээрлик жарымына жакынкы жумуш жөндөлөт. Тарткы эки жагы тең миздүү (кош миздүү), ар тарабына бир аз кайкалана жасалып, эки учунан сап саптоого ыңгайланып ичкерээк уңгуча чыгарылат.

Бул уңгучалар диаметри 3–4, узундугу 10–14 *см* жыгач сап менен сапталат (8а-сүрөт). Тарткы түштүктүн айрым аймактарында *ранды* деп аталат. Ушундай эле тарткынын бир бетинин бир аз жерине ара тиш салынганы – *кобул тарткы* деп аталат (8а-сүрөттө). Ал кереге, ууктун алакандарына коодукка узатасынан оюкчийим салууга арналат.

**Үшкү** – көзөө ишинде колдонуучу аспап. Үшкүнү жасоодо диаметри 4–4,5, узундугу 20 *см*че келген жумуру жыгачтын эки учуна ортолоп эки өзөкчө зым сымал темир бекитилет. Анын түп жак учу кыскараак, экинчи жыгач көзөөчү учунун узундугу (казыгынын сырт жагынан) 8–10 *см*че чыгып тургандай узундукта, жоондугу 3 ммдей курч зымдан даярдалат. Анын эң учу жалпак кошканатча чыгарылып жасалат. Үшкүнү пайдаланууда, анын өзүн карматтырууга жерге кагылуучу эки жыгач казык колдонулат. Казыктардын ар бири диаметри 4–5, узундугу 40–50 *см* келген жумуру же төрт кырча жыгачтан даярдалат. Алар жерге бир биринен үшкүнүн ортоңку өзөк жыгачынын узундугундай аралыкта кагылып орнотулат. Казыктардын ар биринин бир бетинен жерден 10–12 *см* бийиктик-



а)



б)

8-сүрөт. Боз үй жасоого колдонуучу аспаптар: а) тарткылар, б) керкилер

те оюкча жасалып, ага үшкүнүн эки жагына сайылган мык сымал темирчелеринен илинет.

Үшкүнүн мындан сырткары, жалгызчылыкта да көзөп алууга ыңгайланылган түрү да болгон. Анда адаттагыдай эле үшкүнүн түпкү учун кагылган казыкка же бир тике турган дүмүргө киргизе орнотуп, экинчи көзөөч учуна көсөлүүчү жыгачты бир колу менен такап, экинчи колу менен аталгы сыяктуу ыңгайланган аспап менен кыймылга келтирип үшүйт (көзөйт).

**Керки** – чабакча жыгачтарды кыюуга, бутоого, жукарта чабууга ж.б.ларга колдонуучу, курч темирден жасалып, жыгач сапталган аспап. Анын чот керки, аштама керки, байтеше деген аталыштагы түрлөрү бар.

**в) Боз үйдүн жасалышындагы жумушчу операциялар**

Аталган топто таякчалары: керегени, уукту, чамгаракты жасоодо узундуктарын алгачкы тегиздөө, матоого ылайыктап тартуу (алаканча чыгаруу), нымдуулугун иреттөө, матоо, копшоп кобул салуу (чамгарактан бөлөгүнө), жошолоо, мындан сырткары керегеге теңгектөө, үшүү (көсөө), көктөө, аяккы учтарынын тегиздигин текшерүү, ал эми уукка боо өткөрүүгө көзөө, ууктун учтарын тегиздөө жана учтоого байланышылган кошумча жумуштар жүргүзүлөт. Ал эми түндүк жасоо иши төмөндөгүлөрдөн турат: жаактын ички бетин жана жоон жагынын эки жанын чаап ийүүгө даярдоо, нымдуулугун тууралоо, ийүү, бириктирип кадоо, уук сайылчу жерлерин бургулап көзөө, чулгур салуу, түрпүлөө (жылмалоо), чамгарактоо, белтириктерин жайгаштыруу, жошолоо; бакандыктарга жыгач ыңгайлоо; тутусуна, боо-чууларына, жасалгаларына жүндү алгачкы

иштетүү (жуу, тытуу же сабоо), айрым бөлүгүн ийрүү, боё жана кийиз жасоого уютуу, өрмөктө согуу ж.б.; чий буюмдарына актоо (кабыгын аачуу), чырмалуучуларына оюунун томоосун чегүү, боёлгон жүндөрдү ороо өңдүү негизги жумуштар аткарылат.

Сөзүбүздүн уландысын жогоруда ар бир көз ирмеми тизмектелген жумуштардын негиздүүлөрүнө түшүндүрмө берүү менен уламакчыбыз. Элибизде жыгаччылык эселтеден бери эле атадан балага мурас катары өтүп келген кесиптен. Ошентип аны карманууда устатка шакирт болуу ыкмасы кеңири тараган. Боз үйдүн жыгачын жасоо менен алектенген уста кыскача гана бөлөктөрдөн өзгөчөлөнүп жөн гана *жыгаччы* деп аталат. Анын ичинен жалаң түндүк менен алектенүүчүнү – *түндүкчү* деп коюшат.

Жыгаччылык кылууга жылуучулук убакта тегереги бүт же жарым-жартылай ачык, үстү күндөн, жаандан коргонууга бастырмаланган жай эң ыңгайлуу болот.

Жыгаччылык иши бир жагынан сезондуу иш сыяктанып да кетет. Ал өтө суук убактарда кенен, жабык жылуу жайдын боло бербешинен, ал кездерде жыгачты кургатуу же нымдоо, ысытуу бир азга болсо да шартты татаалдантып ийиши мүмкүн. Бул убактыларда жыгачтарды даярдоо өңдүү кургак жумуштар менен алектенсе болот.

Ата-бабаларыбыз мурунку убакта көчмөндүктөнбү, жоокерчиликтенби, же бөлөк шарттарданбы, айтор токойлордон кыркып, ошо эле жерден жасай салган учурлары көп болгон.

1. *Ылгоо, тегиздөө.* Эң баштапкы ишинен болгон – жыгачтарды ылгоодо, тегиздөөдө: даярдалган жыгачтарды керегеликке, ууктукка ылайыктап бөлүштүрүп, аны иштетүүгө ыңгайлоо үчүн аларды алдын ала чен

жыгачка салып тегиздөө жүргүзүлөт. Бул жумушка керки же кол араа колдонуу ыңгайлуу болот. Алардын узундуктары үйдүн көлөмүнө жана анын керегелеринин көздөрүнүн жыштыгына карата болжолдонот.

Тегиздөөдө төмөндөгүдөй үч шарттын эске алынуусу керек.

Биринчиси, албетте бүткүл жыгач ойдогудай эле сызгычтай түз, ичкерээк, бутаксыз боло бербеси талашсыз. Талдар, кайыңдар көбүнчө бир түптөн 5–6 га чейин чачырап өсүп, ошо түп жагы көбүнчө бир жагына иймегирээк келет (Өзөктөн тараган бутакча жыгачтары бошураактыгынан матоого ийкемсизирээк). Бул учурда керегеликти сырт жагынан, ууктукту ич жагынан матоо максаттуурак болот. Демек, мындан матоого өсүп тургандагы табыгый шарттагысын кошуп, ишти оңойлотууга шарт түзүлөт. Экинчиден, өтө ичке же жоон же бөлтөк баш жыгачтардан куроо да үйдүн көркүнө, жалпы сапатына терс таасирин тийгизет. Андыктан андайларды алып таштоого туура келиши да ыктымал. Үчүнчү жагы айрым учурларда жыгачтар баш жагынан (көбүнчө жаңы кезинде туура эмес кургатуудан) 5–10 *см*ге чейинки бөлүгүнө жарака кетиши да ыктымал. Андыктан аны жөнөкөй гана иш катары көрбөй, маани берип, анын алдын ала көңүлгө алынуусу тийиш. Демек ал, ченеп тегиздеп коюу гана эмес, чоң тажрыйбаны талап кылуучу иштен болуп эсептелет. Ошентип, жеринен билгичтик менен көрүлгөн иш аракеттин мааниси зор.

2. *Тартуу.* Тартууда – матала турган таякчанын ички бетинен: керегеники боюнун үчтөн биринен бир аз ашыгыраак, башкача айтканда 50–75 *см*че, ууктуку билеги канчалык узундукта болсо, ошончо узундук-

та, башкача айтканда 45–60 *см*дей жери калыңдыгы үчтөн бирине жакын катмары жонулуп жалпактанат (алакандалат). Таякчанын башы 4–5 *см*дей жеринен бир аз жогорку учуна карата симметриялуу парабола түрүнө жонулуп, баары бирдей окшош үлгүгө келтирилет. Таякчаларды мындай алакан чыгарып тартылышы – биринчиден матоого ылайыктоодон, экинчиден баарын бир үлгүгө салып көркөмдүк берүүдөн турат. Таякчалардын калган бөлүгүн да жосулап жонуу, айрым учурларда зарылчылык болуп калса, жонуп ичкертүү жумуштары да аткарылат.

3. *Нымдоо.* Кезекки иш нымдоодо – боз үйдүн чабакча жыгачынын (уук, кереге, чамгарак) маталышына же түндүк жасоого ылайыкталган шыргый жыгачтардын ийилишине, ал жыгачтардын 25–30 пайыздагы нымдуулугу талап кылынат. Ал үчүн жаңы кыйылган жыгачты табигый шартта кургатып келип, ошол үлүштөгү нымдуулукта колдонуп калуу керек. Эгер кургактыгы көбөйүп кеткен болсо, аны суууга салып коюу менен жогорку талап кылынган нымдуулукка келтирилет. Нымдуулуктун аздыгы маталууну, ийилүүнү кыйындатып сынып калуусуна, тескерисинче көптүгү ийилүү абалын сактабоого (серпилгичтик деформацияга) алып келет. Тажрыйбалуу усталар бул кубулушту жыгачты колго алып, экинчи кол менен салмак салып ийип көрүп, оңой эле  баамдашкан. Ал тургай нымдуулукту кабылдантууда ал суунун агын же агын эмес (көлчүк) жана жылуу, муздактыгына карата көз карандылыгын билишкен. Жыгачтын тыгыздуулугуна байланыштуулукту да билишкен.

4. *Матоо.* Матоону чечмелөөдөн мурун сөз башын жыгачты ийүү менен матоонун айырмасы эмнеде экенинен баштасак. Мисалы, жөнөкөй эле чыбыкты ийип,

учтарын жип менен бириктирип кадимки жаа жасайбыз. Түндүктүн алкактарын ийүүдө, аны ысык сууга же буу корго ысытып алып, оюкчага салып улам-улам итерип ийип, бир убакта эле акырындап учтарын аркан менен бириктире тарттырып олтуруп ийебиз. А кереге, уук, чамгарактарды тездин көзчөсүнө салып, шкорду колдонуу менен деформациянын кысуу, согуу өңдөнгөн түрлөрүн бир нече ирет колдонуп олтуруп акырындык менен керектүү үлгүгө келтиребиз. Биерде белгилерибиз, бул аткарууларда ийүүдөгүдөй тарттырып байлоо иштери аткарылбайт. Демек, ийүү менен матоо ушул иш ыкмалары менен бир биринен олуттуу айырмаланат.

Жыгачты матоо жана ийүү иши, ал жыгачтын тийиштүү нымдуулук алдыруу менен бирге 70–90 пайызга чейинки ысыктыктын сиңирилишине таянылат. Ысыктык корго сойлото сайып коюу менен сиңирилет. Ушуга эле типтүү чирүү процессиндеги үйүлүү кыктагы ысыктыктан да колдонууга таянылган усталардын жеке ыкмалары да аз эмес.

Жыгачты от жагылган очоктун узун морундагы түтүнгө (9-сүрөт) же ысык сууда же туюкча келген цилиндр түрүндөгү темир идишке жайгаштырып, сыртынан от (өз чамындыларынан деле пайдаланып) же ичинен электр жылыткычы менен абаны ысытуу аркылуу ысыктык сиңирсе да болот.



9-сүрөт. Матоо.

Айрым учурларда жыгачтын түз жана ичкерээк

келгендерин ысытуусуз эле акырындап кылдаттык менен матаса да болот. Ал усталардын тер召mininde *актай матоо* деп аталат.

Ошентип, түз да, ичкерээк да келип, татаалдыгы жокко эселерди матоосуз эле атайы үлгүлөнгөн кепке (калыпка) салып, таш менен бастыруу жана жерге кагылган казыктарга жатактатуу аркылуу да болжолдуу ийсе да болот. Ал калыбында кургап калыптангандан кийин алынат.

Жогорудагылардан бабалар кеңири колдонуп келген – корго сайып ысытуу ыкмасы убакыттык жана материалдык үнөмдүүлүктү, ошондой эле аткарылуучу иштин жогорку сапаттуулугун камсыз кылат, тагын айтканда матоодон молекулалык абалынын туруктуулусунан жана бекем, москоол жыгачтардан маталып жасалышынан илгери-кийин жанып кетүү коркунучунан сырт, пайдаланууга бышык.

Нымдуулуктун эң төмөнкү пайызы менен негизинен билегинин матоосу жана түшкөн же тулку бою ийрейип кеткен эски ууктарды жеңил-желпи оңдоштурууда болот. Мында жыгачтын сакталуу сапатына (чирүү ж.б.), ныктуулугуна, салыштырма салмагына байланыштуулук да аздыр-көптүр мааниге ээ. Кургагыраак, ныгыраак жыгачка ысыктык бир аз көбүрөөк талап кылынат. Ал эми нымдуулуктун жогорураак чектеринде калыбына келүү жана аны сактап калуу касиети начарыраак же жокко эсе болот.

Нымдуулук менен ысыктыктын чоңураак айырмада шайкештелбеши апыкча убаракерчиликке, ал тургай жыйынтыксыздыкка алып келиши да мүмкүн.

Турмуштук тажрыйбада керегелик, ууктук чабакча жыгачтарды матоо кезинде сынып калууда же айрым бир жерин кордо күйгүзүп алууда, ал таякчалардын

бөлүнүп кыскарып калышы ыктымал. Аны кыскарып калса да керегенин баш жагынанбы, аяк жагынабы ага тууралап колдонуп, жетпегенине өзүнчө даярдалган саканакчалар (кесиндилер) менен толуктоого болот. Мындан бүтүн жыгачты кесүүнүн ордуна даяр кесилгенин (сынып же күйүп бөлүнүп калгандардан) колдонуу эч айырмасыз деле экендигин оңой эле көрүүгө болот: андан биринчиден – таякчаны жараксыздыкка (бракка) чыгарылышына жол берилбейт, экинчиден – ал таякчага жараксыздыкка чейинки жумшалган эмгек текке кетпейт. Ушундай эле ыкмага типтеш эле дагы бир операцияны келтирсек. Айрым чабакчаларда чукул бурчтуу ийриликтер (өзгөчө жапайы тал, кайыңдарда) кездешиши ыктымал. Жыгач металлдай болуп иштелбейт, кандай чебер матаса да ийриликтен из калат. Андан ал көзгө комсоо көрүнөт. Андыктан чабакчанын эки жагын колдонуп, ортодогу ийрилик жерин алып салса (апендицитти алгандай) да болот.

Матоо ишинде оң кол менен шкорду кармап башкарып, керегинде аны сол жамбаш менен коштото сүйөй түртүп, бошотуп иреттеп, а сол кол менен маталып жаткан жыгачты керектүү жерлерине которуу, кысылганында түртүү милдети аткарылат. Бул ыкмалар бир жыгачты бүткөнчө бир нече жолу кайталанат. Ийрилиги көбүрөөк жыгачтарга көбүрөөк мээнет жумшалат.

Бабаларыбыздын жогорку ыкма менен матоосу, азыркы кезде колдонула коюп жүргөн электр-механикалык станокто аткарылышынан бир топ артыкчылыктары бар. Алар жоонураак келген жана ийри-буйрусу бар жыгачтардын бул станокто иштетилүүсүнүн чектелүүсү, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү, кошумча материалдык чыгымдардын көптүгү, сапатынын төмөндүгү менен түшүндүрүлөт.

Маталган жыгачтардын бирдейлигин көзөмөлдөөгө энчиленген түндүктө *бакшы,* түштүктө *андаза* аттуу үлгү иретиндеги чен-нуска пайдаланылат. Каныккан усталар мунусуз деле иштесе болот, бирок эң сонунда тууралыгын тастыктап коюуга пайдалануу ашыктык болбойт.

5. *Копшоо, кобул салуу, жошолоо.* Маталган жыгачтар ага чейин эле тартылса да кабык, ар кандай бутактардан да тазаланбай калышы, матоо убагында айрым жерлеринде жаркандалар да пайда болушу мүмкүн. Андыктан аны акыркы жолу жосулоо, тазалоо, башкача айтканда копшоо керектелет. Копшолгондон кийин алакандарына кобул салынат. Кобулдоодо атайын араа мизденген тарткы менен бир из боюнча 3–4 жолу жүргүзүлүп сайчалар түшүрүлөт. Өзгөчө коохдоо колдонулганда кобулдун башталa турган жери мерчемделип, баары бирдей жеринен башталат да, ал жерлери бычак менен аткарылчу оюулар менен кошумчаланат.

Жыгач маталып, копшолуп, кобулдангандан соң жошолонууга (боёлууга) өтүлөт. Жошолоодо жөнөкөй эле ыңгайлуураак идишке, көбүнчө дагарага 2–3 *кг* жошону салып, 2–3 *л*че суу менен аралаштырып, ага кийизчени улам малып сиңирип алып жыгачка сыйпап жугуза берет. Боёогу азайып, жугумдуулугу начарлай баштаганда жошодон 300–400 *г*дан жана талаптанусуна жараша суу кошумчаланып аралаштырылып туруусу керек.

Жогорудагы ыкмалар жошонун ар жерлерде ар кандай курамда болоорлугунан, ошондой эле устаттын чеберчилигине да таянылган жошолоодон кийин жошолонгон жыгач алгачкы мезгилинде көбүрөөк же азыраак жугууга же караманча эле жукпоого, жылтыратууга, өңдү бир аз бурмалоого байланышат. Мунун

химиялык, физикалык, мүмкүн геологиялык да касиеттерге байланышкан сырларын ачуу кесипкөй адистердин милдетинен болмокчу.

6. *Теңгектөө жана көзөө.* Иш башы: керегенин баш жагынан калтырылчу жеринен баштап, андан кийинки көзөлчү жерлер абдан тактык менен атайын арналган жыгачка өзгөчө белгиленет да, ал жыгач *теңгек кереге* (макеттик милдет аткарган) деп аталып, ар дайым бөлөк жыгачтын көзөлчү жерлерине белги салууга колдонулат. Аны колдонууда теңгек кереге менен көзөлө турган керегени теңештирип чогуу жанаша кармап, экинчи кол менен көсөлчү жери бычак менен кесилип же карандаш менен чийилип белгиленет. Мындай өтө такталган бир гана жыгачты мерчем кылып коюу – эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатат, ошондой эле көздөрүнүн араларын жылыштырып катачылыктарды кетирип алууну жокко чыгарат.

Ошентип жогоруда келтирилген көзөлчү жерлерди белгилөө жумушу – *теңгектөө* деп аталат да, анын мерчемделиши төмөндөгүдөй болот. Керегенин жыгачынын бою, үйдүн көлөмү жана анын көгүнүн санына карата 2 *м*дин айланасында болушу шарт. Мисалы, анын 2 түрүн келтирип көрсөк. 13 көктүү керегеге: эң башынан 8 *см* жери ачакейлене кайчылашып, ага уук улаганга калтырылып, ал жерден биринчи көз башталат. Андан соң ар бир 15 *см*ден кийинки көзгө орун белгиленип, эң акыркы 13чү көздөн кийин жерге таканчык үчүн 10 см калтырылуусу керек. Демек, бул керегенин жыгачынын узундугу так эсеп менен 8 + (15x12) + 10) = 198 *см*ди түзөт.

Дагы бирине 15 көктүү керегени келтирип көрсөк. Адаттагыдай эле башынан уук улаганга 8 *см*, аягынан

таянчыкка 10 *см*, көзөлүүчү 15 көзөнөк 13 *см*ден болсо, анда жалпы бою (8+ (14x13)+10)=200 *см* болот.

Керегени теңгектөө алдында анын көзүнүн аралыгын жана санын тактоо өтө чоң мааниге ээ. Андан үйдүн өлчөмү аныкталат. Мындагы көз карандылыкты, байланышты төмөндөгү келтирүүдөн айкын түшүнсөк болот.

Социалдык маселелердин эң маанилүүсүнүн бири – турак жай жана ага карата анын көлөмү. Ага карата мынча чарчы метр делген өлчөмдү атайбыз. Бирок ал бардык эле турак жайга мүнөздүү эмес. Ырас, ал кыймылсыз турак жайга ылайык келген менен тоо көчмөндөрүнүн турак жайы – боз үйгө шайкештелбейт. Демек ал анын тегерек үлгүдө келип, керегинде жагдайга карата өзгөрүүсүнө байланышат. Андыктан баланчанын боз үйү баланча чарчы метр дебей, мынча баш же мынча канат деп атайбыз. Буларга карата Е.И.Махова “Боз үйдүн өлчөмү канаттарынын санына байланыштуулугун” айтат, Бул тыянакты К.И.Антипина да кайталайт, В.Нусов “Кичине боз үй – 4, орто боз үй – 6, чоң боз үйлөр 8-12 канаттан турат” деп жазышкан.

Буга республикабыздан сырткаркы окумуштуулардын эмгектеринен да тартсак: казак академиги А.Х.Маргулан казак султандарынын боз үйлөрүн сыпаттоодо “азы – 12, орточосу – 18, чоңу – 30 канаттан турат”, көчмөндөрдүн турак жайынын тарыхын изилдөөчү россиялык белгилүү окумуштуу С.И.Вайнштейн эмгегинде “Боз үйдүн өлчөмү керегелердин санына көз каранды” деп көрсөтөт.

Бирок, чыныгы турмушта, үйдүн аянты канаттын санын көбөйткөн сайын көбөйбөгөнүн, мисалы 4 жана 5 канат керегелерден бирдей эле аянтта (өлчөмдө) же

ошол эле аянтты булардан да аз сандагы канаттар деле алмаштырып коюшунун ыктымалдыгын кездештиребиз. Демек, мындан түшүнүүгө канаттын өзүн тереңдеп талдоо зарылчылыгы жаралат.

Боз үйдүн керегелерин жасоодо жана аны кийин урунууда (тигүү, жыюу, ташуу, сактоо ж.б.) ыңгайлуулукту камсыздоо максатында аларды бөлүк-бөлүккө бөлүп даярдоо колдонулат да, ал *канат* деп аталат. Алардын саны баш менен эсептелинип эң эле азы 10 баштан баштап, эң көбү 20га да жакындап барат. Демек канаттын ичиндеги баштардын саны айрым учурларда 1,5–2 эсеге чейин айырмалануусунан, ал көлөмдүк бирдик боло албайт. 10 баштан азыраактары болуп калса, ал *кыпчылдык* деп аталып, аты аталгандай эле керегелердин тизмегинин араларына кошуп колдонулат. Ал адамда кийими тарыраак болсо кандайдыр бир материалдардан кошумчалоо же чоңураак болсо бүгүп тигүү же кыркып кичирейтүүдөй иш.

Кеп кезегин керегенин башынына карата болгон байланыштуулукка берсек.

Керегенин таякчалары 45 градустук болуп жайылганда торчо көздөрү эки карама каршы бурчунан тике турган чарчы үлгүгө келет. Ошентип, көптөгөн квадраттык ромбдор пайда болот. Демек, катеттери барабар болгон тик бурчтуу үч бурчтуктун диагоналы гипетенузалык милдетте болуп, анын жазылышындагы аралыкты жаратат. Ал гипетенузалар жайылган керегелерди ээрчип, жер менен жарыш да, барабар да проекцияны түзөт (1-схема). Жалпы айлананы ромбдун диагоналына бөлгөндө керегелердин баштарынын саны чыгат. Аны да бир канатка мерчемделген башка бөлгөндө канаттын саны чыгат.




*№1 схема.* Бирдей бийиктиктеги тар, тик жана кең бурчтуу ромбдордун горизонталдык диагоналдарынын (керегелердин жайылышын коштогон) траекторияланган көрүнүшү.

Демек, ромбдордун диогналы кичирейген сайын жайылуу аралыгы азайып, керегенин баштары көбөйөт. Андан тийиштүү тартипте канаттын саны да көбөйөт.

Муну цифралык мисалдарда да чечмелесек:

Диаметри 4,5 *м*, айланасынын узундугу 14,13 *м*, тийиштүү тартипте аянты 16,9 чарчы *м* болгон боз үйгө эсептөөлөрдү жүргүзсөк:

Эсеп үчүн диаметрди айланага айлантып, андан босого үчүн 1 *м*ди кыскартсак 13,13 *м*ди (4,5 х трансценттик сан 3,14 – 1) түзөт. Диагоналдары: 25 *см* болсо (13,13:25) – 45 баш, 20 *см* болсо (13,13:20) – 51 баш, 17,5 *см* болсо (13,13:17,5) – 60 баш керегелер чыгат. Мында диагоналдардын узундугун өзгөртүү менен 45 жана 51 жана 60 баш керегелер жаралды. Бирок баш өскөн менен үйдүн аянты баарында бирдей 16,9 чарчы *м*. Демек керегелердин башынын саны таасир эткен жок.

Эми жогорудагы 45 баш керегени 15 баштан бөлсөк – 3; 51 башты 17ден бөлсөк, анда да – 3; 60 башты 15тен бөлсөк 4 канатты алабыз. Бирок канат өскөн менен үйдүн аянты баарында бирдей 16,9 чарчы *м*. Демек керегелердин канатынын өзгөрүшү да таасир эткен жок.

Жыйынтыгы, үйдүн аянты башына да, канатына карата да көз карандылык болгон жок. (Бул мисалдарыбызда анча деле таасир этпөөчү бийиктикти, жантаю бурчту эске алганыбызда да аларга олуттуу байланышсыздыгы жокко эселиги да эске алынды.)

Муну турмуш-тиричиликтик мисалда да чечмелесек:

Манас айылындагы өргөөнүн диаметри 9 *м*ден ашыгыраак, керегелеринин 120 башы 4 канатка бөлүнгөн. Ал эми Манас Ордодогу өргөөнүн диаметри 10 *м*ден ашыгыраак, керегелеринин 144 башы 12 канатка бөлүнгөн. Мындагы өсүш: диаметрлери (аянттары) боюнча 1:1,1; баштары боюнча 1:1,2; канаттары боюнча 1:3. Эгерде аянт керегелердин баштары боюнча өзгөргөндө 1,1 эмес, 1,2 ге; ал эми канаттын сандары боюнча өзгөргөндө ошондой эле 1,1 гана эмес, 3 эсе өзгөрүш керек эле. Бирок андай болгон жок. Демек, үйдүн өлчөмү башына да, канатка да – өссө өскөн, кемисе кемиген пропорционалдуу түз көз карандылыкта эмес.

Ошентип, изилдөөбүздүн, далилдөөбүздүн эң соңу жогоруда кеп кылынган тоо көчмөндөрүнүн боз үйүнүн аянты керегенин баштарынын же канаттынын саны менен эле так кесе өлчөнбөсүн, ага айрым учурларда гана кыйыр түрдө байланарын, ал эми тагы тигилгенге чейинкисинде керегени жайгандагы керектүү бийиктиктеги кезиндеги көзчөсүнүн диагоналын (1-схема) керегенин жалпы башына көбөйтүлгөн барабардыкка түз көз карандылыкта болот. Ал эми тигилгенден кийинкиси катардагы ченөө ыкмасы менен эле аныкталат.

Ушуга катар эле жогоруда кепке алынган айлана түрүндөгү турак жайдын аянтынын пайдалуулугунун коэффициентинин чоңдугуна байланышылган бир ма-

калага кайрылсак: ага тик бурчтуктун, квадраттын периметрлери жана тегеректин айланасынын узундугу (муну периметрге салыштырууда айырмасыз) 19 *м*лик болгон 3 геометриялык фигуралардын аянттары кабылданат. Мында коюлган шарттын сакталуусунда, мисалы: периметри 19 *м* болгон – узуну 6,5, туурасы 3 *м* болгон тик бурчтуктун аянты 19,5 чарчы *м*ди, ошондой эле периметри 19 *м*ди түзгөн – жактары 4,8 *м* болгон квадраттын аянты – 22 чарчы *м*ди, ал эми айланасынын узундугу 19 м болгон тегеректики – 28 чарчы *м*ди түзүп жатат. Жыйынтыктап айтканда үчөөнүн ар биринин курчамы 19 *м* түзгөн менен ар биринин аянттары ар башка болуп 19,5 жана 22 жана да 28 чарчы *м*ди түздү (бул математикалык байланыш адис илимпоздордон илимий негизде түшүндүрүлүүгө жатат).

Мындан айлана түрүндөгү курулмалардан (өзгөчө, эл көп топтолуучу оюн-зоок жайларын ж.б.) экономикалык ыңгайлуулук чоң экендигин көрүүгө болот.

*Үшүү* (көзөө) жумушун аткаруу үчүн үшкүнүн ортоңку жыгач тулкусуна *олоң* деп аталган кайыштан өрүлүп даярдалган, узундугу 130–150 *см*че жип сымал нерсени (шашылышта анча жоон эмес жипти деле колдоно койсо болот) 3–4 ирет орошот. Жумуш эки адам аркылуу аткарылат. Алардын бири казыктардын жогору жагына олтуруп алып, олоңду кезектештире алгаартка тартып үшкүнү кыймылга келтирет, экинчиси казыктардын капталына олтуруп, көзөлүүчү жыгачтарды бирден көзөлүүгө белгиленген, башкача айтканда, теңгектелген жеринен ортолото үшкүнүн учуна такап, түртүп көзөтөт да, көзөлгөндөн кийин артка тартып чыгарып алып, кийинкисин көзөтүүгө өтөт. Орточо үйдүн керегелерин 2 адам 3 саатта көзөп коюу-



10-сүрөт. Көсөө

га болот. Бир кишилик көсөө өтө муктаждыкта гана болбосо, ал ыйгайсыз. (10-сүрөт)

Үшкүнү колдонууда адам күчү көбүрөөк жумшалса да эмгек өндүрүмдүүлүгү механикалык көзөөдөн 1,5–2 эсе өндүрүмдүү, ал эми эң так-тыктагы өндүрүмдүү электрбургуну колдонууда дээрлик бирдей эле турат. Ошондой эле бургу менен көзөөдө керегенин сырт жагынан майда жарканда чыгуусу да ыктымал, а үшкүнү колдонууда андай жарканда чыгуу болбойт.

Керегенин жыгачынын ортосунан жогорку жагынан бир көзөлүүчү жери, төмөн жагынан да ошондой эле аралыктагы бир көзөлүүчү көзү көзөлбөй калтырылып кетет. Калтырылган бул орундар *азат* деп аталат. Мындай азат калтыруу, биринчиден жумушту аздыр-көптүр үнөмдөө, экинчиден керегелердин жайылып, жыйылып туруусун аз да болсо жеңилдетмекчи. Тор көз керегелерде булардын саны көбөйтүлүшү да мүмкүн. Бабалардан алардын азат деп аталышы, көзөлбөй азаттык берилди дегендей мааниден аталып калган го деп да ойлоого болот.

7. *Керегенин көктөлүшү:*

Керегe көзөлүүсүнөн кийин көктөлүүгө өтөт. Көктөө көк менен жүргүзүлөт. Көктү түйүү (топчулоо) жумуштары төмөндөгүчө аткарылат. Көктүн түп жагы 1–1,5 *см*дей жери кабатталып бүктөлүп, дал ортосунан 2 *мм*дей жери жара тилинет. Андан кийин жазып жиберип, ошо эң түпкү учун кайрып тилинген тиликтен өткөрүүдөн түйүнчө пайда болот. Керегенин көзүнө

өткөрүлгөндө, ошо түйүн өткөрбөй такап калат. Көк үстүнкү экинчи жыгачтын көзүнөн өткөрүлөт да, ошо үстүнкү жыгачтын үстүнө такай жери тилинип, көктүн учу ал аркылуу өткөрүлүп, ал жерде да эң алдындагыдай түйүн пайда болот. Көктүн түйүндөлгөндөн (топчулангандан) кийинки бөлүгү кесилип алынат да, кийинки көзгө жогорудагыдай жол менен эле кайта даярдалат.

Керегенин көзүнүн саны көбүнчө 13, 15 жана 17ден болуп так санда даярдалат. Токууда иш башынан болуп, анын так ортоңку көзөнөгүнөн (жогорудагылар боюнча 7, 8 жана 9-чу көзүнөн) экиден бириктирилип (кошулуп) көктөлөт. Экинчи кадам – кошулган керегеден бирди алып, алдыңкы керегенин баш жагын сол колдун колтугу жакка келтирип кайчылаштыра жаят да, дагы бир кошулган керегени жалгаштырып, андагы дал келген көзчөлөр көк менен бириктириле көктөлөт. Андан ары ушундай эле үчүнчүсү, төртүнчүсү жалгаштырылып (токулуп) кете берет. Кошулган керегелерден 15–18тейи токулганда токтотулат. Эки четтериндеги жалантык чыгып турган, башкача айтканда бир кат керегелер арааланып, бир четиники экинчи четине алмашыла кабатталып көктөлөт. Жумуштун бул түрү *сака-нактоо* деп аталат. Керегенин жогорудагы көктөлүп, саканакталып бүткөндөн кийинки толук турпаты канат (бир канат кереге) деп аталат. Бир үйдүн керегесин бир токуган боюнча (канат канат кылып токубастан)



11-сүрөт. Керегенин көктөлүшү

көктөп туруп, аягында араа менен тартибине карата бөлүп-бөлүп койсо да болот. Мурунураак убактарда кереге көктөө жумушуна устаны кириштирбестен катардагы адамдар эле (ашар сыяктуу) көктөп коюшчу. Ал кезде кереге көктөгөндү билбеген кыргызды табуу кыйынга турар эле.

Кереге ишиндеги акыркы жумуш – аяк жагын тегиздеп араалоо менен жыйынтыкталат.

8. *Ууктун жасалышы:* Уук жасоо жумушу жогоруда керегени даярдоодой эле тартылып, ымдуулугу жөнгө салынып, ысытылып маталып, копшолуп, кобулданып, жошолонот. Андан соң боо өткөрүлүүгө башынан 8–9 *см*че жеринен көзөлөт. Узундугу текшерилип такталат да учу төрт кырча (туура кесилген, төрт бурчтуу пирамида түрүндө учун карай ичкертилет) болуп учталуу менен аяктайт. Учтоодо 6–7 *см*дей жеринин асты, үстү эки каптал беттери ууктун негизги тулкусуна бир мейкиндикте так дал келтирилиши шартталат. Тактыкты сактабоо, ал үйдүн тетиктеринин бир-бирине коомайлуулукта биригишине шарт түзүп, байымдуулугун, көрктүүлүгүн азайтат, ууктун учтарына басымдын бирдей түшүүсү сакталбайт.

9. *Түндүктүн жасалышы:*

Түндүккө ийилүүчү жаактарды (диаметри 10–12 *см*, узуну 2,5–3 *м*дей болгон шыргый түрүндөгү кайың же тал) жогорку жагынын ички бетин бир аз балта менен жукарта чаап, эни жазыраак болсо эки жанынан бирдей өөнөй чаап ичкертип, бирдейирээк үлгүгө келтирип, ийүүгө даярдалат. Жаак жыгач көп убакыт мурун кыйылып, башкача айтканда өтө кургак болсо, ага 10–15 сaaтка чейин (кээде андан да көпкө) сууга чөгөрө салынып, нымдуулук өткөрүлөт да, чоңураак салынган корго бир аз нымдуураак кык менен аралаштыра 1,5–2 саат

көмүлүп, 80–90 пайыздык ысыктыкка жеткирилет. Андан аркы жумушту толук ийип алганга чейинкиси эки адам тарабынан аткарылылат. Ысытылган жаакты тездин көзүнө салып, улам-улам кыдыртып итере түртүп, бир бетине ие баштайт. Бир аз жаача үлгүсүнө чыга баштаганда, анын эки учуна атайыланган илме жипчелер салынат. Аларга бириктирүүчү аркандар, жеңил жылуу үчүн илмек темирлер колдонулат.

Аркандар салмак менен жыгачтын ийилүүсүнө карата бир бирине саал жакындатылып тартыла берет. Кайрадан жаакты бөлөк ийиле турган жеринен тездин көзүнө туура жагынан аркан аркылуу бир убакта итере тартуу менен улам 2-3 жолу кайталап, андан кийин учтарын бириктирген арканды саап жакындата берет. Ушинтип туура жагынан да, узата жагынан да аркандарды кезектештире жакындата берип, акыры жаакты жарым айланага алып келет. Эгер биринчи аракетте иш аягына жакындай албаса, ал күнү калтырып катыра түшүп, бөлөк жолу дагы ийүүгө керектүү бөлүгүн корго ысытып алып, жогорудагыдай эле ыкмалар менен улантуу башталат. Айрым учурларда үчүнчү, төртүнчү жолу аракеттенүү менен аяктайт. Улам кийинкисинин жумушу азыраак да, жеңилирээк да боло берет. Албетте, акыркыларында айрым майда толуктоолор эле болот. Ийилип даяр болгондон кийин 10–15 күн калыптанып какшып кургаганы оңтойлуу.

Кийинки кездерде шыргыйды түндүккө ийүү техникалык өнүгүүлөргө карата анча-мынча техникалык каражаттарга таянылган механикалык ыкма колдонулуп жүрөт. Анда тез ордуна түндүктүн ийилүүсүнө өлчөмдөш дөңгөлөк тандалат. Анын 3–4 жерине чынжыр бекитилип, андан сырткары бир учу иймекчеленген рычагдык милдет аткарууга мерчемделген 3–4

чакан ломчолор колдонулат. Алардын жардамы менен жашытылган жыгачты (ысыктык сиңирилген) улам-улам чынжырдын көзчөлөрү боюнча итерип дөңгөлөктү айланта ийилтет. Бул өндүү курулмага чынжыр, ломсуз, сайчаланган буралма кыскыч конструкцияны колдонсо, иш андан да жеңил болмокчу.

Дөңгөлөк ордуна цементтен ыңгайланып куюлган стационардык курулмаларды да колдонсо болот.

Түндүктү ушундай механикалык ыкмалар менен ийүү – бабалардын боз үй жасоочулуктагы жеңилдетилген жумуш операциясынын бирден бири. Чечмелей тагын айтканда, бабалар ыкмасы калган бүткүл операциялар боюнча убакыт боюнча да, материалдык каражат боюнча да жана эң негизгисинен болгон сапат боюнча да артыкчылык кылат.

Кезектеги иш – ийилип, кургатылып, катырылгандан кийин бириктирилип толук айлана түрүнө келтирилип, кайчылашкан жерлерин көсөп, мык сымал жоон темирди өткөрүп, анын учтарына кадоо салып бөрктөп бекитүүдөн турат (көп сегменттерден куралгандары бири бирине аштальп, желимделип бекитилет). Андан соң уук сайылуучу оюктарды жасоо ишине кезек жетет. Бул жумуш ийгелекти чалкасынан (бул убакта асты, үстүнүн айырмасы деле болбойт), тескери бетинен ала салдырып, болжолу 40–45 пайыздык бурч менен (кереге менен түндүктү кошуучу ууктун жантайышына болжолдонуп) ар бир көзүнүн аралыгы 5–6 *см*ден бургуланып көзөлөт. Көзөнөктөр – сайылуучу негизги ууктардын санына жана баш босогосуна тушташ бөлүгүнө туура келүүчү аралыкка мерчемделген 8–10 көзчөгө (анын бир азына эшик уuktар сайылып, калганы ашык иретинде бош калат) тууралaнат. Демек, 60 баш үйгө 70тей, 80 баш үйгө 95ке жакын көзчөлөр чыгарылат.

Кезектеги жумуш ууктун учунун үлгүсүнө түспөлдөш узундугу жарым *м*ден ашыгыраак казыкча темирдин учун ысытып сайып, көздөрүн темирдин учундагы үлгүсүнө салып кеңитип чыгат. Кеңитүүдөгү төрт бурч көзчөнүн жактары түндүктүн жаасына асты, үстү болуп эки жагы да, эки капталы да (негиздери ар кандай болгон төрт бурчтуу призма түрүндө) параллель болуп жасалат. Жумуштун бул түрүн *чулгур салуу* деп аташат. Түндүктөгү жана уук учундагы үлгүлөр бирдей тыкан жасалышы – боз үйдүн байымдуулугун, көрктүүлүгүн камсыз кылат. Түндүктү түрпүлөп, жылмалап үстүнкү бетине бир бетине ийилген бир каты астынан, экинчи каты үстүнөн болгон, бир бирине перпендикуляр карпы-терши бөйрөкчө ийилген таякчалар (чамгарактар), орто өлчөмдөгү түндүктөргө үчтөн алты, чоңурагына төрттөн сегиз даана чегеленип бекитилет. Өзгөчөлөнгөн түндүктөргө алардын саны арбытылышы мүмкүн. Чамгаракка белтириктер (чамгарактардын учтарына жакын жеринен туурасынан кадалган кооздук тактайча) тагылат. Эң акырында жошолоо менен устанын милдетинен биротоло чыгарылат.

10. *Кийиз жасоо.* Боз үйгө даярдалган кийиз койдун күзгү кылчык жүнүнөн (кээде ага бир аз жазгы жүндөн да аралаштырса болот) ар кандай чоңдукта, калыңдыкта басылып жасалат. Анын иш башы жүндү чыбаштан жана ар кандай кирлерден тазалоо максатында жууп, андан соң тытылат. Кийинки кезек талпактын жүнсүз бетине (көмкөрүлгөн) жайгаштырылып, бышык ичке табылгыдан тандалып кыркылган узундугу 1 *м*ден кем болбогон *сабоо* деп аталган чыбыктар менен сабалып, үлпүлдөнөт. Сабоого бир топко бир мезгилде 1ден 4кө чейинки сандагы айымдар тартылса болот. Ар бир айымдын эки колунда эки сабоо болот.

Алар кезектешилип, бири урулганда, бири көтөрүлүп турат. Ошентип баарынын сабоолору ортодогу додолоно ташталган жүнгө тынымдалбаган бирдей ыргакта урулуп турат. Музыкага үлгүлөнгөн мындагы дабыраган дабыштан алыстагы адам да эргүү алуу менен алардагы чеберчиликти, өндүрүмдүүлүктү оңой эле туйса да болот.

Андан соң жайылган канат чийдин бетине текшилепип салынып, жылуу суу себилип чий менен кошо оролуп сыртынан бир же эки жеринен бакан кошо таңылып, жиптер менен бекемделет. Бир адам оролгон чийдин ортосунан айланта өткөрүлгөн жиптен улам тоголото которо берет. Бул учурда жарым саатча убакыт бою 3-5 адам буту менен муш (тээп) берип турат. Андан соң уютулган жүндү оромунан ажыратылып алынып, бир нече айым катар олтуруп (эришке карата 4–5 аткаруучуга чейин), бир четинен билектеп басышат. Басылган бөлүк улам тугурукталып ороло берет. Бул учурда да аз-аздан суу текши себилип турат. Басылгандан соң жайылып кургатылат, Кийин кайрадан кайнак суу себилип, кайталанып басылат (бышырылат). Ал анын бышыктыгын жана түлөбөстүгүн камсыздайт.

Даярдалган кийиздерден бычылып, тигилип туурдук, үзүк, түндүк жабуу, эшик жабуу даярдалат.

11. *Өрмөк.* Өрмөк – колго таар (терилбей согулган), терме (термеленип согулган) токуу курулмасы жана анда даярдалган тасма. Ал анын жердиги болгон – жип жүндү даярдоодон башталат. Жүн кыркылган соң таза жуулуп, тытылып, сабалып, ийрүүгө ылайыкталып созулуп тоголоктолуп түйдөктөлөт. Түйдөктү ийрүү учурунда сол колдун ортонуна иле турган анын буйласы болот. Түйдөктөлгөн жүндү ийрүү ийикте жүргүзүлөт. Ал катуу кургатылган талдан же тобулгудан башынан

төмөн карай ичкерген узундугу 30–35 *см*, жоондугу 7–10 *мм*дей чабакча жыгачтан даярдалат. Анын баш жагынан 6-8 *см*че жерине таштан, коргошундан же карападан көзөлүп жасалган тегерек башча кийгизилет. Ийиктин башын жогору жагына өткөрүлгөн чий буйласы деп аталат. Ийрилип, ийик баштын алдына тоголок түрүлгөн жип көлөмү көбөйүп салмактанганда ийик баш алынат да, тоголок жип чыгарылат. Муну бир баш алмай жип деп айтат. Андан соң челденип, келептенет. Эгер жип термеге арналса, келеби менен ар түрдүү боёкко боёолуп кургатылат. Мында туура тандалган боёо чебердин чыгармачылыгынын ажарын ачып, адамга зор эмоциалык таасир берет. Андыктан ага маанинин берилиши айныксыз иштен.

Жүндү, жипти кустардык ыкмада боёодо химиялык заттардан сырткары айрым өсүмдүктөрдүн жалбырагынан, кабыгынан, сабагынан жана тамырынан даярдалган боёктор колдонулат. Ал өсүмдүктөрдүн чогултулуусу жайдын акыркы айындагы мезгилдерге тууралaнып, ал күндөрдүн акырында жүргүзүлөт. Бул учурда алардын боёк болуучу касиеттери күчүнө келет. Жыйналган өсүмдүктөр күн тийбеген жайда кургатылат. Жүндү сары өңгө келтирүүдө – чычырканактын тамыры, тоо гүлдөрү, кызылга чалкандын тамыры, жашыл түскө боёшко, анын сабагы жана жалбырагы керектелет. Мала кызыл, даана кызыл өңдөргө келтириш үчүн анардын кабыгын да пайдаланышат. Кара түскө келтирүүдө жаңгак мөмөсүнүн кабыгы, саргыч кызыл жана күрөң кызыл түскө келтирүүдө пияздын кабыгы колдонулат. Боёодон соң 1–2 *кг*дан бир нече түрмөккө түйдөктөлөт. Андан кийин 2–3 адамдын аткаруусунда 4 жерге 4 казык кагылган курулмачада, алардын бою менен түйдөк жип жүгүртүлүп чыгат. Жүгүртүлгөн

жиптин узундугу 15–20 *м* болуп, эни 15–25 *см*че жазылыкка жеткендей сандагы тал жиптерден курамдоо мерчемделет. Эриш жүгүртүлүп бүткөндөн кийин тизгин (түштүктө шерик) байлоочко илинет.

Өрмөктүн курулушу баш жагынан үч бурчтук сыяктуу 1,5 *м*ге чамалуу үбөлүктөй таяктардын баштары кайчылап арчындалып байланат да, ылдыйкы учтары жерге тирелет (айрым жерлерде мындай үч бурчтуктун ордуна иймекей үлгү колдонулат). Ага күзүк көтөргүч тагылып, күзүк чыбык менен күзүк жип кошо байланат. Жогорудагы 4 казыкта эриштелип, тизгинделип коюлган жип казыктардан чыгарылып, бир учу (аягы) кергич казыкка, экинчи уч (башы) жагы керме темир аркылуу эки темир казыкка чылбыр менен кериле байланат. Өрмөкчү баш жагына кагылган 2 казыктын жанында (бир орунда) олтуруп, ар бир жипти (эришти) четинен үстүнкү менен астынкы эриштерди чаташтырбай аркы-терки кылып күзүккө (кебез жипке), анан күзүк чыбыкка күзүктөйт. Өрмөктүн 2 күзүгү болот: кезектелип бирөө өйдө чыгып, экинчиси түшүп турат. Алар чыйратылган тизгин жип менен бөлүнөт. Мында тизгин өрмөктүн энинин бир калыпта согулушу, эриштердин чаташпай турушу үчүн да кызмат кылат. Эриш куруудa күзүктөрдө согулуучу буюмдун энин, ага түшүрүлүүчү терме көчөтүн, алардын көркөмдүүлүгүн эске алат.

Өрмөктү согууда эриштердин арасына аларды ажыратып, кайра бириктирме жука тактай – адыргы (узундугу 40–45, жазылыгы 15–17, калыңдыгы 3–5 *см* келген, баш-аягы, эки кыры бирдей жукартылган тактайча) салынат. Адыргыны өрмөкчү өзүнө тартып, кырын өйдө кылганда, эриштер каршы-терши болуп, ортосунан аркак (эриш жиптерге туурасынан айкаш-

тырылган жип) өткөрүлөт да, ал жыгачтан жасалган кылычтын (адыргыдай эле өлчөмдөрдө, бирок бир кыры гана жукартылган сабы бар бычак түспөлүндөгү тактайча) сокмогу менен бекемделет. Өрмөк согууда боз үйдүн сызма түрүндөгү боо-чуулары, жасалгалоодогу жабык баш өңдүү бир топ эмеректери даярдалат.

12. *Чий согуу жана чийди чырмап согуу:* Чий согуу үчүн аралыгы 1,5 *м*дей жерге 2 мамыча орнотулат да, үстүнө туура жыгач бекитилет. Ал жыгачтын үстүнкү бети 10-12 *см* аралыкта бир нече жеринен муунакталат. Муунак арта салынган жиптин жылышып кетпесин камсыз кылат. Чыйратылып даярдалган жоондугу 1–2 *мм*дей, узундугу 100–200 *см*дей жүн жиптин эки учуна бирдей салмактагы 9–10 жуп сүйрү таштар байланып, туура жыгачтагы муунактардын үстүнө ортосунан арта салынат. Таштардын салмагынын азыраагынан жип жакшы тартылбай бөлтөйүп, тескерисинче көбүрөөгүнөн ичкерип кетиш ыктымалдыгынан, аны туура аныктоо мааниге ээ. Андан соң 3–4 чийди бириктирип шоона менен беш-алтыны чырмап, анын алгачкысын кош жаак жиптин ортосуна коюп, таш байланган жип оңу солго, солу оңго аркы-терки өткөрүлөт. Жуп таштардын бирин алмаштырып, бирин алмаштыр-

а)



12-сүрөт. а) Өрмөк согуу



б)

б) Чий согуу

бай жүрүп олтурат. Таш дайыма сол жагына алынат. Оңду-солду ала берүүдөн арсак-терсек болуп өңүнө чыкпай калат. Шоона менен чырмалган чийлер коюлуп бүткөндөн кийин жалпы чийден (акталган же акталып чырмалган чий) биринин үстүнө кийинки чий жана андан кийинки чийлер коюлуп кете берет. Соңунда башындагыдай шоона жипке чырмалган чийден согулуп оозу бекитилет.

Чийди согууга коюштуруда кезектештирилип чийдин дүңгөсү бирде солдон оңго коюлса, бирде оңдон солго коюлат. Дүңгөлөр чийдин эки четинин табыгый чети болгонго мерчемделет (12б-сүрөт). Ага карата чий толук согулуп бүткөндө четки ашыкча бөлүгү (өсүп турганындагы учтары) тегизделет. Тегиздөө жаздык жыгаччага коюлуп, курч керки же секатор менен да жүргүзүлөт. Чийдин башынан, аягынан жип шыпырылып чыгып кетпес үчүн ийрек бастырылат, же чийдин дүңгөсүнө байырлантып бекитсе да болот.

Согулган чий негизинен шамалда жайылган жүндү калкалоого, курут, как жана башка кургатылуучу тамак-аштарды жайып кургатууда, аш-тойлордо бышкан этти жайгаштырып туруусуна, боз үйдөгү жерге салынган шырдак, ала кийиздердин асты ным тартып, көк жыттанып кетпес үчүн астына төшөгөнгө, кийиз жасоого оролгон жүндү уютуга, боз үйдүн эшигин, ашканасын,

керегесин сыртынан калкалоого ошондой эле сувенир буюм-тайымдарды жасоого колдонулат.

Чий чырмоодогу эң татаал иш – чийге оймонун томоосун түшүрүп, чегип алуу. Ал үчүн чырмалуучу чийди жерге кыдырата тегиз тизип алып, мерчемделген оймонун томоосу жоон ийне же абдан учтуу шибеге менен чегилет. Чийге чырмалуучу жүн көк, кызыл, жашыл, сары өңдүү бир өңчөй өңдөргө бөлүнүп, тытылып ичке келептенип түйдөктөлөт да жука созултулуп чийге оролот. Оролгон чий оюунун түрүнө жараша катар тизилип, андан кийин гана чий согулуучу курулмада бириктирилет.

Чийди чырмап согуунун дагы бир ыкмасында мамычалардын үстүнө туурасынан коюлган жыгачтын ордуна эни жазыраак такчайча колдонулат. Мында, пайда болуп жаткан томоо маңдай алдында көрүнүп турат. Кийинки чийди кандай чырмоо да оңой мерчемделет. Демек, алдын ала ар бир чийди чегип, соңунан чырмоо, иш жүрүшүндө эле чегүү колдонбостон дароо чырмоо менен алмаштырылат.

Чырмалган чийди согуп бүткөндөн кийин жарым метрче жери чырмалбай актай согулат. Ал түрүлгөнүндө эң сырткы бетине келип нымдуулуктан, булганып калуудан жакшы сактайт. Андан кийин тиги башындагыдай шоона жипке чырмалган чийден согуп оозун бекитет.

Чий токуучу жип кой менен эчкинин жүнүнөн аралаштырылып ийрилип, сол чыйралат. Согулуп даярдалган чий – *актай чий* жана *чырмалган чий* деп айырмаланышат.

***Боз үй эмеректеринин сакталышы.*** Боз үйдүн жыгач эмеректери күч келип ийилбегендей, матоосунан жанбагандай абалда ууктарын ирети менен чакан-

дап боолап тегизикте жаткырып же боолор менен 2–3 жеринен асылып коюлусу; керегеси таңылып кырынан же ички бетин сыртка каратып тикесинен тургузулусу; тутуусу, боо-чуулары, чийи күбө жебеш, чычкан уялабаш үчүн арасына эрмендин, шыбактын бүрүнөн сээп, тыкыс ороп, бекем таңып, жаандан, күндөн оолак, кургак, ным тартпаган жайларда сакталышы шарттталат. Алар узакка сакталганда кезек-кезегинде күнгө жайып сергитип, какшытып туруу керек. Өзгөчө чий ным, караңгы жерге туруп калса көөп, кайра кургаганда тартылып туруусунан бат эле бырчаланып сынма болуп калат. Андыктан узак убакка пайдаланылбаса кезек кезегинде шамалдатып туруу натыйжалуу.

***Боз үй эмеректериндеги оймо-чиймелер.*** Оймо-чийме (орнамент) менен көркөмдөө адамзаттын көркөм маданиятынын эң байыркы мурастарынан. Ал жазуу пайда болгончо, анын милдетин аткарган. Маданияттын өсүп-өнүгүүсүнүн натыйжасында андан чиймечилик, сүрөтчүлүк бөлүнүп чыккан.

Кыргыз окумуштууларынын кыргыз оймо-чиймелеринин пайда болуусун изилдөө көптөн берки түйшүктөнүлөрүнөн. Анын эң байыркыларынын өкүлдөрүнөн кыргыз жергесиндеги неолит заманындагы Ысык-Көл дубанындагы Сары-Жаз суусунун жээгиндеги Ак-Чуңкур үңкүрүндөгү дубал беттериндеги, коло доорунда Көкарт капчыгайындагы Саймалы таштагы аска боорлорундагы сүрөттөлүштөрдү атасак болот. Аларга андан кийин археологиялык казуулардан табылган буюм-тайымдарга, байыркы архитектуралык курулмаларга түшүрүлгөн оймо-чиймелер кошулат.

Кыргыздарда буюм-тайымдарын, архитектуралык курулмаларын көркөмдөөдө, анын башаты катары малдын мүйүзүнө, куштун канатына түспөлдөө негиз ка-

тары кабылданган. Буларга карата малдын мүйүзүнө салыштырылып «кочкорок», «кочкор мүйүз», «сыңар мүйүз» ж.б. куштарга салыштырылып «бүркүт канат», «куш тырмак», «карга тырмак», «каз таман», «каркыра» өңдүү аталыштагы түрлөр колдонулган. Мындай тагдыр дүйнөлүк алкакта: Грецияда (мындан 3 миң жылдан ашуун мурунку микен маданияты учурунда), байыркы Иранда, Кытайда жана Индияда геометриялык фигураларга окшогон өсүмдүктөр; батыш элдеринде – арча; армян менен грузиндерде – жүзүмдүн жалбырагы, сабагы; өзбек менен тажиктерде – гүл, анар, бадам, калемпир; коңшубуз казактарда биздегидей эле мүйүз, куш канаттары болгон.

Кыргызда оймо–чийме менен боз үй эмеректерин көркөмдөө (орнаменттөө) эң байыркы мезгилдерден бери эле болуп келген. Ал жыгач эмеректеринде:

– бирөң же ар түрдүү боёктор менен боёлот,

– металл аспаптар менен оюулат же ысык темир менен куйкаланат,

– атайын өзүнчө даярдалган жасалгалар менен чегеленип (ууктун билектерине, түндүгүнүн айрым бөлүктөрүнө, босого-таяктарына, каалгаларына) бекитилет.

Бабалар оюулоону, сырдоону төмөндүгүдөй ыкмаларда аткарган. Оюулоодо: жыгачтын бетин керки менен тегиздеп (тактай тилгич, сүргү пайдаланыла элегинде), чийки көк боор менен сүртүп, кара көөдөн жука жалатып, бор менен оюунун контурун түшүргөн. Боёодо даяр минералдык заттардан сырткары (жошо), ар кандай өсүмдүктөрдүн тамыры колдонулган. Мисалы, чинаштын тамырын кургатып, күкүмдөтө майдалап, аны кайнак сууга салып, ага талкаланган борду кошкондо, алар клей сымал ак массага айланган. Ал ак түс берүүдө пайдаланылган ж.б.



13-сүрөт. Үзүккө жана босого-таяктарга, каалгаларга колдонулуучу көчөттөр.

Тутуулар ар кыл материалдардан түстүүлөнүп оймолонгон же жөн да, термеленип да согулган тасма менен жалгаштырылып жөрмөлүп коздолот.

Боо-чуулар бир түрдүү да, ар түрдүү да өңдөрдөгү жипчелерден өрүлөт, тасмалар жөн да, термеленип да согулат. Ал эми жасалга, жабдууларын көркөмдөө жердиктеринин түрүнө карата ыңгайланат.

Ошентип кыргыз оймо-чиймелерине назар салуучулар, андагы омоктуу ойлорду окуйт, философиялык маани-маңызды чечмелейт. Алардан улуттук тарыхыбызга, дөөлөттөрүбүзгө гармониялуулук камсыздаларын көрүүгө болот.

XX к. аягында, тактап айтканда бүгүнкү күндө жогорудагылардай үлгүлөр (13-сүрөт) колдонулуп жүрөт. Алардан улуттук оймо-чиймелерибиздин узакка созулган эволюциялык өнүгүүсүнүн баскан жолу, ошондой эле уламкы өзгөрүүгө, өнүгүүгө байланышчу эстетикалык табит баамдалат.

# БОЗ ҮЙ ЭМЕРЕКТЕРИ ЖАНА АЛАРДЫ ТОПТОРГО БӨЛҮҮ

Боз үй – байыркы бабаларыбыздан бери эле бирден бир турак жайыбыз болсо, эң кийинки бир кылымга жакынкы мезгилден бери гана көмөкчү турак жайга айланган. Демек, алгачкысында кандай эмеректерден турса жана алар кандай милдет аткарса, азыркы боз үй да ошол эле эмеректерден туруп, ошол эле милдетти аткарып жаткандыгынан бөлөк турак жайлардан айырмаланып, ал өндүргүч күчтөрдүн, маданияттын өнүгүүсүнө, социалдык мамилелер, экономикалык жагдайлардагы өзгөрүүлөргө өтө түздөн-түз байланышпаган турак жай десек болот.

Боз үйдүн өздүк курамын, негизги турпатын (каркасын) түзүүчүлөр – жыгач эмеректери: дубалы (кереге), кумпасы (уук), төбөсү (түндүгү) жана босого-таяктары каалгалары менен; жабуулары: дубалын жабуучу – туурдук, кумпасын жабуучу – үзүк, төбөсүн жабуучу – түндүк жабуу, эшигин калкалаганга же чий эшигине кошо көктөлүп калкалануучу кийиз эшиги; чийлерине: дубалына калкалануучу канат чий, эшик чий. Булардан сырткары жогорудагы эмеректердин бир бирине бириктирүүгө арчындалууну, чалынууну, оролмолоону камтып илмектеп казык баш чалуу, күрмөө ыкмаларында байламалык милдет аткарган тасма, эшилген, өрүлгөн, кайылган түрлөрдөгү боолор.

Кеп кезегинде ошол боз үй эмеректеринин ар бирине өз-өзүнчө кыскачалап мүнөздөмө берүү менен алардын өз ара топторго бөлүнүшүнө сунушубузду айтмакчыбыз.

***Боз үй эмеректери: Жыгачы.***

**Кереге** – боз үйдүн дубалы катары тургузулуучу жасалга. Ага уук уланып, анын экинчи учу түндүккө сайылып, боз үйдүн негизги турпаты курулат. Ал диаметри 2,5–4,0, узундугу 180–230 *см*ге чейинки чабакчалардан (тал, кайың) жасалат. Жогору жагынан 60–90 *см* жери алакандалып (жонулуп), тийиштүү үлгүгө келтирилип маталып (ийилип), копшолуп, кобулданып (сайча салынып), жошолонуп (боёлуп), теңгектелип (көзөлчү жерлери белгиленип), бир нече жеринен үшкү менен үшүлөт (көзөлөт), көктөлөт (жип сымал чийки тери менен бириктирилет). Боз үйдүн керегелеринин ар бир өзүнчө чакан тобу *канат* деп аталат. Алардын саны ар бир үйдө 3–4төн 5–6га чейин болот. Абдан өзгөчөлөнүп жасалган эң чоң боз үйлөр 12 канатка чейин жеткирилген.

Керегенин ар бир уук улануучу кайчылашкан ачакей башы *баш* деп аталат. Ошол керегелердин жалпы башы боюнча үйдүн көлөмү өлчөнөт. Мисалы, 60, 75, 90, 100 баш үй деп айтылат. Даярдалган керегелик жыгачтын аягы жерге жайгашуусунан ным тартуулары, күч келүүлөрү көбүрөөк болот. Айрым учурларда ага каршылоо максатында ал бөлүктү жошолоо алдында малдын кайнак майынан ичирүү колдонулат.

Кереге көктөлүп бүтүп калганда анын четки жалаңтык жыгачтары кыркылып, баштапкылары бүткөн жагына, бүткөн жагындагысы баштапкы жагына алмаштырылып, демейдегидей эле кабаттала көктөлөт. Кыркылган майда таякчалар *саканак* деп аталат да, ал эми анын жумуш операциясы *саканактоо* деп белгиленет.

Кайчылашкан жерлеринин саны канча болсо, ошончо *көктүү* деп аталат. Алар көбүнчө 11ден 17ге чейин

болот. Көзүнүн саны көбүрөөк болуп, алардын аралыгы канчалык кичирээк болсо, ошончолук кыскараак жайылып, байымдуулугу көбүрөөк болот. Көзчөлөрүнүн чоңураагын жел көз (9 жана 11 көктүүлөрү), орто рогун орто көз (13 жана 15 көктүүлөрү), кичирээгин (15тен көп көктүүлөрү) тор көз делип бир биринен өзгөчөлөнөт.




14-сүрөт. Боз үйдүн жыгач эмеректери: а) түндүгү, б) эргилчек эшик босого-таяктары менен, в) кереге, г) уук

**Уук** – керегe менен түндүктү бириктирүүчү чабак жыгачтардан жасалган буюм. Ал үйдүн көлөмүнө карата болжол менен диаметри 3–5 *см*, узундугу 2–3 *м*че болот. Башынан 60–80 *см* жери алакандалып ичине иймектелип (бул бөлүк ууктун билеги деп аталат), калган бөлүгү жумуру калтырылат. Ал бөлүк ууктун тулкусу деп аталат. Алакандын иймектиги канчалык көбүрөөк болсо, кумпалык бөлүктүн жантыктыгы ошончолук жапызыраак, азыраагы тескерисинче ошончолук тикерээк жантайылат. Керегеге байлануучу жоон башы көзөлүп боо өткрүлүп, ал боо менен керегеге байланып бекитилет. Түндүккө сайылчу ичке учу төрт кыр түрдө учталат. Мындай учталыш салмак түшүүчүлүктөн, байымдуулуктан, көрктүүлүктөн сырткары, өзгөчө тигүү, ошондой эле пайдалануу мезгилинде да түндүктүн бир жагына буралып (тегеренилип) кетишине жол бербейт.

Ууктардын жогорку учтары жаан-чачынга кабылууга оңтойлуусунан, күч келүүчүлүк барынан, ал бөлүктү бышыктоо апыктык болбогон. Бабалар ал үчүн учту жогоруда айтылган керегеникиндей эле малдын (көбүнчө эчкинин) майынан ичирүүнү колдонушкан.

Керегенин ар бир башына бирден уук уланып, андан сырткары босогонун жогорку туура таягына (баш босогого) жалпы ууктар менен бирдей жантайланууну камсыздаган, босогонун керегеден өйдөрөөктүгүнө, башкача айтканда анын бийиктигине карата кыскараак, ага карата үлгүсү бир аз бөлөкчөрөөк иймектеги (бир карыштай гана жери) 3–5 эшик уук аттагы уук сайылат. Бир боз үйгө көлөмүнө карата 40–100 уук керектелет. Ал керегелердин баштарынын санына жараша көбөйтүлүшү мүмкүн.

**Түндүк** – боз үйдүн төбөсүнөн жарык киргизүү жана от жакканда түтүн чыгууга ылайыкталган 2 же андан

көп сегменттерден толук айлана түрүндө куралган алкак жыгач. Алардын бириктирилген жерлери мурун жылкынын же уйдун чылгый тарамышы менен оролуп бекитилсе, кийинчерээк мык менен чегеленип бекитиле баштаган. Түндүктүн чамгарактары үчтөн алты же төрттөн сегиз чабакча жыгачтан жаа түрүндө даярдалып, бир бирине перпендикуляр түрүндө жайгашып, алардын кайчылашкан жерлери мурун көк менен бекитилсе, азыр бөрктүү мыктар менен бекитилет. Чамгарактардын түндүктүн алкагына сайылган жеринен жарым метрче жогору жагынын ар тарабына 4 билек бекитилет. Ал билектер *белтирик* деп да аталат.

**Босого-таяктары.** Босого-таяктары аттуу жалпы аталыштагы эмеректердин курамына бирдей өлчөмдөгү эки каалгаларга тиешелүү болуп, аны төрт жагынан жээктей чарчылап турган 4 таякчалары кирет. Алардын: астынкы (аякы босого (жер босого деп да аталат), үстүнкү (баш босого) туура таяктары – туурасы 6–8, бийиктиги 8–10, узундугу 90–100 *см* жана жан таяктары ошондой эле өлчөмдөрдө, бирок бийиктиги 160–180 *см* келген жуп-жуптан болгон төрт кыр (брус) түрүндөгү 4 таякчадан даярдалат. Аякы, башкы босоголордун ар биринин эң четтеринен 5–6 *см* аралыгынан баштап узундугу 5–6, туурасы 2,5–3, тереңдиги 4–5 *см* келген 4 оюкча оюлат. Ал оюкчаларга жан таяктары аштала киргизилет да, тик бурчтуу төрт бурчтук үлгүсүнө келтирилет. Аякы, башкы босого таяктардын жан босого таяктары аштапкан жеринен дагы ортону карай жылдырыла диаметри 2,5–3 *см*че тегерек оюктар жасалат. Ал оюкчаларга эшиктердин өзүлөрүнүн тулкусунан узундугу 4–5 *см* келген ашык-машыктын милдетин аткаруучу жумуру казыкчалары киргизилет. Демек мындай абалда каалгалар ичине да,

сыртына да ачылуу, жабылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

Босогонун бардык бөлүктөрү оймо-чийме менен коздолуп, бир түрдүү, ар түрдүү сыр, боёк же жошо менен боёлот. Баш босогонун эң үстүнкү тегиз бетине эшик ууктарды таканчыктатууга 3–5 жеринен бирдей аралыкта атайын анча терең эмес оюкчалар жасалат. Ушул эле башбосого таяктын так ортосунун үстүрөөк жагынан эшик боону өткөрө байлоого көзөнөк даярдалат.

### *Тутуулары*

**Туурдук** – боз үйдүн керегесин, ууктун билегин бастыра жабуучу өрө кийиз. Ал тик бурчтуу төрт бурчтук үлгүсүндөгү туурасы 1,6–2,0, узуну 4–6 *м*дей өлчөмдөгү өрө кийизден даярдалат. Жээктери көбүнчө кара менен ак жип, кээде кызыл менен ак жиптер оң-сол эшилип жээктелет. Кой жүнүнөн жасалган жээк суу тийгенде кирип, бырышып калгандыктан айрым жерлерде топоздун жүнүнөн эшилген жип менен жээктелет. Туурдуктун жогорку эки бурчуна терме боо кадалып, аны менен ал уукка бекитилет. Бир үйгө 4 туурдук, эң чоң үйлөргө алардын сандары көбөйтүлүп жасалат. (Туурдук түштүк-батышта *тутуу* деп аталат (15-сүрөт).


15-сүрөт. Туурдук

**Үзүк** – боз үйдүн ууктарынын үстүнөн жана керегенин башынын бир аз жерин чапчыта жабуучу

калың кийиз. Анын негиздери иймек келип, алар өз ара параллель, каптaлдары тең капталдуу болуп, тең капталдуу трапеция үлгүсүндө болот (16-сүрөт). Жаанда суу болуп чети бүйрүлбөсүн үчүн четтери кыл же жүндөн атайын эшилген жип менен жээктелет. Ар бир үзүккө эки капталына үчтөн 6 боо тагылып, ошолордун жардамы менен уук, керегелерге байланып, жылмышпас болуп бекитилет. Ар бир боз үйгө алдыңкы жана арткы деп аталуучу 2 үзүк керектелет. Боз үйгө туурдуктар каланып бүткөндөн кийин биринчи алдыңкысы, анан арткысы жабылат. Өзгөчөлөнгөн чоң боз үйлөргө анын саны 4кө жеткирилиши ыктымал. Алар кооздук үчүн ылдыйкы этегинин ичинен же сыртынан эни 30–50 *см* түстүү кийиздер менен оймолонуп жөрмөлүшү да мүмкүн. Мурун түштүктө үзүктүн жээктерине эни 20–25 *см* келген кийиз же түктүү жүн материалды көктөө, ылдыйкы жээкти чегиттөө (түстүү материалдардан (кызыл, көк, кара) үч бурчтук, ромб түрүндөгү оймону каттап көктөө), төтөгөлөө (чегиттин алдына бир үйгө өлчөмү 15х20 *см* келген төрт бурчтук 40–50 кийиздин бөлүктөрү жогорку учуна топоздун бир үзүм жүнчөлөрү менен биргеленип бекитилет) өңдүү жана башка ыкмалар менен жасалгалоо кенен кездешкен.



16-сүрөт. Үзүк

**Түндүк жабуу** – боз үйдүн түндүгүнүн үстүнөн жабылуучу, үйдүн өлчөмүнө карата ар бир жагы болжолу



17-сүрөт. Түндүк жабуу

2 *м*дей келген төрт чарчы кийиз. Анын төрт жагынан жаңырылган ай түспөлүндө оюулуп коюлат. Ал түндүктүн чамгарактарынын сыртынан тыкыс, жылчыксыз томпоктоло жабылуусун камсыздайт. Жээктери туурдук, үзүк сыяктуу эле жээктелет. Анын төрт бурчуна ар кандай күч келүүдөн жырылып кетпес үчүн, ич жагына тумарча кийиз капталып көктөлөт. Ошол төрт бурчуна төрт боо тагылып, анын үчөө кырчоого байланат (17-сүрөт). Маңдайкысы жерден туруп түндүк жабууну асмандагы кубулуштарды байкоого, жаандан сактанууга, жарыкты, жылуулукту, салкындуулукту, айрым учурларда түтүндү тескөөгө карата ачып-жаап турууга бош коюлат.

## *Эшиктери*

**Эшик** – боз үйдүн киши кирип-чыгуучу жери жана ошол жерди тосо турган калканч. Анын даярдалган жердиктерине карата төмөндөгүдөй түрлөрү болот. Кийиз капталган чий эшик, кийиз эшик, кош канат жыгач эшик (каалга), эргичек эшик, эргилчек эшик. Алардын сыпатталышы төмөндөгүдөй:

**Чий эшик** – өлчөмүнө ылайыкталып акталып (кабыктарынан тазаланган) даярдалган чийлерден согулат. Анын эки учуна жана ортолоруна да эшик ачылганда чийлерге күч келбес үчүн жука тилинген көк оролгон 5–6 чий аралашыла согулат. Ал *белсөө* деп аталат. Согулган чийдин четки жактары туурасы 15–20 *см* келген кийиз туюктала эки бүктөлүп жээктелет. Ага эшик

тыш капталып бекитилет. Анын сыртынан жээктете ар түстөгү кийизден ийрек салып койсо да болот. Эшик тыштын сырт жагынан боз үйдүн кырчоосуна тушташ *тастар* боо тагылат. Чий эшиктин жогорку босогодон түндүккө чейинки бөлүгү *көнчөк* делип, анын эки жанына эки боо тагылып, боонун бири көнчөктүн оң жагындагы, экинчиси сол жагындагы ууктарга байланат. Натыйжада көнчөк кыйшайбай турат.

**Кийиз эшик** – кийизден гана даярдалган эшик.

**Кош канат жыгач (каалга)** – аты аталгандай эле эки бирдей тактайдан жасалат. Өлчөмдөрү: туурасы 40–45, узуну 150–170 *см* болот. Оймо-чиймеленип да коозодолот.

Жогоруда аталган эшиктерди бир эле убакта эки түрүн колдонууга болот. Мисалы, кош канат жыгач эшикке кийиз эшикти же кийиз капталган чий эшикти кошуп пайдаланса болот.

**Эргичек эшик** – жайкы убактарда колдонолуучу, эки жагына ачылма шаты сымал көп анча бийик эмес эшик.

**Эргилчек эшик** – эргичектей эле, бирок бир жагына гана ачылуучу эшик.

### *Боо-чуулары*

**Боо-чууларга** – аты аталгандай эле негизинен боолору кирет. Ал боз үйдүн эмеректеринин бир бирине байланып бекемделишин камсыз кылат. Аларга төмөндүгүлөр кирет:

**Баш чалгыч** – керегелердин бир бирине капшырылган жерин бекемдөөгө арналган эмерек.

**Керегe чалгыч** – керегелердин жалпы тутумун бекемдөө максатында ар кандай үлгүдө арчындата

бириктирүүчү эмерек.

**Босого чалгыч** – босогонун эки четки таяктарына баш босогону кошуп жана аларды керегеге бекитүүгө арналган жип же тасма.

**Уук боо** – уuктун башын керегенин башына бекитүүгө ар бир уукка баш жагынан 6-8 *см*че (эшик уuктардан бөлөгүнө) жериндеги көзөнөккө бир учу түйүндөлүп, ички бетинен сыртын карай өткөрүлгөн 50-60 смдей келген боо.

**Туурдук боо** – туурдукту уукка байлоого туурдуктун жогорку бурчтарына тагылган боо.

**Жел боо** деп аталган эмерек: узундугу 4,5–6 *м*дей келген 2 аркандан даярдалып, бир жак учтары түндүктүн алкагына тушма туш байланып бекитилет. Бул боо – үйдү тигүүдө тең салмактуулугун сактатып түндүктү көтөрүүгө, бүгүүдө (жыярда) кайра түшүрүп алганга, жаанда боолордун ортороок жеринен кабатай түйүштүрө салып, бакан менен тиреп түндүк жабууну жылчыктантып ачып коюуга жана катуу шамалда ал боолорго салмак салып, туруктуулугун жогорулатууда чоң мааниге ээ.

**Эшик боо** – эшиктин кийизинин сыртынан эки четине кырчоого тушташтырылып, ага байлоого тагылган тастар боо. Узундугу 25-30 *см*че келет. Милдети кырдаалга карата шамалда эшиктин далбактап учпашына, ачылып калбашына, бир жагынан үйдө узакка эч ким жокто белгилик үчүн да (мезгилдерде кулпу колдонбоочулуктан да) эки жагынан тең байланып коюлчу өтө жөнөкөй эмерек.

**Тизгич** – уuктардын абалынын туруктуулугун камсыздоо максатында анын билегинин жогорку жагына жакын жери боюнча айланта ар бирине оролто чалынчу эмерек. Ал эң биринчи уuктан башталып, аягы ошол уукка келип бекитилет.

**Кырчоо** – болжолдуу узундугу боз үйдүн айланасы менен барабар, жоонураак бир бүтүн аркан. Ал үй тигилип бүткөндөн кийин, туурдугунун сыртынын орто жеринен бир аз төмөнүрөөктөн бир учу босогонун таягынын бирөөнө бекилип, айланта тартылып келип, экинчи учу, анын экинчи жан таягына бекитилип байланат.

### *Жасалгалары, жабдуулары*

**Жабык баш (тегирич)** – эни 20-40 *см*че келип, терме таардан даярдалган кооздук жасалгасы. Ал ууктардын билегинин сыртынан, үзүктүн ичинен тегерете айландырылып тартылат да, түймө чачылары керегенин башына тиер-тийбес болуп салаңдап турат.

**Тутуу баш** – түштүктүн (түштүк-батышында) туурдуктун жогорку башына тигилген жабык баштык милдеттеги калың кездемеден, баркыттан жасалган жасалга. (Албетте мындай учурда ичинен жабык баш колдонулбайт).

**Кылдырооч** – кооздоо жана жылуулоо максатында терилген таар. Кереге бою же андан пасыраак бийиктикте таардын 3-5 эни бириктирилип тигилип, кереге менен канат чийдин ортосуна тартылат.

**Канат чий** – кереге менен туурдуктун ортосуна калануучу чий. Бир боз үйдүн чийин 2-4 канатка бөлүп койсо болот.



18-сүрөт. Боз үйдүн чий эмеректери (чыгдан чий, эшик чий, канат чий)

**Чыгдан** – ашканага тосулган чий. Анын ичине идиш-аяк коюлуп, тамак-аш сакталат. Чыгдандын бийиктиги 1,6–1,8 *м*, узундугу 2,5–3,5 *м* келет. Эки-үч жерине бакан тирелет. Чыгдандын эки жагындагы үчтөн алты боосу уук менен керегелерге байланат. Чыгдан бышык кооз болсун үчүн баш, аягы 10–15 *см*че жери кездеме менен көбөөлөнөт. Өйдө жагындагы көбөөгө сайма сайылып, чачы тагылат.

**Бакан** – таяк түрүндөгү эң ичкеси 2,5–3,5 *см*, жоондугу билекке жакын келип, узундугу 3–5 *м*дей болгон, бир түрү – төмөнкү жоон учу мукур учталган, жогорку учу ачакей, ортоңку тулкусу эч бир бутаксыз, шыңга, дагы бир түрү – төмөнкү учунан бир аз өйдөрөөк жерине чейин эч бир бутаксыз, ал эми андан жогору тарта болжолу 15 *см*дей аралыктарда бир нечелеген бутакчалары бар бакма же табыгый жыгачтан даярдалган эмерек. Ал өзөгү (тулкусу) түз өскөн кайың, четин, арча, балаты жана башка жыгачтардан даярдалат. Ушул конструкцияларына карата алар биринчиси *ача бакан*, экинчиси *ала бакан* деп аталат.

*Ача бакан:* үйдү тигүүдө, бүгүүдө түндүк көтөрүүдө, түшүрүүдө, үзүктү, түндүк жабууну, эшик чийди салууга, үзүктү сыйрып алууда; эшик боону түндүктөн өткөрүүгө, жаанда от жакканда түндүк жабуунун бир бурчун жел боолордун ортоңку бөлүгүнүн бир жерлеринен аларды байлаштыра коюп, аны колдонуу менен тирөөгө; кар жааганда ичинен түрткүлөп үзүктүн үстүндөгү карды түшүрүүгө, катуу шамал учурунда коопсуздук үчүн бел баканды туура коюп ууктарды тиретүүгө, кийиз жасаганда бүктөлүүнү болтурбоого чийдин сыртынан кошо таңып коюуга, чий согууга, өрмөк куруугa ж. б. чарбалык жумуштарга, ал тургай алты бакан салмалыктагы оюн-зоок өткөрүүдө да колдонсо болот.

*Ала бакан:* бутакчаларына азык-түлүк, ар кандай буюм – тайымдарды илип коюуга арналып, алардын туруучу ордуларына карата ар жерлерге жантык жөлөнүлүп же тикесинен тирелип да коюлат. Мисалы, азык-заттар үчүн чыгданда; мал союуда эттерин иле туруп, жайынча иреттештирип алууга, дагы бир жагынан сергитип да алууга мал союлуп жаткан жерде; кийимдер үчүн кийим турулуучу, сакталуучу жайларда ж.б. орундарда колдонулат.

Бакандарды табыгый түрүндөгүлөрдөн сырткары айрым бир учурларда олуттуу ишке, мансаптуурга арнап колго жасаса болот. Анда ачакейи, бутакчалары ар кандай баалуу заттардан даярдалып, ал оймо-чиймелер менен коштолуп жасалгаланат.

## *Эмеректерди топтомдоо*

Учурдагы адабияттарда боз үй эмеректерин топтоштуруу атайылана белгиленип жазылбаса да, аны пайдалануучулар арасында болжолдуу өз-ара ооз эки бөлүү бар. Анда – жыгачына: кереге, уук, түндүк, эшик босого таяктары менен; тутуусуна: туурдук, үзүк, түндүк жабуу, кийиз же чийге кийиз капталган эшик; боо-чуусуна: кереге чалгыч, канат чалгыч, босого чалгыч, уук боо, түндүк боо, үзүк боо, туурдук боо, кырчоо, чийлери жана башкалар деп айтылып келет. Демек, мындан жыгач, тутуусунан бөлөктөрү бүт эле – чийи жана боо-чуулары делген топко киргизилип жүргөндүгүн көрүүгө болот. Муну тыкандоого боо-чуулары делген чоң топтон төмөндөгүдөй топторго бөлүүнү максаттуу деп ойлор элем.

Албетте боз үйдү жасоодо, тигүүдө, пайдаланууда айрым этнографиялык буюм-тайымдарды кошуп ча-

таштырбастан боз үйдүн өзүнө гана энчилүү болуп, жасалгалоого түздөн-түз байланыштуулугу бардан — чырмалган канат чий, кылдырооч, жабык баш, а жабдуулукка байланыштуулугу бардан – чыгдан, ала бакан, ача бакан, бакан эсептелиниш керек. Демек, бул жагдайдан боз үй эмеректери жалпысынан: жыгачына, тутуусуна, боо-чуусуна, жасалгаларына, жабдууларына жана булардан сырткары чийи деген топторго так бөлүнүшү максатка ылайык.

Айрым эмеректердин (туурдук, үзүк) боолору өзүлөрүнө биротоло бекитүү менен колдонулса, ал эми айрымдары: керегe чалгыч, уук тизгич, канат боо, жел боо, кырчоо өзүнчө күтүлүп, ыңгайына жараша керектелет. Мындан боо-чуулардын эмеректердин өзү менен бирге да, өзүнчө да жүрүүчүлөрдү көрүүгө болот. Ошондой эле үлгүлөрү (формасы) боюнча да айырмаланып, бирлери сызма, бирлери аргамжы түрүндө да жасалат. Демек, аларды бул өзгөчөлүктөрү боюнча арылата дагы ичара топчолорго бөлүү да ашыктык кылбайт. Алар айрым жагдайларда мааниге ээ болушу мүмкүн. Жыйынтыкта, жогорудагыдай бөлүүлөр – боз үйдү түшүнүүдө, түшүндүрүүдө ирээттиктикти камсыздашы белгиленмекчи.

Ушуга катар эле жазуу ишине боз үйгө керектелүүчү жердиктердин (жыгач, жүн, кийиз, кыл, чий, тери ж.б.), кол өнөчүлүктүн (жыгаччы, зергер, өрмөкчү, ийрүүчү, токуучу, оймо – чиймечилик ж.б.), ошондой эле жасоодо, тигүүдө, жасалгалоодо, жабдууда, пайдаланууда да терминдердин өтө көптүгүнө байланыштуу аларды тыкандоо максатында *боз үйчүлүк* делген жалпыланган аталышка байырлантуунун зарылдыгы бардыгы да белгиленмекчи.

## БОЗ ҮЙДҮН ТИГИЛИШИ, ЖАСАЛГАЛАНЫШЫ, ПАЙДАЛАНЫШЫ

***Боз үйдүн тигилиши, бүгүлүшү (жыйылышы).*** Боз үйдүн тигилиши төмөндөгүдөй ирееттүүлүктө ишке ашырылат. Тигүүгө тегизирээк жер ыңгайланып, эшигин каякты каратуу аныкталат да, ошого карата керегелерди оңдон солго бирине удаа экинчисин жайышат. Алардын четки саканактары бир бирине аралата кабаттала киргизилет. Бул жумуштун түрү *капшыруу* деп аталат. Капшырылган бөлүк *баш чалгыч* делген жип же сызма менен байланып бекемделет (19-сүрөт). Андан кийин түндүк көтөрүүгө милдеттенилген үй ортосундагы адам түндүктүн ортоңку чамгарактарынын кайчылышкан жеринен ача бакандын учундагы ачага илип жана түндүктүн эки жан боосунун жардамы менен тең салмактуулугун сактатып, көккө көтөрөт. Бул убакта босого таяктары ордуна коюлуп, алар керегеге жип же сызма менен бекитилет, ал убакытка чейин да андан кийин да ууктарды түндүккө саюу жүргүзүлө башталат. Анын бир учу, ошо учунан өзүнө мурда эле тагылган боолору аркылуу керегенин башына өз эрежесинде чалынып байланат (20-сүрөт).



19-сүрөт. Боз үйдү тигүүнүн алгачкы кези.



20-сүрөт. Боз үйдүн тигилиши.

Боз үйдүн алгачкы турпаты тургузулгандан кийин, керегелер биринен кийинкилерине өткөрүлө атайылан-ган *кереге чалгычтар* менен бекемделет. Ууктар билегинин жогорку жагынан алардын эки жагына ооп кетпесин камсыздоо максатында тизгич деп аталган сызма менен алгачкы учу бекитилген ууктан баштап, катарлай ар бир уукка чалынта ороп өткөзүп, акыркы учун ошол баштапкы уукка байлап бекитет.

Жумуштун андан кийинкиси, кийиз эшиктин жогорку учундагы боо түндүктүн алкагы аркылуу (түймөктөп ыргытуу менен) өткөрүп келип, учу баш босогодогу атайыланган көзчөдөн өткөрүлүп байланат. Керегенин сыртынан чийи каланат. Каланган чий биринчиден, үй ичин коолдоону, экинчиден, жылуулукту сактоону камсыздап, ошондой эле туурдуктун тике жабылуусуна да көмөгүн берет. Анын сыртынан туурдуктары жабылат. Ал боолору менен уукка байланат. Ууктардын үстүнөн адегенде алдыңкы, андан кийин арткы үзүгү жабылып, боолору менен уукка, керегеге, сырткы үзүк кырчоого байланып бекитилет. Тартылган кырчоого түндүк жабуунун үч жаккы боосу бекитилет. Маңдай жаккы боосу түндүк жабууну ачып-жаап туруугa бош коюлат.

Түштүктүн батыш жагында жабуулоонун бөлөкчө түрү колдонулат. Түндүктөн жерге чейин 3-4 бөлүктөн турган кийиздер менен тикесинен жабууланат. Кумпасы (куполу) үзүк үлгүсүндөгү делбир деп аталган 2 кийиз менен кошумчаланат. Делбирдин боолору кумпалык бөлүктө кайчылашат. Дубалдык бөлүгү жоонураак узун жип менен 2-3 жеринен айлантыла байланат.

Үзүк биринчиден көлөмдүү жана салмактуу келгенинен, экинчиден бийиктикте жабуулануусуна карата, аны сыйрып жыйып алууда жана кайра жабуулоодо өз

өзгөчөлүгү бар. Андайлардын биринде үзүктүн эки четки боолору чечилет да, кайрылып келип бириктирилип, эки жаккы боолору ортолоруна ташталат, ал дагы эки беттелип биригилет, башкача айтканда үзүк бул учурда узатасынан төрт катталат. Үй ичинен бакан менен жогорку бөлүгү ылдый бүктөлө кайрылып түшүрүлүп, туурасынан эки катталат да, ылдыйкы учунан тартып жерге түшүрүлүп алынат. Жерге түшүрүлгөндөн кийин ыңгайына карата кичирейтүү максатында дагы бүктөмдөлүшү мүмкүн.

Жабуулоодо узатасынан төрт, туурасынан эки бүктөлгөн абалында туурасынан эки бүктөлгөн жерине туура жыгач салынат да, ал туура жыгачтын эки учунан эки бакандын жардамы менен тескелип, ууктун үстүнө чыгарылып орду менен жазылат. Боолору тийиштүү жерлерине байланат. Үзүктү жабууланып турган жеринен жыйып алуунун, кайра жабуунун бөлөк ыкмалары да бар.

Туурдук, түндүк жабуу анча чоң эмес жана төрт бурчтуу болуусунан чарчылап эле бүктөлөт. Бүктөлүп жыйылган үзүк, туурдук өз боолору менен таңууланып байлануусу алдын ала мерчемделет.

Боз үйдү тигүүдө, бүгүүдө (жыюуда) кеминде эки адам (анын бирөө түндүктү көтөрүүгө жана ага ар тарабынан анча-мынча сандагы ууктарды сайып, туруктуулап алганга чейин сүйөп турууга, ошондой эле жыюуда да ар тарабынан чечилүүгө 5-6 уук калганында сүйөп түшүрүп алганга) болушу керек. Тигүүгө төрт-беш адамга чейин тартылуусу ишти бир кыйла жеңилдетет жана тездетет. Өтө чоңураак көлөмдөгү боз үйдү тигүүдө түндүктүн бийигирээк көтөрүлүүсүнө байланыштуу ал иш аттын үстүндө аткарылышы да мүмкүн.

Боз үйдү жасалгалоодо ар аймакта сезилээрлик өзгөчөлүктөр байкалат. Түндүктө жабык баш боз үйдүн

ичинде ууктун билегинин чөйрөсүндө каланып жабылса, түштүк-батыш тарапта ал *тутуу баш* делип аталып, үзүктөрдүн сырткы этегине көктөлүп тигилет. Аны жасалгалоонун көптөгөн түрлөрү (тор чачы жасоо, чегиттөө, төтөгөлөө ж.б.) бар.

***Боз үйдүн пайдаланылышы.*** Боз үйдүн ички аянтын жана өзүн пайдаланууда, аны пайдалануучу элдер арасында бирдейликтер менен катар айырмачылыктар кездешет.

Боз үйдүн кире бериш бөлүгү босого, төр жагы аты аталгандай эле төр, кирип барганда оң жагы *эпчи*, сол жагы *эр* жагы деп аталат. Ортодон коломтого орун берилет. Жогоруда аталган төрт бөлүктүн ар биринде буюмдардын жайгашуусу жана адамдардын орун алуусу боюнча өзүнчө менчиктелүү салт иретинде эрежеси бар.

Эпчи жагына анын босого жакка жакын жерине ашканалык, (чыгдандык) чийдин баш жагы өзүнө атайыланып жасалып тагылган боолору аркылуу керегеге, уукка байланып бекитилет. Ичине көлөмдүү, салмактуу бир нерселерди жайгаштырууда чечип ийип жайгаштырып кайра ордуларына байлаштырып койсо да болот. Ашканалык чийдин орто ченине жакыныраак, үйдүн дубалынан (четинен) 1,0–1,5 *м*ге чейинки аралыкка чакан бакан тирелип, ал аркылуу жогору өткөрүлөт. Анын жогорку башы ашкананын ичин башпагып кароого, бир нерселерди коюуга, алууга кирип-чыгууга ыңгайланып бош коюлат же чийден атайланып токулган, бийиктиги 70–80 *см*дей тосмо менен тосуп койсо да болот. Ал ашкана ооз деп аталат. Ашкананын ичине кичирээк бакан коюлуп, ага эт, сүзмө, ар кандай өлчөмдөгү карындарга куюлган сары май жана башкалар илинет. Ошентип, бул орун жалпысынан *ашкана* же *чыгдан* деп аталат.

Чыгдандын босого жаккы ички четине сейрегирээк керектелүүчү чоң казан, ун-талкан запастары, улам нарылай жогорулата идиш-аяктар, азык-түлүктөр катарлата жайгаштырылат. Алардын айрымдары атайылланган идиштерге (аяк кап, чыны кап ж. б.) салынып керегеге илинип же байланып коюлат. Чыгданга жагдайлуулук максатында чакан текчече, же шкаф да койсо болот. Андан аянт үнөмдүү пайдаланылат, эмгек туура бөлүштүрүлөт, азык-түлүк, идиш-аяк өңдүү буюм тайымдар көздөн далдоо болушат, кыскасы иреттүүлүк, тыкандык камсыздалат.

Чыгдандын эң жогорку четине өзүнчө ачык жерге тактачага кымыз ачытылуучу сабаа орнотулат. Бул аймак идиш-аякты, азык-түлүктөрдү иреттөөчү аял кишинин көзөмөлүндө болот. Кыз балдарга, наристеге да ушул аймактын жогорураак жери тиешелүү болуп, алардын кийимдери, айрым буюмдары, бешиги жайгашылат. Бул аймакка керектигине карата жаш келинге көшөгө тартып коюу салттанылган.

Төр жагына килем, туш кийиз, көшөгө тартылат, такта жана анын үстүнө же катарына (кээде кырдаалга карата бир өң таштардан тизип, үстүн жупунураак материалдар, сейрек керектелүүчү кийиз-кечелер менен жабуулап да койсо болот) сандыктар, үкөктөр коюлат. Алардын үстү жагына жүк тоголоктолуп же бир нечеге бүктөмдөлүп жыйылып (ар дайым жана көбүрөөк керектелинүүчүлөрү үстү жагына), жүк жапкыч менен жабууланат. Анын үстүнө жаздыктар үлпүлдөнүлө (айрым учурларда балыштар) иретелип тизилет. Анын алдыңкы жана ага удаалаш аймактарга өрө кийиз, палас, ала кийиз, шырдак, алардын үстүнө жагына жер төшөк, көлдөлөң, этегирээк жактарына таар, талпак өңдүүлөр салынат. Төрүнөн сыйлуу конок, карыялар-

га, андан ылдыйлата улуулата эркектерине сол, аялдарына оң тарабына оңтойлотула орундар энчиленет.

Эр жагынын жогорурараак жагына бакан коюлуп, ага эркектердин аярлуу баш жана тыш кийим-кечектери (тебетей, калпак, тон, ичик, чапан, кементай, кемсел ж.б.) илинет. Баалуу аң терилер да ушул сыяктуу бакандарга же керегеге илинет. Андан улам ылдыйлатыла маанилүүлүгүнө карата күнүмдүк пайдалануучу аярлуу китептер жайгаштырылган баштыкча (мисалы, “Манас” эпосу ж.б), чүкө салынган тулуп, кийимдер, курал-жарак, ат токулгалары, аңчылык буюмдары, жумушчу кийимдер жайгаштырылат. Ал тараптан негизинен жигиттер, өспүрүм балдар орун алышат. Босогонун сол тарабына утурумдук отун ж. б. буюмдар коюлат.

Демек, жогорудагыдай шарттардан, башкача айтканда салтка айланган эрежелердин негизинде буюмдарды жарыксызда деле баамдап, тез эле так таап алууга болот. Боз үйдү түнкүсүн жарыктандырууда чоподон, кийинчерээк калай темирден жасалган *чырак* аттуу буюм колдонулган. Анын билигине кебез, күйүп турууга мал майлары пайдаланылган. Алар XX кылымдын башынан фабрикадан атайын токулган биликтин, керосиндин пайда болуусу менен алмашылган.

Үйдүн ортосуна жакыныраак жеринен коломтого орун энчиленет. Ал жердеги очок таштан ыңгайланса *таш очок*, андан сырткары жогорку баштары бириктирилген үч буттуу буюм – тулга же кадимки темир мештер колдонулат. Жанына отунун иретегенге *кычкач* (түштүктө *аташ күрөк* делет) аттуу буюм жана күл чыгарганга калак, отун салынып турганга дагара коюлат.

Биз жогоруда тиричиликтин бир гана боз үйдө жайгашуусу менен тааныштык. Кээ бир учурларда

ыңгайлуулукту жогорулатуу максатында кошумча боз үйлөр тигилип, аларга айрым бир маанилүү милдеттер бөлүнөт. Анда өзүлөрүнө, уул-келиндерине, айрым учурларда меймандарына арналып өз-өзүнчө үй көтөрүлөт. Ашканалыкка, чарбачылык иштердин зарылчылыгына карата ашыкча буюм-тетиктерди, чийки азык-түлүк, тоют сактоого, жаш малдарды кармоого да үй атайын тигилиши да ыктымал.

## БОЗ ҮЙДҮН ЖАСАЛЫШЫНДАГЫ, ПАЙДАЛАНЫШЫНДАГЫ ИЛИМДИК КОЛДОНУУЛАР

Архитектуралык татаал комплекстерге катыштыгы бар кыргыз боз үйүнүн жасалышы так илимдердин көптөгөн мыйзамдарына байланыштыгы талашсыз. Ал мыйзамдарды колдонуу, анын илимге негизделип атайын кабылданышынан мурун эле болуп келген. Буга далил боз үйдүн колдонулушу менен ага байланышкан мыйзамдардын ачылуу убактыларынын арасы бирин-экин кылым эмес, кеминде ондогон кылымдарга чейин айырма болгонун атоо эле жетиштүү болот. Демек, алар турмуштук муктаждыктардан мурда эле пайдаланып келсе да, ал илимий эмгек түрүндө, башкача айтканда логикалык жактан кийин-кийин гана иреттелген.

Бабалар боз үй жасоодогу эң алгачкы кадамынан болгон чабакча жыгачты кыюу ишин, анын бышкан мезгилинде, башкача айтканда өсүүсү токтогон кеч күздөн эрте жазгы жылуулукка илинип, жанданганына үлгүртпөй, ошол тыным мезгилдерде колдонуп келишкен. Дарак бүрдөгөндө «өлүү» катмарына кошум-

чалануучу жаңы катмардын пайда боло башташынан, жазгысына чейинки жана андан кийинкиси болуп эки бөлүктөнөт. Ал жыгачты иштетүүдө экиге ажырап, көздөгөн буюмдун даярдалышында мүмкүнчүлүктүн өтө начар болору эске алынган. Мунун шарттары тиричилик жөнүндөгү илим – биологияда чечмеленет.

Андан аркы ири жумуш операциясы тартууда (жалпакчалап жонууда) физика илиминин материалдардын каршылыктары жөнүндөгү мыйзамдарында жумуру (стержень) түрүндөгүгө караганда, пластинка түрүндөгүсүнүн каршылыгынын аздыгы айтылган эрежеге төп келип, оңой деформацияланганында (микробөлүкчөлөрдүн жайгашуу абалы өзгөрүлүп, ички чыңалуунун пайда болушу) жана бирдиктүү үлгүгө салынып көрктүрөөк түргө келтирилишинде турат.

Илимде «нымдоо» деген, ал бир суюктуктун экинчи бир башка суюктуктун же катуу нерсенин бетине тийишүүдөн пайда болуучу кубулуш экендиги белгилүү. Анда нерселердин түрлөрүнө (газ, суюктук, кристалл), өзгөчөлүктөрүнө байланышып, алардын нымдуулугун ченөө зарылчылыгы да болот. Булардан катуу нерселерге байланышкан: сыйымдуу (диэлектрдик туруктуулук), кондуктомердик (электр өткөрүмдүүлүгү), радиоизотоптуу, резонанстык жутууга негизделген ыкмалар жыгачка да тийиштүү. Аталган кубулуштан боз үйдүн чабакча жыгачтарын матоого 25–30 пайыздык гигроскоптук нымдуулук талап кылынат.

Кезектеги жумуш операциясынан болгон жыгачты матоодо, ийүүдө, ага 70–80 пайызга чейинки ысыктыктын сиңирилиши талапталынат.

Ошентип, иштелүүчү жыгачтын жонулуп пластинкалык үлгүгө келтирилиши, гигроскоптук нымдуулуктун камсыздалышы, тийиштүү ысыктыктын

сиңирилишинен кийин аны матоого, ийүүгө өтүлөт. Бул жумуш операциясы тезде ишке ашырылат. Чабакчаларды матоодо (ийүүдө) кошумча шкор аттагы калтекче колдонулат. Бул учурда деформациянын согуу, кысуу, ийүү ыкмалары колдонулуп, аткарылуучу иш серпилгичтик деформациясынан (нерсеге аракет кылган сырткы күч токтогондо баштапкы абалына кайтып келүүсүнөн) өтүп, пластикалык деформацияга жеткирилип (сырткы күчтүн аракетинен сынбай формасын өзгөрткөн абалы), керектелүүчү үлгүдөгү таякчалар: керегe, уук, чамгарактар жана түндүктүн иймек жаачалары даярдалат. Бул нерселерди даярдоодо тышкы аракет токтолуп анын өзгөрүлбөс деформация кезинде, убакыт өтүү менен ички чыңалуу өзүнөн өзү азаюу (релакция) процесси жүрөт.

Аталган операцияны аткарууда шкор деп аталган эмгек куралчасы рычагдык милдетти аткарып, физиканын статика бөлүмүндөгү «Алтын эреже» аттагы эреже ачык, так колдонулат. Демек, жөнөкөй механизмдердин (рычаг, чыгырык ж.б.) жардамы менен жумуш аткарууда (сүрүлүү күчүн эсепке албаганда) кыймылдаткыч күчтүн жумушу оордук күчтүн жумушуна барабар болушу, б. а. рычагды колдонууда аралыкты канча эсе уттурсак, күчтөн ошончо эсе утарыбызга таянабыз. Жыйынтыкта кысуучу (оордук күч талап кылуучу) жерге күчтү көбүрөөк берүүбүз




№1 диаграмма
Механикалык күчтөн нерсенин деформацияланышынын көз карандылык диаграммасы. Мында: *OA* – серпилгич деформация; *B* – агуу чеги; *BC* – агуу аянтчасы; *MP* – күч-аракеттин токтолушу.

шартталса, шкордун (рычагдын) аяккы учун карай жылып, аралыкты көбөйтүү менен бирге берилүүчү (кыймылдаткыч) күчтү да көбөйтүү менен өтө оңтойлукта максатка жеңил жетише алабыз. Бул төмөндөгүчө формулалаштырылат:

$Ph1 = Qh2$, мында $P$ – оордук күчү, $Q$ – кыймылдаткыч күч, $h1$, $h2$ – тиешелүү аралыктар.

Алтын эреже табияттын бир кыйла маанилүү жалпы мыйзамын – энергиянын сакталуу жана бир түрдөн экинчи түргө айланууну далилдөөгө негиз түздү.

Устага таякча жыгачтын маталышын аткарууда жогоруда аталган күчтөрдөн кандай жагдайларда кимисинен канчалык колдонуу мерчеми узануучулук тажрыйбасында такталат. Жетишилген тажрыйба боюнча ага талап кылынуучу шарттардын аткарылуу деңгээлине карата москоол, ар кандай ийриликтеги таякчаларды жибитип (металлдай жуурулбаса да) матоо жолу менен түзөп, ийип ойдогудай үлгүдөгү нерселердин даярдалышы шартталат.

Керегеге маталып даярдалган чабакчалардын ар бири бир нече жеринен көзөлөт. Ал көзөөлөр бир биринен бирдей аралыкта болуп, чийки териден атайын даярдалган «көк» деп аталган жип сымал нерсе менен бириктирилет. Мында, керегенин көзчөлөрү геометриялык фигура – ромбдордон турат. Теоремаларга ылайык ромбдун жактары жана карама каршы бурчтары бир бирине барабар, диагоналдары бир бирине перпендикуляр. Демек, мындай фигура жайылуу, жыйылуу касиетине ээ. Эгер, көзчөнүн аралыктары ар түрдүүчө болгонунда мындай касиетке ээ болмок эмес. Керегелер жайылып, жыйылбагандан кийин көчүп-конууга кыйынчылык болмок. Ошондой эле анын жаачa тарта жайылышы, матоодо бөйрөкчө чыгарылышы менен шарт-

талат. Эгерде түз гана таякчалардан даярдалынганда түз сызык боюнча жайылып, айлана түрүнө келиши кыйындап калмак.

Керегенин цилиндр үлгүсүнө келишинин дагы математикалык, жогорку геометриялык негизделиши бар. Анын жыгачтары чоюлган синусоиданын бөлүктөрүнөн турат. Ал жерге карата жантайганда цилиндрдин кесилишиндеги болжолдуу ийри сызыкты берет. Бардык жактары бирдей ийриликке ээ болгон керегенин ар бир канаты жайылган мезгилде цилиндрдин бөлүгүн түзөт. Бардыгы чогултулганда толук цилиндр формасына келет. Демек, керегенин ар бир жыгачы багыттоочулук милдетти аткарат. Багыттоочу канчалык ийри болсо, цилиндр формасына келиш үчүн керегелерден ошончолук аз санда талап кылат.

Түндүк жасоо анын көлөмүнө карата көбүнчө жарым айланадан турган эки жааны же сегмент түрүндөгү бир нече иймек жаачаларды бир бирине кошуп бириктирип, толук айлананы түзүү менен ишке ашырылат. Жыгач усталар (түндүкчүлөр) бул учурда жаача кылып ийүүгө даярдалган жыгачтардын жалпы узундугун аныктап, аны үчкө бөлүп болжоо менен түндүктүн бийиктигин, башкача айтканда диаметрин алдын ала мерчемдешкен. Демек, айлананын узундугу (2ПР) – трансценттик сан 3,14түн радиуска болгон эки эселенген көбөйтүндүсүнө барабар экендигин турмушта болжолдуу колдонуп келген.

Бабаларыбыз эл аралык стандарттагы миллиметр, сантиметр, метр өңдүү узундук чен бирдиктерди пайдаланбаганы менен ага чейин деле, андан кийин деле өзүлөрүнүн эли, карыш, кулач өңдөнгөн болжолдуу чен бирдиктерин колдонушса да, кезегинде геометриялык фигуралар арасындагы өз ара тактыктарды, бирдейлик-

ти сакташкан. Өлчөмдөрдүн тактыгынын маанисинен кеп кылсак, бир эле керегенин көзөнөктөрүнүн арасы 1–2 *см*ге же ууктун узундугунун бир биринен 2–3 *см*ге өйдө-ылдыйлыгынан үйдүн сапаты жарымынан ашыкка төмөндөрүн баамдоо кыйынга турбас. Өлчөө тактыктарын тыкан, тез аткарылуусун камсыздоо максатында макеттик милдеттеги чен, үлгү жыгачтар кеңири колдонулат.

Боз үй эмеректеринин жогорку тактыкта жасалышы – анын көрктүүлүгүн камсыздайт, ар кандай сырткы күчтөргө туруктуулугун, байымдуулугун жогорулатат. Тигүү, бүгүү жумуштарын алда канча жеңилдетет. Демек, симметриялуулук да чоң мааниге ээ. Андыктан алардан: октук симметрия, борбордук симметрия, тегиздиктеги симметриянын касиеттери, ошондой эле геометриялык өзгөртүүлөрдөн параллель которуу, гомотетиялаш өзгөртүү, окшош өзгөртүү түшүнүктөрү кеңири пайдаланылат.

Кезекки кадамдардан болгон аны тигүүдө жана пайдаланууда үйдүн так ортосунан коломтого орун берилишинде: босогодон коломтого, коломтодон төргө чейинки аралыктын барабардыгы, ошондой эле коломтодон үйдүн бардык четине чейинки аралыктардын бирдейлиги абалтадан эле белгилүү болгон да, ал касиеттер боз үйдүн жасалышында да, тигилишинде да, пайдаланышында да эске алынган. Демек, айлана жана анын борбору, радиус, диаметрге байланышылган аныктамалардан кабардар болушкан.

Бабаларыбыз боз үйдүн жыгачын жасоого адистешкен усталар жогорудагыдай илимий пайдаланууларга тушукса, ал үйдүн тутуу, боо-чуулары менен алектенген энелерибиз да андан кур болгон эмес. Узундугу 7–8 *м*ге чейин жетүүчү чоңураак өлчөмдөгү туурдуктарды бычууда тең ортосунан белгиленген жипти

карама каршы бурчтарынын арасына салып текшерүү жүргүзүшкөн. Бул текшерүү геометрияда белгиленген тик бурчтуу төрт бурчтуктун диагоналдары барабар жана кесилишкен жеринде тең бөлүнөт делген теоремага төп келген.

Негиздери параллель ийри сызыктуу, тең капталдуу трапеция үлгүсүндө даярдалуучу үзүктү бычып даярдоодо да анын карама каршы бурчтарынын аралыгына жогорудагы туурдуктукундай эле ченөө жүргүзүлүп, тактыгы текшерилген. Ошондой эле туурасы боюнча эки беттеп каптап тең капталдуулугу жана симметриялуулугу тастыкталган. Үзүктөрдүн жабылышынан кесилген конус пайда болуп, ага байланышкан касиеттерден да түшүнүк болгон.

Түндүк жабуунун төрт жагынан бирдей жаача түрүндө, башкача айтканда айдын жаңырышындагы түспөлүндө кесүү жасалган. Бул болсо түндүктү түндүк жабуу менен жабууда, анын чамгарактарынын үстүнөн томпок болуп эч бүктөлүүсүз толук жана жылчыксыз кынала жабылышына шартталат. Бул жумуш операциясынан тегиздиктин текши томпоктоло ийилүүсүнө байланышкан математика илиминин бир бөлүмү – дифференциалдык геометрияда (ийри сызыктар жана беттер теориялары) ийилүүнүн радиусу ийметиктин радиусуна барабарлыгын белгиленген теоремага (радиус кривизны г кривой Г, равен радиусу кривизны кривой) таянылганын көрүүгө болот. Аныктама турмуштук тажрыйбада бир нече миңдеген жылдар мурун эле пайдаланылса да, аны илимдөөгө дүйнөгө белгилүү окумуштуулар Л.Эйлер, Г.Монж XVIII кылымдын аягында беттер теориясын, К.Гаусс XIX кылымда өзүнүн 1 жана 2-негизги квадраттык формаларын кийрүү менен кадам таштаган.

Кыргызда он эки канат өргөө, он эки кулач аркан, он эки карыш казан, он эки эли ичеги, он эки түйүн жип ж.б. чендер айтылат. Булардан биз кепке ала турган бир бирине барабар узундукта он эки бөлүкчөгө бөлүнүп түйүндөлгөн бир бүтүн жипти бабалар өз заманында чоң көлөмдүү өрө кийиздердин карама каршы жактары барабар болгон төрт бурчтуктун тик бурчтуулугун аныктоодо колдонушкан. Ал үчүн бурч болучу чекиттен эки жандаш жагына 3 жана 4 бөлүгүн коюп, калган 5 бөлүгүн ичти карай буруп, акыркы учту баштапкы учка тогоштурушкан. Натыйжада, жактары 3, 4, 5 бөлүктөн болгон тик бурчтуу үч бурчтук пайда болот. Анын бир бурчу болгон ортоңку бурчу 90 градуска барабар болгон тик бурч болот. Бул ыкма менен ар кандай көлөмдүү келген нерселердин тик бурчтуктуулугун аныктап келишкен.

Албетте бул геометрия илиминде б.з.ч. VI кылымдагы грек окумуштуусу Пифагордун атынан «Пифагор сандары» же «Пифагордун теоремасы» делген ат менен белгилүү. Бирок, бул бабаларга Пифагорго чейин эле белгилүү болуп, турмушунда колдонуп келген. Илим Чыгыштан Батышка тарагандыгы айтылат го. Демек, муну тасыктоо келечектин ишинен болмокчу.

Боз үйдүн жасалышы, тигилиши, пайдаланышы табигаттын шарттарына өтө ыңгайлангандыгы да баарыга белгилүү. Үйдүн үстүңкү бөлүгү кесилген конус түрүндө болуп, кийиз менен жабылышынан эле шамалга туруктуулугу, жаан-чачындын токтобой агып кетиши, үй ичине булганч абанын (чаңдын, радиоактивдүү элементтердин ж.б.) өтпөшү, сырттан сууктун же ысыктын үйдүн ичине өтүшүнүн, ички жылуулуктун сыртка чыгышынын эң эле аздыгы, башкача айтканда ысык-суукту жай өткөрүп, ным тартпоосу өңдөнгөн

өзгөчөлүктөргө ээ. Ошондой эле үй ичиндеги чөйрө физика илиминин жарык, жылуулук, үнгө байланышып, алардагы таралыш, өткөрүмдүүлүк, тутулуш, сиңирилиш, чагылыш өңдүү кубулуштун закондорунан байкаларлык учурлары кездешет. Мисалы, алардын бир эле кубулушу – жарыктын таралышын талдап көрсөк. Боз үй ичиндеги жарыктын берилишинде анын агымы бардык багытка бирдей тарап, жогорку бөлүгү конус түрүндөгү жантык бетке урунулат да, тийиштүү жутулуусунан кийин калганы кайра андан бурчтук диффузиялык чагылуудан жерди карай, башкча айтканда боз үй ичиндеги адамдар пайдалануучу бөлүккө бет алат. Натыйжада чөйрөдөгү активдүүлүк бир аз болсо да жогорулашына шарт түзүлөт.

## ААЛАМ БОЗ ҮЙЛӨРҮ

Тарых даректеринде байыркы тоо көчмөндөрүнүн жыйып, унааларга жүктөмө турак жайы – орто кылымдардагы талаа көчмөндөрүнүн айрымдарына (монгол, калмак, кыпчак, казак, каракалпак ж.б.) таралганы белгилүү. Демек, алар ага чейин бир же бир нече окко ыңгайлашылган дөңгөлөктүү арабачага орнотулуп унааларга сүйрөтүлгөн, дубалы цилиндр, үстү кумпа, башкача айтканда боз үй сымал турактарына кийинчерээк жыйма боз үйдү аралаштыра колдонушкан. Бул жагдайлардан дүйнөлүк тарыхта боз үйдүн үч түрү (кыргыз, казак, монгол) белгиленет.

Бул боз үйлөрдүн конструкциялык түзүлүшү (айрымдары эң жөнөкөй ыкмадагы үлгүсүн гана кабылдаса да) бир бирине жакындыгынан, башкача айтканда фундаменталдык негизи бирлигинен алардын бир би-

ринен олуттуу өзгөчөлүктөрү анча деле көп эмес. Албетте тилдик өзгөчөлүктөргө карата эмеректердин аталыштары боюнча бирдейликтер да, бирдей эместиктер да бар.

Жогорудагы айырмачылыктардан боз үйдүн өзүн пайдаланууга байланышылган эрежелер, каада-салттар да чет эмес. Төмөндө алардан баяндоого аракеттенмекчибиз жана аларга катар эле айрым майда уруулардын мезгилинде жазылып калган, натурасы тарыхый-этнографиялык музейлерге коллекцияланган хазар, жемшид, карлук боз үйлөрү сыпатталмакчы.

## *Казак боз үйү*

Казак боз үйүнүн кыргыз боз үйүнөн жасалышы, тигилиши, жасалгаланышы боюнча айырмачылык анча деле жок. Аларга XIX кылымга таандык төмөндөгүдөй айырмачылыктардын белгиленгени бар. Эскермелерде:

Белгилүү түркολог В.В.Радлов, саякатчылар П.П.Семенов-Тянь-Шанский, Ч.Валихановдун кыргыз боз үйүнүн жасалышында – кумпасынын жантыктыгынын төмөндүгүн; жасалгалашында, жабдылышында – үй ичиндеги кооздуктардын, буюм-тайымдардын азыраактыгын; пайдаланышында казактар айыл-айыл, а кыргыздар суу жээктей отурукташаарын, үйдүн сыртында такай найза жөлөнүп турарын жазышкан.

Бул маалыматтардан: кыргыздын үй ичине көбүрөөк буюм-тайымдардан коюп, өтө жасалгалабашын – дүйнө-мүлккө басым коюшпагандыгы; ири айылдап конушпасын жана боз үйүнүн сыртына такай найзанын туруусун – ар дайым душманынан коргонууга даярдыгынын, керектүү учурларда бат курала коюусунун, эр жүрөктүүлүгүнүн белгиси катары кабылдасак болот.

Ал эми эмеректеринин аталыштары боюнча айырмачылыктарды төмөндөгүлөрдөн көрүүгө болот.

Боз үй – кииз үй

кереге – кереге

уук – уык

түндүк – шанырак

чамгарак – кульдиреуиш.

эшик – есик

каалга – сыкырлауык.

жан таяктары – босага

астынкы босого – табылдырык

үстүнкү босого – мандайша

туурдук – туырлык

үзүк – узик

түндүк жабуу – түндүк

чийи: чийи – шым шип

боо-чууларынан:

кырчоо – белдеу (узунан жабууну колдонууда эки жеринен тартылат).

жел боо – жел бау

*жасалгаларынан:*

жабык баш – баскур (эни 30-35, ал тургай 45 *см*ге чейин болуп, өзгөчө өзгөчөлөнгөн үйлөрдө андайдан экини, ал тургай үчтү да колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле алардын түктүү килем токуучулук өтө өнүккөн түштүгүндө түктүү сайма түшүрүлгөн түрлөрү көп кездешсе, түндүгүрөөк жактагы кош-агач казактарында ал жокко эсе.

Казак академиги А.Х.Маргулан казак колдонгон боз үйлөрдүн турпатын жалпылап “Казактар негизинен кумпалары – сфера үлгүсүндөгү кыпчак боз үйлөрү, ошол эле убакта Жети-Сууда конус үлгүсүндөгү калмак боз үйлөрү колдонулат” деп тыянактайт.



22-сүрөт. Казак боз үйү.

Салт-санаалардан – коломтодогу очокту ызаттап анда такай казан асылып, ал ар убакта кур жана ачык туруусуна жол берилбейт. Жаш жубайларга үй көтөргөндө очоктон чок берип "Силер чоң үйдүн бир бөлүгүсүңөр, тутанган от өчпөй, бир тутумда боло берели" делген ырымга такалып алардын жаңы очогунун отун тутантуу ырымы колдонулат. Босогону сыйлоо максатында аны басуута жол берилбейт, ал аймакты жогорку сый-урматта тутуу талаптанылат.

Боз үйдүн аймагында өзүн-өзү алып-басып туруунун, жүрүмүнүн адептүү эрежелерин сактоо талап кылынат.

### *Каракалпак боз үйү*

Каракалпак боз үйү кыргыз, казак боз үйлөрүнөн анча деле айырмаланбайт. Болгону, жасалгалап кооздоолушун салыштырууда казак боз үйү менен бир катарда, ал эми кыргыз боз үйүнөн жогорураак десек болот.

Боз үйдүн жыгачын жасоого ыйык катары саналып кайың жыгачы колдонулбайт. Андан бакыт болунбайт деп эсептелет. Боз үй жыгачын жасоочу устат, жасаган боз үйүнө босого-таяк, каалгаларын жасабайт. Ал устаны өлүмгө дуушарлантат деген түшүнүккө таянылат. Каракалпактарда булардан сырткары, өзгөчө мурунку убактарда боз үй жасоого киришүү алдында устат-шакирттик алака-мамилелерде, демейчиликте боз үйдү

жасаар алдында, жасалып бүткөндөн кийин тигүү, пайдалануу кездеринде колдонуучу көптөгөн салттык жана диний багыттагы жөрөлгөлөр кеңири пайдаланылат. Босого-таяктарга, аны баспоо, чөйрөлүк тынчтыкты сактоо, сыяктуу сый-урмат кеңири колдонулат.



23-сүрөт. Каракалпак боз үйү

Боз үйдүн жана анын айрым негизги эмеректеринин кыргызча – каракалпакча айтылыштарын тартууласак:

Боз үй – кара үй
кереге – кереге
тор көз кереге – тор көз кереге
жел көз кереге – жел көз кереге
канат – канат
уук – уйык
түндүк – шанарак
каалгасы – ергенек
жан таяктары – тулага
астынкы босого – табылдырык
үстүнкү босого – маңлайша
туурдук – туйырлык
үзүк – үзик
түндүк жабуу – туңлик
чий – шим
кырчоо – сырткы белдеу
жел боо – жел бау
жабык баш – кызыл баскур

Эмеректик аталыштар казакча аталыштарына дээрлик бирдей келет.

### *Түркмөн боз үйү*

Түркмөн боз үйлөрү сыртынан бир караган адамга дубалдык бөлүгүнүн бийиктиги кумпалык бөлүгүнөн бийиктиги байкалат. Тереңирээк көз салуучуга алардын уруулары боюнча (текин, номуд ж.б.) куполдук бөлүктөрүнүн үлгүлөрүнө карата өз ара бир аз (мис., текинде – жарым айлана, номуддарда – жалпайыңкы) айырмачылыктары байкалат.

Түркмөн боз үйлөрүн сыпаттап жазгандар (Г.С.Карелин, П.П. Огородников) аны кыргыз боз үйүн жарым шар, калмак боз үйүн конус үлгүсүнө салыштырса, түркмөн боз үйүн акырындап ийметелген баш кийимге салыштырган. (Ички конструкциялык түзүлүш адаттагыдай эле сөз болунган эмес.) Андан соң чоңун гара-ой же улакан-ой, кичинесин – кичижик-ой же гарып-чатма деп аталары, туракты тургузуу менен аялдар алектенери, үй ичи эркектер жана аялдарга бөлүнүүдө: текиндерде эр жагы сол, эпчи жагына оң жагы энчиленсе, номуддарда ал тескерисинче экендиги көрсөтүлөт.



24-сүрөт. Түркмөн боз үйү

Боз үй боюнча терминдерин салыштырууда, албетте адаттагыдай эле түрк элдеринин айрымдары менен бирдейлиги жана жакындыгы да кездешет. Мисалга алардан айрымдарын кыргыз тилине салыштырсак:

канат – ганат
уук – ук
түндүк – туйнук
туурдук – дурлок
үзүк – узук
түндүк жабуу – сарпек ж.б.

### *Калмак боз үйү*

Калмак боз үйү адаттагыдай эле жыгачынан, жабуусунан жана боо-чууларынан турат.

Кереге боюнча: керегелик таякчалар төрт же андан да ашык кырбууланып жонулат жана иймектелип маталбайт. Көзөлүп кайчылашкан жерлери жип сымал тилинген тери (көк) менен асты, үстү топчуланып көктөлбөйт, жөнөкөй ыкмада өтө тыкысталбай түймөктөнтүлө байланып коюлат. Жабыштыра тыкыс байланганында кырбуулугунан кереге иймек тартылып жайылбай калат.

Уук боюнча: ууктук таякчалар да иймектелбейт, түп-түз гана болот.

Түндүк боюнча: алкак бир нече кесиндилерден (кээде 15ге чейин) куралат. Алкактын ичинен карама-каршы тушташтырылып 4 көзөнөк көзөлүп, ага чамгарак сымалданган иймек таякчалар бекитилет. Алкактын сырткы бөлүгү бир нече жеринен уук сайганга туюк оюкчаланат.

Жабууланусу боюнча да айырмачылык арбын. И.А.Житецскийдин XIX кылымдагы "Астрахан калмактарынын очерктери" эмгегине таянылган маалыматтардан келтирсек: жабылоого арналган 12 ден кем эмес кийиз эмерегинин төртөө иргебечи аталып төмөнкү, дагы бир төртөө турго аталып ортоңку, андан

сырткары жогорку бөлүктү жапканга үзүк сымал дебер аттуу кийиз эмерек, эшигине ишиге удун, түндүгүнө өрке аттуу төрт чарчы кийиз эмереги колдонулат. Жабууларды байлаштырганга боо-чуулар керектелет. Үйдү шамалга каршы бекемдөөдө да ар кандай ыкмалар колдонулат.

Ички аянтты пайдалануу адаттагыдай эле ыпталар аялдарга жана эркектерге бөлүнөт. Аялдар сол ыптага (эр жагына), эркектер оң ыптага (эпчи жагына) жайгашылат. Очок – отбасы, төр – төр деп аталат. Жерине сырмаки (кийиз) төшөлөт. Үй ичине саба (кымыз ачытууга арналган тери идиш), осадал (текчелүү такта), тюсен-орун (жүк жыйуучу), кебеже (сандык сымал) ж.б. эмеректер коюлат.

## *Монгол боз үйү*

Монгол боз үйлөрүндө кыргыз, казак боз үйлөрү менен жалпысынан бирдейлик сакталган менен ич ара айырмачылыктар көбүрөөк. Аларды төмөндөгүлөрдөн ачык көрүүгө болот. Керегe, ууктар дээрлик маталбайт (иймектелбейт), түз гана рейкачалардан даярдалат. Албетте мындай шартта ийүүгө, матоого ийкемдүү делип жыгач ылгоо болбойт. Тигүүдө керегелери жайылган соң (оң жагынан) босого-таягы коюлуп дароо хошлон, буслур аттуу аркан менен айланта курчалып, босогонун эки жагындагы эки жан таяктарына байланат. Андан соң төрт жагынан төрттөн ууктук таякчалары бекитилгенден кийин кошумча оңдоштуруу жүргүзүлүп, андан соң калган таяктары адаттагыдай эле жогорку учу түндүккө, ылдыйкы учу керегенин башына бекитилет. Жогорудагы ууктук таякчалардын түптүздүгүнөн, ал таяктардын өзүнө салмак көбүрөөк

түшүүсүнөн (кыргыз, казак боз үйлөрүндө статикалык мыйзамдын негизинде ууктун билеги ийметелүүсүнөн салмак керегеге да бөлүнөт), ошондой эле конструкциялык мүчүлүштүктөрүнөн да ийлилип кетүү мүмкүнчүлүктөрү туулат. Андыктан үйдүн ичинен орто үйлөрдү – эки, чоңураак үйлөрдү – үч-төрт жеринен тирөөчтөр менен тирешет. Монгол окумуштуулары да "дубалдык милдеттеги эмеректери (хандары, кыргыз боз үйлөрү боюнча керегелери) дароо аркандар менен тартылбаса, ал үстүнкү конструкциясын (уук, түндүк жана жабуулары) кой, өзүн да кармап тура албайт. Андыктан дароо аркандар тартылат. Тургузулгандан кийин чоңураак көлөмдөгүлөрү ичинен тирөөчтөр менен тирелет" деп көрсөтөт. Дубалына, кумпасына, башкача айтканда жогорку алкагынанан (түндүгүнөн) жерине чейин тике жабылуучу девер деген аталыштагы 3-4 бирдей кийиздер менен жабууланат. Анын кумпалык бөлүгү үзүк сыяктуу 2 кийиз менен кошумчаланат.

Ички аянтты пайдаланууда кымыз ачытуга, сактоого арналган сабаа эркектерге тийиштүү эр жагына жайгашылат. Ага ээлик эркек болуп, анын толук көзөмөлүндө жана жоопкерчилигинде болот.

Боз үйгө жана анын айрым негиздүү эмеректеринин монголчо аталыштарына орун берсек:

Боз үй – гэр
кереге – хана
түндүк – тоно



26-сүрөт. Монгол боз үйүнүн ички көрүнүшү

каалга – халга
туурдук – турдыг
үзүк – девер
түндүк жабуу – кошмо

Үйлөрдүн кичирээги – 4, орточосу – 5-6, чоңдору – 9-12 канаттан турат. (7 жана 8 сандарын Европадагы 13 саны катары бактысыз деп эсептешет, андыктан андай сандарда курамдоону колдонушпайт.)

Боз үйгө ээсинин уруксатысыз кирүүгө, босогодо туруп учурашууга, сүйлөшүүгө, кучакташууга, ошондой эле отурууга болбойт. Мындай иш киргенче же киргенден кийин болуусу керек. Кирүүдө башы үй ичине багылгандан кийин, босогону баспай аттап өтүү керек, мындайды сактообо үй ээсин сыйлабоону билгизет.



27-сүрөт. Монгол боз үйүнүн сырткы көрүнүшү

Босого байгерчиликтин, тынччылыктын жышааны катары кабылданып, ага урмат-сый менен мамиле жасалат.

Боз үйгө бош идиш, жер казуучу куралдар, бычак менен да кирүүгө болбойт. Ал – бактыны жоготуу жана өлүмгө түрткүнчүктөө иретинде түшүндүрүлөт. Чөйрөдө жагымсыз үн жаратуу ылайыксыз деп эсептелет.

Үйдөн от, сүт бербейт, аны менен кошо бакыт чыгуу ишеними туюмдалат.

Монгол боз үйүнүн жасалышы каркастык таякчаларын ийилбестигинен, матабагандыгынан плотниктик кесипке гана таянылып жасалат.

Пайдалануучу жердиктери – болжолу диаметри 2,5, узуну 150 *см* келген 60тан 100гө чейинки сандагы жумуру же ага өлчөмдөш келген жалпак планка түрдөгү таякчалар, 60тай жез көзчөлөр (шакекчелер), жыгач желим, жарым литрче зыгыр майы, бышык чарык жип, аркан, кийиз жана башка жаан өткөрбөөчү синтетикалык материалдар.

Ал эми иш процесстеринин негизгилери төмөндөгүдөй:

– көзөөчү жерди мерчемдөөчү планка эки жеринен көзөлүп, бир башындагысын 3,5 *мм* жоондуктагы мык сымал шиш шыкалып бекитилет да, экинчи учундагы көзөнөк аркылуу бургу менен көзөлөт. Планканы улам кийинкисине көтөрүү менен кийинкилери көзөлө берет.

– дубал катары тургузулуучу эмерек каршы-терши эки катталып, тушма-туш келген көзчөлөр шакекчелер менен бириктирилет. (мурун жайылып-жыйылууга ыңгайлуу болсун үчүн көк менен бошураак байланган.)

– дубал үчүн даярдалган эмерек эшигине бекитилет

*Түндүктүн даярдалышы:* ийүү, матоо колдонулбастан бөлүктөрү даярдалып, алар тыкан желимденет же бекиткичтер менен бекитилет. Түндүктүн көзчөлөрү көзөлбөстөн жумуру үлгүсүндө туюк оюкчаланат.

Боз үйдүн жабылышы: ар кандай материалдардан бир нече бөлүктөнүп тикесинен да, туурасынан да жабууга ылайыкталып тигилет. Боо-чуулар иш башынан эле колдонула баштайт.

## *Хазар боз үйү*

Афганистандын түндүгүндө түбү афгандык эмес монгол, иран түспөлүндөгү хазар, жемшид, фирюзкуи, теймендер ж.б. жарым көчмөн майда уруулар жашашат.

Академик В.В.Бартольд булардагы хазар уруулары XIII кылымдагы монгол жапырыгында, тагы 1221-1223-жылдары ал жердеги жергиликтүү тоолуктардын айбаттуу каршылыгын эптеп жеңип, жергиликтүү бийликти кармоого калтырылган Чыңгыз хандын уул, неберелеринин урпактары деп эсептейт. Алардын тили мекенинен алыстыгына карата байланыштарынын узакка үзгүлтүктөнүсүнөн тегерегиндеги тажик тилине оошуп кеткен. Түпкү тили – монгол тили 1838-жылы гана хазар майору С.В.Лич тарабынан катталган.

Алар жалпысынан жергиликтүү элдин аты Хазараждаттын наамын алып, Афганистандын эки аймагында, бири өзүлөрүн берибери аташып, борбордук аймакта Кабул менен Гераттын ортолорундагы тоолордо, дагы бири Афганистандын түндүк-батышында, түштүк, түштүк-батышта тоолуу аймак Бадгисте жайгашып өзүлөрүн аймаки деп аташат. Аймакилердин административдин борбору – Калаи-Науда жайгашкан.

1928-жылы Д.Д.Букинич жетектеген СССР ИАнын орто азиялык этнологиялык экспедициянын кызматкерлеринин тобу тарабынан жашоого ыңгайсыздыктан Афганстандан Түркмен ССРинин аймагына убактылуу которулган аймаки хазарларынын биринен боз үй сатылып алынган. Ал боз үй СССР ИАнын антропология жана этнография музейине №3802 белгиси менен коллекцияланган.

Ал боз үйдүн конструкциясын убагында Э.Г.Гаффербергдин баштан аяк ыраттап жазган илимий эмгегинен пайдаланып тартууламакпыз. Ал боз үй хазарча – ханаи хырга деп аталат.

Ханаи хырга жалпысынан боз үйгө түспөлдөнөт. Бирок андан төмөндөгүдөй олуттуу айырмачылыктар-

ды белгилөөгө болот. Мисалга жогорудагы музейге коллекцияланган хазари хырганын өлчөмдөрүнө да басым коюлган сыпаттаманы кошумчалап тартууласак:

***Каркастык турпаты (жыгачы)***

1. Дубалдык милдеттеги (кереге) эмерек 2 ярустан турат. Демек, биринин үстүнө экинчиси мингизилет. Алар 1 *м*ден ашыгыраак планкалардан эки катталып 7 жеринен кайчылашканга мерчемделип, жайганга, жыйганга ыңгайланып көк менен бириктилип токулат. Жалпысы 4 канаттын ар бири 13 баштан, төмөнкү 2 канатынын жыйганда бийиктиги – 133, эни – 44 *см*. Ушундай эле өлчөмдөр жогорку 2 канатында – 124 жана – 36 *см*. Планкаларынын кеңдиги 2,5–4,0, калыңдыгы 1–1,5 *см*.

2. Куполундагы таягы (уугу) эң башынын бир аз жери ичине, жогорку бөлүгү сыртына ийметелет. Куполдук бөлүгүнүн таягынын жалпы саны – 45, узундугу – 2,3 *м*, алкагындагы көзчөлөрдүн саны – 47.

3. Эң жогорку бөлүгүндөгү алкакча (түндүгү) калыңдыгы 3 кө жакын, кеңдиги 12 *см* төрт кыр тактай үлгүсүндөгү жыгач айлана түрүндө ийметелип, учтары кайытыла бириктирилип жасалган. Диаметри 67 *см*ди түзгөн. Анын үстүнөн бир бүтүн ичке жыгач кагылат. Аны менен алкактын бириккен жерлерине – бири 2, дагы бири 3 чыбыкчадан бооланып, карама каршы багытта кайчылана бекитилет. Анын кайчылашкан конус сымал туу чокусу алкактык тегиздиктен 49 *см* көтөрүлүп, ошол кайчылашылган туу чокусунан 16 *см* ылдыйраак жеринен көк менен муунакталып байланган. Алкакты айланта дубалдын жогорку учтарына байланган таякчанын экинчи учун саюуга кый-

гачталган төрт кыр оюктар жасалат. Бул эмерек жыйынтыкта түндүккө жакындатылган милдет аткарат.

Босого-таяктарынын бийиктиги – 160, туурасы – 97 *см*.




31-сүрөт. Ханаи хырга боз үйүнүн жыгач эмеректери: 1-2 – керегенин төмөнкү бөлүгү; 3-4 – төмөнкү, жогорку керегелеринин капталынан көрүнүшү; 5 – кумпасынын таягы; 6 – босого-таяктары; 7– чокусундагы жасалга. *(Авторунун эмгегинен алынды)*

*Тургузулушу, жабылышы:*

1. Эң чокусун жабуучу эмерек жыгач үлгүсүндөгүсүнө карата, башкача айтканда күндөн, жаандан сактануучу кол чатырдын ортočo бүгүлгөн түспөлүндө даярдалат.

2. Кийиз эшиги баш босогого эки жеринен байланат.

3. Дубалынын сыртына, кумпасына калануучу эмеректер бир нечеге бөлүктөнүп жейрендин чийки терисинен тилинип, камыштан согулат, же кийизден жасалат.

*Байлоочтору:*

Ханаи хырганын ар бир эмеректерин бир бирине байлаштырууда боолор кеңири колдонулат. Дубалы эң сыртынан үч жеринен (жогорку, ортоңку, төмөнкү)

курчалат. Алардын узундуктары – 13 *м*ден ашыгыраак.

*Пайдаланышында*

Эшиктен киргенде эң төрүндө жүктөрү жайгашып, ал аймак улуу муундарына, сыйлуу меймандарына арналат. Калгандары улам-улам ылдыйлатыла жайгашылат. Бирок каптал ыпталар эркектерге, аялдарга арналып энчиленбейт, башкача айтканда эр, эпчи жактарга ажыратылбайт. Түнкү уктоодо кыдырата жайгашылып буттар очокко карай сунулат.

Бакыбат туруучулары ханаи хыргада, кедей-кембагалдары алачык үлгүсүндөгү каппа (мунун айрымдарынын дубалдары ылай менен да шыбалат), жашоосу орточолору чиппари аттуу турак жайларда турушат.

Автор жогорудагы эмгегинде хазари хырганы жасоого керектелүүчү жердиктеринин, эмгек куралдарын, иш процесстерин баяндоодон аттап, даяр эмеректеринин ар бирин кылдат сыпаттап, алардын өлчөмдөрүнө чейин так көрсөтүп жазган. Хазари хырганын жасалышын баяндап жазууга, аны жасоочу өнөркананын Калаи-Нау шаарында гана болгонун жана ага үлгүрө албаганын эскерет.



32-сүрөт. Ханаи хырга боз үйүнүн кийиз жабуулары: 1-каптал жабуусу, 2-үстүнүн арткы жабуусу; 3-эшик жабуусу, 4-чокусундагы жасалганын жабуусу. (*Авторунун эмгегинен алынды.*)

Ханаи хырганын эмеректеринин хазарча аталыштары:

боз үй – ханаи хырга

кереге – канат

уук – хук

уук боо – хук-печ

туурдук – дистаг

үзүк – хузуг

сари-хана (персче: «үйдүн чокусу») – жогору жагындагы алкакча

сархана-пуш – алкакчанын жабуусу (персчеден: пуш, пушидан деген сөздөн – жабуу)

босого таяк – бейду

жер босого – тха-бейду (персче: тха – төмөнку)

баш босого – бола-бейду (персче: бола – жогорку)

боо – нуар (персче: нувор – терме)

кырчоо – нуар-богышпеч







33-сүрөт. Ханаи хырганы тигилүүдөгү жана тигилгенден кийинки көрүнүштөрү.
*(Авторунун антропология жана этнография музейине тапшырылган сүрөттөрүнөн)*

## Жемшид турак жайы

Жемшиддер Афганистандын түндүк-батышындагы Бадгис, Ирандын Хоросанынын түндүк-чыгыш аймактарында жайгашып, кой чарбачылыгы менен алектенишкен. Совет мезгилинде турмуштук оор жагдайлардан Афганистандан айрымдары чектеш Түркмөн аймактарына өтүшкөн.

Жемшиддер мал чарбасы менен алектенүүсүнөн өзүлөрүндө чаппари деп аталган көчмө турак жай кеңири колдонулган. Профессор И.И.Зарубин ал турак жайдагы жашоону "жемшиддер боз үй үлгүсүндөгү алачыктарда (чаппариде) жашайт деп белгилеген.

Чаппаринин өзгөчөлүктөрүн белгилесек:

Дубалы катары кереге колдонулбайт. Аны жерге тикесинен кагылган казыктар алмаштырат. Турак жайды тургузууда иш башы – ал тигилүүчү йорт деп атап коюшкан орун аныкталат. Ал орундун ортосуна борбордук чекит иретинде казык кагылат. Ага карата радиуска барабар жип менен айлана чийилет. Чийилген



34-сүрөт. Жыгач (каркастык) эмеректери: а) казыктардын башына куполдук таяктардын бекитилиши, б) куполунун чогултулгандагы көрүнүшү (*МАЭнин №3801-02 коллекциясы*), в,г) байламтоонун ыкмалары, д) талдан токулган эшик (*МАЭнин №4035-45 коллекциясы*).

айлана боюнча мерчемделген жерлерине чуңкурчалар казылат. Ага казыктар шыкалтыла кагылып, тегереги тапталып бекемделет. Андан соң кумпалык таякчаларынын учтары казыктардын башына жана жогору жагына даярдалган алкакка атайыланган боолор менен бекитилет.

Кумпанын таягынын жоон жагы жогору каратылат. Бекитүүдө учунан бир аз ылдый шакекче түрүндөгү оюкка боо менен байланат. Демек алкакчаны жогору көтөрүү менен жогорку учтар чогуу көтөрүлөт да, аякы учтары дубалдык таякчалардын баштарына ууктун билегине тизгичти өткөргөндөй чалынта бекитилет. Жыйып алууда дубалдык таяктардын башындагы байлоо чечилет да, жогорку баштары чечилбестен чогуу түшөт. Андан соң тыкандап боолап таңып койсо да болот. Сырты туурдук, үзүк иретиндеги жабуулар менен жабууланат. Босого-таяк колдонулбайт. Эшиги эшикке калтырылган орундун жогору жагына туурасынан байланган таякка илинтиле байланат. Эшиктин коюлушу ыңгайына карата ар кандай. Ички аянтты пайдалануу – турак жайдын чакандыгынан бир аз гана ар түрдүүчөрөөк келет. Адаттагыдай бардарларда, кем-



35-сүрөт. Жабуулanышы: а, б, в) арткы, алдыңкы, каптал жаккы жабуулары, г) коозлолгон жүн кырчоо (МАЭнин №№3801-8б, 3801а, 3801 коллекциялары),

багалдарда үйдүн жасалышы, жасалгаланышы байлыктарына карата ар башка.

Айрым эмеректердин жемшиддерде аталыштары:

Туурдук – дистаг
үзүк – намати-хузук
боо – нуар



36-сүрөт. Чаппаринин жалпы көрүнүшү (*МАЭнин №3854-68 фото-сүрөтү*).

## *Карлук турак жайы (боз үйү)*

**Карлуктар** – Сурхан-Дарыянын жогорку агымдарында, Гиссар тоо кыркасынын этектеринде, Яван-Су дарыясынын өрөөндөрүндө, Вахштын оң куймалары Кызыл-Су, Ях-Су бассейиндеринде, андан сырткары, Каршы талаасынын Кашка-Дарыянын, Зеравшандын Каракөл оазисинин этектеринде, Бухаранын четтеринде, Афган Түркстанынын Кукчи дарыясынын бойлорунда жашаган калк. Алардын тегине алигиче так ачыкталбаган ой-пикирлер да бар. Кыскасы, Тажикстандын, Өзбекстандын түштүгүндөгү мал багуу менен алектенген түрк, иран тилдүү жарым көчмөн уруулар жашаган. Демек алар көчмө турак жайга муктаждыгы бар калктан болгон. Тарыхый булактарда алардын турак жайы "карлук боз үйү" деп белгиленет.

***Курулушу.*** Карлук боз үйүнүн турпаты жаа үлгүсүндө ийилген жоондугу 4-5 *см* келген чабакча таяктардан курулат. Ага чабакча жыгачтарды кыйгандан кийин бир бетине ийүү максатында ыңгайыраак дөбөчө

жерге (кырдаалга карата таңгакталып да) таштар менен бастырылат. Таяктардан кыскалык кылгандары болсо, бир бирине улаштырылып байланып узартылат. Ал жаалар калыптанып кургагандан кийин турак жайды тургузуу башталат. Иш башы эки жаа тик бурчтукта каршы-терши кайчылаштырылып, ал жери (эң жогорку уюлдук бөлүгү) бириктирилип байланат. Жаанын учтары жерге сайылат. Андан соң буга карата боолголонула иш уланып калгандары да сайылып, кайчылашкан жерлери адаттагыдай эле атайланган боолор менен байланат. Карама-каршы жаалардын жогорку бөлүгү бир аз иймектелген туура жыгачтар (баргазак деп аталган) менен тордолот. Төмөнкү бөлүк тордолунбайт. Жыйынтыкта үйдүн жогорку бөлүгү тордолгон, төмөнкү бөлүгү тике тургузулган үлгүдө болот. Демек карлук боз үйү дубалга, кумпага бөлүктөнбөй бир гана бүтүндүүлүктөн турат. Жыюууда боолор чечилип, жаатаякчалар ар бирине чейин ажыратылат.

Үйдү тургузуу (тигүү) менен көбүнчө аялдар алектенет. Аялдардын бири тургузулчу үйдүн борборуна отургузулат. Колуна болочок үйдүн радиусуна барабар жиптин бир учу карматылат. Дагы биринен ал жип боюнча үйдү чегин болжолдоп алууга карама-каршы төрт жагына тереңдиги бир карышча төрт казык кагылат. Андан соң айлана боюнча кийинки орунга жогорудагыдай эле тереңдикте казык кагылат жана суурулуп алынуудан оюкча жаралат. Ага жаанын учун бекемдеп орнотуу максатында жибитип тереңдетүүгө, кеңитүүгө суу куюлат.

Жогорудагы жаалардын кайчылашкан жерлери узундугу 15-20 *см* жүндөн даярдалган боо (алачиг боги) менен бантик үлгүсүндө байланат. Алардын саны кайчылануучу жерлердин санына жараша болот. Көлөмдүү

үйлөрдө жогорку бөлүктөрүн байлоо комдолгон төөнүн үстүндө аткарылса, чечүүдө өспүрүм балдар тартылат. Ичинен ар кайсы жеринен бир нечеленген тирөөчтөр менен тирелет. Кирип-чыгууга орун гана энчиленип, босого-таяктар колдонулбайт. Ал орун камыштан токулган токулма же кийиз менен калкаланат.

***Жабууланышы.*** Жабылануусу бир нече сандагы камыштан токулган токулма (ал чоң өлчөмдүүлөрүндө 20-30 даанага чейин жетет) колдонулат. Ага чөп да, айрым учурларда кийиз да аралаштырылат. Жабуулар жиптер менен тегерете кагылган казыктарга байланып бекемделет.

***Пайдаланышы.*** Мурунку кездерде карлук турак жайы кышкысын чоң (айрым учурларда диаметри 15 *м*ге чейин), жайкысын кичирээк өлчөмдө курулган. Кыш мезгилдеринде үй ичи турак жай гана болбостон, сол жагынын бир бөлүгү – мал туруучу (жаш төл, байланган кой, саан уй), ал жагынын дагы бир бөлүгү – ар нерселерди (тоют, отун ж.б.) сактоочу жай катары пайдаланылган. Адамдарга оң ыптасы энчиленген. Алардын ортолору 1,5 *м*че бийиктикте токулган камыш, айрым учурда топурактан дубалдоо менен да бөлүнгөн. Андагы адамдар жашоочу бөлүктүн кире беришине ылай, топурактан супа салынган.



37-сүрөт. Карлуктардын турак жайы. (профессорлор Азаровдун, Бригистин "Овцеводство Таджикстана" М., 1930. китебинен алынган)

Үй жаз келээри менен ажыратылып, жыгачтары, боолору жуулуп, жайлоого (яйлакка) көчүүгө кам көрүлгөн. Ага жыгачтары азайтылып, саналуу гана кийиздер арналган.

### *Евразиянын айрым көчмөн элдеринин турак жайлары*

Евразиянын жогорудагылардан сырткары да көптөгөн көчмөн урууларында боз үй жана боз үй сымал турак жайлар кеңири колдонулган. Алардын ирилеринен кепке тартсак:

– Алтайлыктардын боз үйлөрүнүн кумпасынын бийиктиги дубалынын бийиктигинен эки эсеге чейин чоң. Демек жалпы көрүнүшү – кумпасынын таяктары жогорку алкакка тикерээк сайылышынан шоңшойгон абалда.

– Башкыр, татар, бурят, якут көчмөндөрү конус үлгүсүндөгү чоң алачыктарды, чатырларды колдонгону менен алардын айрымдары боз үй, боз үйгө жакындатылган турактарды да колдонушкан.

– Афганистан, Иран, араб аймактарынын көчмөндөрүнүн (жогоруда сыпатталган хазарлардын, жемшиддердин, карлуктардын сырткары да) чатыр, боз үй сымал келген турактары ар кыл үлгүлөрдө болгон. Алар көптөгөн эмгектерде чагылган.

– Пакистан, Афганстан, Иран өлкөлөрүнүн түндүгүндөгү тоолуу аймактарга көчүп-конуп жүрүүчү белуждардын чатырга үлгүлөш гедан аттагы турак жайына сыпаттама келтирсек: Ага узундугу 10 *м*дей 3 ичке шыптын ортоңкусу эки жагындагыдан бийигирээк келип, баары тең бир биринен 3 *м*дей жерге ор-

нотулган казыктарга бекитилет. Ар биринин аралары "аччаг" деп атап коюшкан 4-5 таяк менен арчындалып байланат. Эки жак башы (алды, арты) болжолу 1,5 *м*дей бийиктикте эңкейтилет. Жабуулоо – ар биринин узундугу 7-9, туурасы 0,8-1,5 *м*дей 4 бөлүк материалдан бириктирип тигилген жабуу менен ишке ашырылат. Бул туракты жайкы ысыкта этегин түрүп койсо болот, ал эми кышкыга арналганы жылууланат. Ал кири деп аталат.

## КЫРГЫЗ БОЗ ҮЙҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Кыргыз боз үйү негизинен бир катар төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ.

*Жаралышы боюнча:* тоо көчмөнүнүн байыркылыгынан турак жайынын да байыркылыгы; тоо көчмөнүнүн жашаган жери жалаң тоолуу жер болгонунан турак жайынын пайдаланууга тоо-ташка да, талаа-түзгө да шайкештиги; таасирдүүлүгүнөн нагыз нукурасында болбосо да, анын орто кылымдарда Монгол, Афганистан, Иран, араб жергелериндеги көчмөн элдердин айрымдарына таралышы ж.б.

*Жасалышы боюнча:* жыгач эмеректери тоо-ташта, ак кар, көк музда да өскөн ийри-муйрусу бар москоол жыгачтардан да маталып даярдалышынан – жашоо-тиричиликке ыңгайлуулугу, пайдалануу мөөнөтүнүн узактыгы, көрктүүлүгү; байымдуулугунан – көптөгөн жипшууларды ашыкча чырмай берүүлөрдөн арылтуу, ичинен тиреөчтөрдү колдонуудан кошумча түйшүктөнүүлөрдү жана аянтты бейчеки тарытууну жаратпоо ж.б.

Ал эми боз үйдүн жасалгаланышынан, жабдылышынан, пайдаланылышынан кеп салууда, ким анда

кайсы жерине олтурат, кандай буюм-тайымдарды кандай тартипте пайдаланат ар кимисинин өз эркине байланыштыгынан ар түрдүүлүк өтө эле арбын.

*Турпатын карматууда, бекемдөөдө:*

Кыргыз боз үйүндө боо-чуулар ченем-чендүү, натыйжалуу колдонулат. Демек, эмеректер бир бирине төптүгүнөн, шайкештигинен оңой курамдалат. Мындан үйдүн жыгачтан турган турпатын (каркасын) бир да боо-чуусуз курапштырып койсо деле болот. Ушулар сыяктуу эле жогорудагылардан сырткары да көзгө көрүнбөгөн көптөгөн уруштуу артыкчылык белгилерди атасак да болот.

Турак жайларга байланышылган кайсы сөздөр кимдики жана кимисинен кимдерге жайылганын чынчынында так кесе тургай боолголоп айтуу да кыйын. Буга, албетте сөзгө алган буюмдун алгачкы пайда болгон мекенине байырлоо туурараак болот.

Тоо көчмөндөрүнүн жыйма турак жайы – турак жайлардын көч башы, жогорку чеги болгонунан майда уруулардын турак жайына таасири тийген да, тийбеген да учурлары болгон дешке болот. Мисалы, аларга дубалын казыктардан тургузууну, ошондой эле үстү-үстүнө коюлган 2 катарлуу (ярустуу) эмеректи, ууктарынын жогорку учтарынын шакекчеге бекитилип байланышы жана башка көптөгөн айырмачылыктарды атасак болот.

Эң соңунда жогоркулардан интеллектти жогорулатып, дүйнө таанымды өстүрүүгө, улам жаңы нерселерге изденүүгө талыкпай ага умтулуудан шедеврлерди жаратууга жагдайлар түзүлмөк. Мына ушуларды пайда кылууга аалам алкагындагы көчмө турак жайлар аларга баалуу булак болмокчу.

Ошентип, жогорудагы тагдырлаш элдердин турак жайларына материалдар жетиштүү болсо да, өтө кыскача баян берилди. Антилсе да алардын конструкцияларынын сыпатталышына кошумчаланган сүрөттөргө да таянып, ар багыттуу узак мезгил кечирген жана кечирип жаткан тарыхый-маданий байланыштардан өз логикасына салынган өзүнө энчилүү маалымат жарала алат да демекчибиз.

# Мазмуну


Киришүү ........................................................ 3
Алгачкы жыйма алачык жана анын өнүгүүлөрү ........................ 9
Жыйма боз үй – тоо көчмөнүнүн турак жайларынын
жогорку үлгүсү ................................................. 20
Боз үй – кыргыз архитектурасынын башаты .......................... 31
Боз үйдүн жасалышынын салттуу ыкмалары ........................... 34
Боз үй эмеректери жана аларды топторго бөлүү ..................... 73
Боз үйдүн тигилиши, жасалгаланышы, пайдаланышы .................. 87
Боз үйдүн жасалышындагы, пайдаланышындагы
илимдик колдонуулар ............................................. 93
Аалам боз үйлөрү ............................................... 101
Казак боз үйү .................................................. 102
Каракалпак боз үйү ............................................. 104
Түркмөн боз үйү ................................................ 106
Монгол боз үйү ................................................. 108
Хазар боз үйү .................................................. 111
Жемшид турак жайы .............................................. 117
Карлук турак жайы (боз үйү) .................................... 119
Евразиянын айрым көчмөн элдеринин турак жайлары ................. 122
Кыргыз боз үйүнүн өзгөчөлүктөрү ................................ 123

*Илимий-популярдуу басылма*

**Мырзабек ЧОКОТЕГИН**

**КЫРГЫЗ БОЗ ҮЙҮ**

*2013-жылдан кийин экинчи басылышы*

Сүрөттөрү Ж. Шаршембиевдин,
И. Чалановдун иш каталогунан алынды.

Редактору
Корректору
Тексти терген Чокотегин М.
Техн.редактору *Терибаева Р.*

Басууга 31.03.2019-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^{1}/_{16}$.
Көлөмү 8,0 б.т. Нускасы 250.

ЖЧК БПК «Максат»
Бишкек ш., Жаш Гвардия бульвары, 27
0779 23 26 27

